**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ**
**КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Кол жазма укугунда**

**БАТИРОВ АЗИЗБЕК РУЗИБАЕВИЧ**

# МЕКТЕП ОКУУЧУЛАРЫН ФОЛЬКЛОРДУК ЧЫГАРМАЛАРДЫН НЕГИЗИНДЕ ПАТРИОТТУУЛУККА ТАРБИЯЛООНУН ПЕДАГОГИКАЛЫК ШАРТТАРЫ

13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы

Педагогика илимдеринин кандидаты
окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган
**ДИССЕРТАЦИЯ**

**Илимий жетекчи:**
педагогика илимдеринин доктору,
профессор Калдыбаева А. Т.

**Бишкек – 2024**

**МАЗМУНУ**

**КИРИШҮҮ**.......................................................**3**

**I БАП. ПАТРИОТТУК ТАРБИЯЛОО ЖАНА УЛУТТУК ФОЛЬКЛОРДУН ТАРБИЯЛЫК ФУНКЦИЯСЫ ТУУРАЛУУ ИЛИМИЙ КӨЗ КАРАШТАРДЫН ТЕОРИЯЛЫК-МЕТОДОЛОГИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ**

1.1. "Патриот", "Патриоттуулук", "Патриоттук тарбиялоо" түшүнүктөрүнүн теориялык анализи.........................................11

1.2. Фольклордук чыгармалардын мектеп окуучуларын патриоттуулукка тарбиялоонун булагы жана каражаты катары изилденишине обзор жана изилдөөнүн методологиялык таянычтары...................................**23**

1.3. Ааламдашуу доорунда фольклордук мурастарды окуучуларды патриоттук тарбиялоо процессинде пайдалануунун зарылдыгы жана анын педагогикалык функциясы...................................**38**

**Биринчи бап боюнча тыянак**........................................ **46**

**II БАП. ИЗИЛДӨӨНҮН МАТЕРИАЛДАРЫ ЖАНА МЕТОДДОРУ**

2.1. Изилдөөнүн материалдары...................................**48**

2.2. Изилдөөнүн методдору...................................**60**

2.3. Кыргыз элдик оозеки чыгармаларында патриоттуулукка тарбиялоо идеялары жана тажрыйбалары...................................**71**

2.4. Кыргыз элдик оозеки чыгармалары аркылуу окуучуларды патриоттуулукка тарбиялоо процессинин модели жана аны ишке ашыруунун педагогикалык шарттары................................... **80**

2.5. Фольклордук чыгармалар аркылуу окуучуларды патриоттуулукка тарбиялоо ишмердүүлүгүн жүргүзүүнүн методдору...................**95**

**Экинчи бап боюнча тыянак**........................................ **108**

**III БАП. ФОЛЬКЛОРДУК МУРАСТАР АРКЫЛУУ МЕКТЕП ОКУУЧУЛАРЫН ПАТРИОТТУК ТАРБИЯЛОО БОЮНЧА ЭКСПЕРИМЕНТТИН УЮШТУРУЛУШУ ЖАНА ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ**

3.1. Эксперименталдык иштердин уюштурулушу...................................**111**

3.2. Эксперименталдык иштердин жыйынтыктары...................................**130**

**Үчүнчү бап боюнча тыянак**...................................**135**

**КОРУТУНДУ**................................... **137**

**ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР**...................................**139**

**КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ**...................................**140**

**ТИРКЕМЕ**

# КИРИШҮҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Адамзаттын бүгүнкү XXI кылымдагы өнүгүшү бир жагынан ааламдашуу процессинин ыкчамдашы менен маданияттардын интеграцияланышын шарттаса, экинчи жагынан улуттук баалуулуктардын өзгөрүп, жалпы цивилизациянын бири-бирине тийгизген таасиринин күчөшүн шарттады. Мунун өзү планетада тилдик, регионалдык, диндик, экономикалык, адеп-ахлактык, маданий ж.б. баалуулуктардын тымызын атаандашын жаратып, алардын карама-каршылыгын көрсөттү. Байыртадан келе жаткан баалуулуктардын критерийлери жана сапаттары өзгөрдү, буга адамдын компьютердик технологияларга тез көнүгүп баратышы, жаштардын бир эле учурда бир нече тилди өздөштүрүүсү, анын ичинде англис, кытай, орус тилдеринин жанаша жашаган элдерге активдүү таасири, коммуникациялык чөйрөдө бирге кызматташуу ж.б. факторлор таасир этти. Мына ушундай чиленишкен жана татаал дүйнөдө ар бир улут, эл, инсан өзүнүн нукура жүзүн, байыртадан келе жаткан салттуу баалуулуктарын сактай билиши керек, ансыз алар тарыхтын агымынан сүрүлүп, ааламдашуунун агымына кирген бойдон кайра чыкпай калат. Бул процессте Кыргыз Республикасында да билим берүү, маданият, бизнес, саламаттыкты сактоо, экология, экономика ж.б. тармактарда чоң өзгөрүүлөр болуп жатканды түшүнүктүү. Өлкөнүн маданият жана билим берүү, илим чөйрөсү ааламдашуу процессиндеги өзгөрүүлөргө адаптациялашкан гана эмес, улуттук баалуулуктарын массалык маданияттын терс таасирине каршы коё алган адистерди даярдоосу – замандын актуалдуу проблемаларынын бири. Жаңы доордун адиси ички руханий дүйнөсү бай, улуттук баалуулуктарды түшүнгөн жана сыйлаган, өз элинин этникалык маданиятын, тарыхый эс-тутумун, салттуу тарбия жөрөлгөлөрүн өнүктүрүүгө салым кошкон адам болууга тийиш.

Кыргыз Республикасынын Президентинин “Кыргызстан элинин тарыхый жана маданий мурастарын окуп-үйрөнүүнү тереңдетүү жана атуулдук мекенчилдикти калыптандыруу боюнча чаралар жөнүндөгү” токтому (2012), “Кыргыз Республикасындагы жарандык-мекенчилдик тарбия жөнүндө” Кыргыз

Республикасынын мыйзамы (2014), “Манас” эпосу жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамы (2010), “Кыргыз Республикасынын жарандарын, жаш муундарын рухий-адептик, патриоттук жактан тарбиялоо концепциясы” (2010), “Манасты” мектептерде жана жогорку окуу жайларында окутуунун концепциясы” (2012), Кыргыз Республикасынын Президентинин “Манас” жана Чыңгыз Айтматов улуттук академиясын түзүү” тууралуу токтому (2019), Кыргыз Республикасынын Президентинин “Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы” (2021), “Улуттук нарк жөнүндө” (2022) жарлыктары азыркы күндө жаштарды элибиздин руханий мурастары менен билим жана тарбия берүүнүн зарылдыгын жана мүмкүнчүлүгүн көрсөттү.

Кыргыз Республикасынын Президенти С. Н. Жапаровдун “Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы” жөнүндөгү жарлыгында (2021) “Дүйнөнүн дээрлик бардык өлкөлөрүн каптаган кризис өндүрүштүк мамилелердин түзүлгөн ыкмасы, тынымсыз керектөөчүлүк жарыш, жаратылыш ресурстарын сарамжалсыз пайдалануу, анын натыйжасы катары саясий системанын, экономикалык мамилелердин кризиси жана адамдардын жүрүш-турушундагы руханий, адеп-ахлактык башаттын төмөндөшү менен байланышкан руханий чөйрөнүн үстүнөн материалдык мамилелердин артыкчылыгы дүйнөдөгү, анын ичиндеги Кыргызстандагы системалуу кризистин башталышы жана себеби болуп калды”, – деп айтылат [166]. Мына ушул системалуу кризистен чыгуунун илимий жана практикалык концепцияларын эң биринчи кезекте билим берүү жана маданият тармагы сунуш кылышы керек. Ал кризистин башатында азыркы жаштарды патриоттук тарбиялоонун жетишсиздиги, балдардын өз Ата Журтун сүйүү сезимдеринин бошоңдугу турат. Ушундай шартта кыргыз элинин байыркы убактан бери турмуштук тажрыйбада сынактан өтүп калыптанган этникалык педагогикабыздагы улуттук фольклордун ордун, алардын идеяларын окутуу жана тарбиялоо процессинде колдонуунун, өркүндөтүүнүн, бул процессти этнопедагогизациялоонун илимий-методикалык мүмкүнчүлүктөрүн иштеп чыгуу жана практикага сунуштоо бүгүнкү күнү улуттук педагогика илими үчүн

өзгөчө актуалдуу болуп эсептелет. Себеби, уруунун улут жана эл болуп калыптануусунда ошол уруунун, улуттун, элдин оозеки чыгармачылыгы өзгөчө орун ээлеп келген. Классикалык аныктамаларга салып айтканда “эң биринчи сөз болгон”, ошол сөз оозеки адабиятты жараткан, ал эми оозеки адабият элдин үмүт-тилегин, сарсанаасын, үрп-адатын, жашоо-тиричилигин ар түрдүү учурларда, доорлордо таамай чагылдырып берген руханий каражат болгон.

Элдик фольклордук мурастардын идеяларын балдарды тарбиялоо ишмердүүлүгүндө пайдалануунун мүмкүнчүлүктөрү тууралуу теориялык жана практикалык ойлор Я. А. Коменский, И. Г. Песталоцци, Ж. Ж. Руссо, К. Д. Ушинский, Л. Н. Толстой, А. С. Макаренко, В. А. Сухомлинский, Ш. А. Амонашвили, Г. Н. Волков ж.б. классик педагогдордун эмгектеринде жана тажрыйбаларында ар тараптуу көрсөтүлгөн.

Кыргыз оозеки көркөм чыгармачылыгынын педагогикалык баалуулугу Б. А. Апышев, А. А. Алимбеков, С. О. Байгазиев, Ж. Б. Бешимов, А. Э. Измайлов, Б. С. Исаков, Н. И. Имаева, А. Ж. Муратов, А. Т. Калдыбаева, Ж. И. Койчуманов, М. К. Колдошов, М. Р. Рахимова, С. К. Рысбаев, А. Жаныгулов ж.б. педагог окумуштуулар, А. А. Акматалиев, К. А. Артыкбаев, С. Б. Байхожоев, М. Б. Борбугулов, К. Д. Даутов, П. И. Ирисов, С. З. Закиров, С. Ж. Жигитов, Р. З. Кыдырбаева, О. С. Сооронов, Г. Ж. Орозова, Т. Т. Танаев, Ж. Т. Таштемиров, С. А. Тиллебаев, А. Э. Эркебаев ж.б. адабият теоретиктери жана сынчылар тарабынан изилденген.

Ал эми улуттук фольклордун ичинен “Манас” эпосундагы педагогикалык ойлор жана тажрыйбалар Г. Н. Волковдун “Письма о Манасе” (1971) аттуу макаласында, Т. Ормоновдун “Педагогические воззрения древних киргизов в эпосе “Манас” (1972), Г. А. Абдымомунованын “Манас” эпосунун негизинде жаштарды атуулдукка тарбиялоо (2009), Ф. Т. Баитованын “Манас” эпосу аркылуу болочок мугалимдерди этнопедагогикалык жактан даярдоо” (2016), Ж. Т. Каденованын “Манас” эпосунда бала Манастын инсан, патриот катары калыптанышында элдик тарбия салттарынын ролу (2018) деген темадагы диссертацияларында изилдеген. “Манас” эпосун окутуу проблемасы боюнча Д.

Т. Саалиеванын “Мектепте “Манас” эпосун үйрөтүүнүн методикасы” (1995), Б. К. Оторбаевдин “Семетей” жана “Сейтек” эпосторун окутуунун мазмуну жана методу” (1995), Н. И. Тахированын “Манас таануу” курсун колледждерде окутууну этнопедагогикалык негизде өркүндөтүү” (2019) деген темалардагы кандидаттык жана А. З. Зулпуевдин “Жогорку окуу жайларында “Манас таануу” курсун окутуунун илимий-методикалык негиздери” (2022) деген темадагы докторлук диссертациялары жазылган. Эпостун элдик педагогикалык маданияттагы орду С. Байгазиевдин (2012; 2013; 2014; 2015; 2016; 2017; 2021), К. Калчакеевдин (1992), А. Ж. Муратовдун (2011; 2015; 2016; 2017) эмгектеринде чагылдырылган. “Кыргыз орто мектептеринде фольклорду окутуунун методикасы (V-VI класстардын мисалында)” деген темада А. Ж. Шералиеванын кандидаттык диссертациясы корголгон [298].

Кыргыз элинин дидактикалык чыгармалары, анын ичинде макал-ылакаптары, табышмактары, элдик тамсилдери, жаңылмачтары элдик педагогикалык булак катары “этнопедагогикалык афористика” багытында бир катар изилдөөчүлөрдүн (С. И. Иптаров, Ж. И. Койчуманов, Ж. М. Мукамбаев, М. И. Ибраимов, К. А. Исаков, С. З. Закиров, Г. М. Тажиева, Т. Т. Танаев, Ж. Т. Төлөев, Ж. Ж. Тургунбаева, Ш. У. Усупбеков, С. Ш. Шамбаев, З. Б. Цаллагова ж.б.) эмгектеринде орун алган.

Жогорудагы эмгектерде кыргыз фольклорундагы таалим-тарбиялык идеялар, оозеки чыгармачылыктын таанып билүүчүлүк жана тарбия берүүчүлүк функциялары жалпысынан ачып көрсөтүлгөнү менен бул кубулушту азыркы замандын татаал жана чалкеш контексттинде педагогикалык аспектиден патриоттук тарбияга байланыштуу чагылдыруу аспектиси системага салынып, атайын максатта изилденген эмес.

Улуттук фольклордук мурастардын абдан ар тараптуу жана бай казынасын азыркы ааламдашуу доорунда жаштарды тарбиялоого колдонуунун практикалык баалуулугу жана колдонууга карата муктаждыктардын болсо да, ал руханий баалуулуктарды максатка ылайыктап, оптималдуу пайдалануу боюнча мугалимдердин жана тарбиячылардын педагогикалык билимдеринин

жана этнопедагогикалык маданиятты өздөштүрүү деңгээлинин жетишсиздигинин ортосунда объективдүү **карама-каршылыктар** орун алган.

Мына ушул негизги карама-каршылык кыргыз фольклорунун жаштарды патриоттукка тарбиялоо идеялары жана тажрыйбалары, алардын азыркы учурдагы чоң мүмкүнчүлүктөрү жана ушул баалуу материалдарды практикада пайдалануунун педагогикалык шарттарын иштеп чыгуу биздин иштин **проблемасын** аныктап, "Мектеп окуучуларын фольклордук чыгармалардын негизинде патриоттуулукка тарбиялоонун педагогикалык шарттары" деген темада изилдөө жүргүзүүгө түрткү берди.

**Диссертациянын темасынын артыкчылыктуу илимий багыттар, ири илимий программалар (долбоорлор), билим берүү жана илим мекемелери жүргүзгөн негизги изилдөө иштери менен байланышы.** Диссертациянын темасы И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин педагогика кафедрасынын 2017-2023-жылдардагы илим-изилдөө иштеринин тематикалык планы менен байланыштуу.

**Изилдөөнүн максаты:** мектеп окуучуларын фольклордук чыгармалардын негизинде патриоттуулукка тарбиялоонун педагогикалык шарттарын, моделин иштеп чыгуу жана эксперимент аркылуу тешерүү.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

1. Фольклордук чыгармалардын элдик педагогикалык баалуулук экендигин, алардын азыркы ааламдашуу доорундагы таалим-тарбиялык функциясын аныктоону тереңдетүү жана теманын изилденишине, методологиялык таянычтарына обзор берүү.

2. Патриоттук тарбиялоодо кыргыз элинин фольклордук мурастарыынын зарылдыгын жана мүмкүнчүлүгүн аныктоо.

3. Мектеп окуучуларын фольклордук чыгармалардын негизинде патриоттуулукка тарбиялоонун педагогикалык шарттарын, моделин иштеп чыгуу жана эксперимент аркылуу тешерүү.

**Алынган натыйжалардын илимий жаңылыгы:**

– фольклордук чыгармалардын элдик педагогикалык баалуулук катары өзгөчөлүктөрү конкреттештирилди;

– фольклордук чыгармалардагы патриоттук тарбиялоо идеялары аныкталды жана алардын бүгүнкү күн үчүн керектүү делген базасы түзүлдү;

– кыргыз элинин оозеки көркөм мурастары аркылуу мектеп окуучуларын патриоттуулукка тарбиялоонун ыкмалары, принциптери жана жолдору, б.а., жалпы модели жана шарттары иштелип чыгылды;

– иштелип чыккан моделдин жана педагогикалык шарттардын, технологиялардын бүгүнкү мектеп практикасы үчүн жарамдуулугу педагогикалык тажрыйба аркылуу сынактан өткөрүлдү.

**Алынган натыйжалардын практикалык мааниси:** биздин эмгек окуучуларды кыргыз фольклорунун негизинде патриоттуулукка тарбиялоонун теориялык жана практикалык жолдорун көрсөтүп берет, аларды мугалимдер жана тарбиячылар өз ишмердүүлүгүндө колдоно алат. Ошондой эле изилдөөнүн негизги материалдары жана сунуштары университеттердин педагогикалык багыттагы факультеттеринде болочок мугалимдерди даярдоодо окуу программасын, окуу китептерин, методикалык колдонмолорду өркүндөтүп иштөөдө, мугалимдердин адистигин жогорулатуу ишмердүүлүктөрүндө пайдаланышы мүмкүн.

**Диссертациянын коргоого алынып чыгуучу негизги жоболору:**

1. Фольклор бардык элдерде болгондой эле кыргыздарда да улуттук педагогикалык идеялардын, салттуу тарбиялык маданияттын булагы жана тарбия берүүнүн каражаты болуп келген. Андай чыгармаларга элдин турмуштук тажрыйбасы, жамандык-жакшылык, ак ниеттик-кара өзгөйлүк тууралуу этикалык концепциясы сиңдирилген. Оозеки чыгармачылык атадан – балага, муундан – муунга, бир доордон – экинчи доорго таалим-тарбиялык идеяларды улам жаңылап, тазалап, практикалык жактан колдонууга ыңгайлаштырып өткөрүп турган динамикалык, эволюциялык процесс болгон. Фольклор аркылуу адамдар өздөрүнүн моралдык облигин көргөн, андагы

каармандардан өрнөк алган, эстетикалык табитин, тил байлыктарын, руханий маданиятын өнүктүрүп-өстүргөн.

2. Кыргыз элинин оозеки көркөм сөз мурастары жаштарды гармониялуу тарбиялоо менен анын ичинде патриоттук тарбиялоого өзгөчө маани берип, бул идеяларда кылымдар бою колдонулуп келген салттуу педагогикалык билимдерге жана тажрыйбаларга таянган. Кыргыз фольклорунун мурастары аркылуу азыркы окуучуларды патриоттуулукка тарбиялоо ишмердүүлүгү ал процесстин максат-милдеттерине, мазмунуна, принциптерине, технологияларына байланыштуу ишке ашырылат.

3. Улуттук фольклордук мурастар аркылуу азыркы окуучуларды патриоттуулукка тарбиялоо боюнча изилдөөбүздүн теориялык негиздерин педагогикалык тажрыйбада сынактан өткөрүү биздин сунуштардын практикада пайдаланууга туура келишин көрсөтөт.

**Изденүүчүнүн жекече салымы.** Диссертациядагы теориялык жоболор, практикалык сунуштар, эмгектин негизинде жазылган илимий макалалар изденүүчү тарабынан жеке иштелип чыккан жана тажрыйбалар жеке өзүнүн иш-аракеттери менен жүргүзүлгөн.

**Изилдөөнүн эксперименталдык базалары.** Ош облусунун Кара-Суу шаарындагы В. И. Ленин атындагы №66 орто мектеби, Ош облусунун Кара-Суу шаарындагы Балдар чыгармачылык борбору, Ош шаарындагы “Жетиген” мектеп-лицейи, Бишкек шаарындагы №93 жалпы орто билим берүү мектеби, Бишкек шаарындагы №40 жалпы орто билим берүү мектеби, Бишкек шаарындагы Балдар чыгармачылык борбору.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын апробацияланышы:** Изилдөөнүн негизги идеялары, натыйжалары илимий-практикалык конференцияларда жана И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин педагогика кафедрасынын отурумдарында, тажрыйба жүргүзүлгөн мектептердин методкеңештеринде, диссертациялык кеңештин алдын ала коргоо жыйынында талкууланды.

**Диссертациянын натыйжаларынын жарыяланышынын толуктугу.** Изилдөөнүн негизги жыйынтыктары 9 макалада, анын ичинен 4 макала РИНЦ системасында жарыяланган.

**Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү.** Диссертациялык иш изилдөөнүн илимий негизин камтыган киришүүдөн, үч баптан жана алардан келип чыккан тыянактардан, жалпы корутундудан жана практикалык сунуштардан, колдонулган адабияттардын тизмесинен (306), таблицалардан (18), сүрөттөрдөн (5) турат. Жалпы көлөмү – 165 бет.

# I БАП. ПАТРИОТТУК ТАРБИЯЛОО ЖАНА УЛУТТУК ФОЛЬКЛОРДУН ТАРБИЯЛЫК ФУНКЦИЯСЫ ТУУРАЛУУ ИЛИМИЙ КӨЗ КАРАШТАРДЫН ТЕОРИЯЛЫК-МЕТОДОЛОГИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ

## 1.1. “Патриот”, “Патриоттуулук”, “Патриоттук тарбиялоо” түшүнүктөрүнүн теориялык анализи

Бул түшүнүктөрдүн лексикалык-семантикалык мааниси, философиялык, педагогикалык, лингвистикалык сөздүктөрдө чечмеленеши боюнча маалыматтар биздин изилдөөгө негиз болушу үчүн жетишерлик эле иштелип чыккан.

***“Патриот”*** **–** бул адамдын сапаты менен байланышкан, адамдарга гана таандык сапат. Жөнөкөй сөз менен айтканда өз элин, өз жерин сүйүү, ошол эл-жери үчүн кызмат кылууга даяр турган адам. Грек тилинен которгондо “мекендеш”, “мекен”, “ата журт”, “туулган жер” дегендей түшүнүктөр менен байланышат. Андай адамдар өз элинин, жеринин тарыхын, салттарын, этнографиясын, инсандарын жогору баалайт, аларды негизсиз тануучу каршы турат. Бул социалдык сезим жана саясый принцип.

Орус тилиндеги айрым түшүндүрмө сөздүктөрдөн которуп берели:

Патриот (грек. *patriotes* – жердеш) – өз элине берилген, өз жерин сүйгөн, ошол эл-жери үчүн өзүн курман кылууга жана эрдик жасоого барган киши *(Ушаковдун түшүндүрмө сөздүгү)*.

Патриот – патриоттуулук менен сугарылган киши, кандайдыр бир ишке берилип калган адам, мисалы, өз заводунун патриоту *(Ожеговдун түшүндүрмө сөздүгү)*.

Патриот – өз Ата Журтун сүйүп, эли-жерине берилгендик *(Малый академический словарь)*.

Патриот – Петр доорунан орус тилине кабыл алынган сөз (лат. *patriota*, уңгусу *patria* – “отечество, родина” *(Шанскийдин этимологиялык сөздүгү)* ж.б. [237].

Демек, патриот айрым бир инсандарга гана таандык сапат. Ал адам ар дайым өз жерин көргүсү келип, ошол Ата Журтунун өсүшү үчүн кам көрүп турат, ал башка өлкөгө чыгып кетсе да, анын бир тамыры туулган жеринде калат.

Патриоттун тескерисинче, космополит – өз идеясы боюнча бир элдин, бир жердин адамы эмеспиз, биз жалпы адамзаттын, бүт дүйнөнүн адамдарыбыз дегендер.

Кыргыз фольклорундагы эпикалык каармандар өз жерин душмандандан коргоп турат, эгер алар басып алган болсо – кандай кыйынчылыктар менен болсо да бошотуп чыгат. Алсак, "Манас" эпосунда Алооке кан кыргыздар ээлик кылган жерлерди каратып алып, Анжиянда өз ордосун куруп алганда Манас баатыр кол курап, аёосуз согуштарды жүргүзүп акыры аны айдап чыгып, ал жерге өз бийлигин орнотот. Бул анын патриот катары эл алдына милдетин аткарышы. Патриот адам ошол сезимдерин ар түрдүү факторлор менен калыптайт, мисалы, ага туулган жеринин жаратылышы өзгөчө таасир этет, ата-энеси, тууган-уругу, аксакалдар мындай сапаттарга ээ болууну үйрөтөт, элдик насааттар, фольклордук чыгармалар патриотторду тарбиялайт.

***"Патриоттуулук"*** – бул "патриот" деген сөздөн келип чыгат. Орусчасы – патриотизм. Патриоттуулук тууралуу түшүнүктүн тамыры тереңге кетет. Байыркы грек ойчулу Платон Мекен деген түшүнүк Ата жана Эне деген түшүнүктөн да баалуу деген. Макиавелли, Крижанич, Руссо, Фихте бул түшүнүккө баа берген. Ал эми "патриот" деген термин 1789-жылдагы Улуу Француз революциясынан соң ошол төңкөрүшчүлөргө карата кеңири колдонула баштады. Орус императору Петр I патриоттуулук улуу күч экендигин белгилеп, орус адамынын алдына "Бог, Царь жана Отечество" деген ураан таштаган. Аскерлердин патриоттук сезимдерин көтөрүү үчүн жүрүш-туруш нормаларын ишке киргизген, француз тилине артыкчылык берип келген айрым аристократтарды орус тилинде сүйлөөгө, жазууга мажбурлаган. XIX кылымда орус педагогикасы мектептер үчүн "Отчизноведение" жана "Отечествоведение" деген предметтерди окутууга сунуш кылган.

Патриот – адамдардын сезими. Патриоттор өз эл-жеринин жетишкендиктерине ар дайым сыймыктанып, эли колдонгон тилдин, салттарынын пайдаланышына ыраазы болуп турат. Мисалы, алыскы чет өлкөдө жүргөндө көчөдөн ак калпакчан кыргыздарды көрүп калсаң, патриоттук сезимиң козголуп, аларга жакын барасың, өз тилиңде учурашасың. Мына ушул сезим сенин патриоттуулугуңду айгинелейт. Эгер ошол учурда аларга кайдыгыр гана карап койсоң анда – космополитсиң. Патриоттуулукка карама-каршы түшүнүк – космополиттик (космополитизм). Мындан башка да патриоттуулукка туура келбеген “нигилизм” (баарын, ошонун ичинде патриоттулукту да танып, жокко чыгаруучулук), “квастык-патриоттуулук” (жалган патриоттуулук, мисалы, бизде кыргыздын улуттук баалуулуктарын негизсиз эле көкөлөтүп мактай берсе, аны “жарма патриот” деп, орустар “квастык патриот” деп аташат) деген түшүнүктөр бар.

Патриоттуулук сезими – бул жалаң эле сезим (эмоция), куру кыйкырык, “ураанчыл” аракет эмес, ал – идея, идеялардын биримдиги, иш-аракет, бир нерсе аткарууга жетишүү. Патриоттуулук кылымдар бою бир топ муундардын, миллиондогон жарандардын кызыкчылыгынын биримдигинен түзүлгөн. Патроттуулук жалган, же жасалма болбошу керек, анын артында реалдуу адамдардын жашоо образы турат.

“Патриоттуулук” же “патриотизм” С. И. Ожеговдун түшүндүрмө сөздүгүндө “өз мекенин жана өз элин сүйүү жана ага берилгендик катары” түшүндүрүлөт [226, 874-б.].

Патриоттуулук төмөнкүдөй сезимдерден көрүнөт:

*Адамдын өз туулган же бала чагында өскөн жерине тартылуусу, берилүүсү.* Кыргыздарда “Туулган жердин топурагы алтын” деген сөз бар. Согуштарда жоокерлер алыс жакта жоо колунан каза болгондо да, анын сөөгүн атка артып, туулган жерине алып келип, ата-бабасы коюлган көрүстөнгө коюшкан. Жолго чыкканда, же уруштарда бupарда ар бир адам туулган жеринен бир ууч топурак алып, ошону жанына салып жүргөн, кокус алыс жакта

мерт болсо, анын сөөгүн алып келүүгө шарт болбой калса, анын ошол жанындагы топурагын мүрзөсүнө сээп, анан көмүшкөн ж.б.

*Өз элинин тилине, көркөм өнөрүнө, салттарына, үрп-адаттарына сый мамиле кылуусу.* Кыргыздар көп уруудан турган калк, ар түрдүү говорлордо, диалектилерде сүйлөшөт, ар жердин өзүнүн салттарында (тойлордо, сөөк көмүүдө, кыз чыгарууда, мал багууда, ыр-бийлеринде, устукан тартууда ж.б.) өзгөчөлүктөр болот, кийинки муун айылындагы, элиндеги ошол өзгөчөлүктөрдү эске алып иш жүргүзгөн, башка жерлерден баргандар да жергиликтүү элдин салттарын сыйлаган, өз айлынын эрежелерин башка жерлерге таңуулаган эмес.

*Эл-жеринин өнүгүүсү үчүн жана бүтүндүгү үчүн кам көрүүсү.* Биздин элде “бир укум жер”, “бир карыш жер”, “атадан калган аймак”, “биздин жайыт”, “атамдын конушу”, “киндик каны тамган жер” ж.б. д. у. с. түшүнүктөр бар. Элдик оозеки чыгармачылыкта бул түшүнүктөр тууралуу идеялар ар тараптуу чагылдырылып келген. Ата-бабалары мекендеп келген жерди алар урпактарына толук өткөрүп берген, же болбосо душманга айрым жерлерин алдырып койгон болсо, ошол жер биздин жер болчу, ошону кайрып алышыңар керек деп балдарына керээз катары калтырган. Мындай насаат сөздөр ар бир ата-бала, уруу-урук үчүн кыйшаюсуз аткарылуучу милдет болуп эсептелген.

*Ата журтунун алдында өзүнүн милдетин, парызын түшүнүүсү.* “Манас” эпосунда он эки жашка чыккан Манас өз жери Ала-Тоо экендигин билет, Ат-Башынын Печ-Дөбө деген жерине келгенде ошол жерди эч кимге алдырбай коруп жүргөн Кошой али баралына келе элек балага өз жери тууралуу айтып берет.

Көчүп келип сен Манас,

Мекен кылгын Таласты.

Кудайдан сурап жүргөнбүз,

Жакыптын уулу Манасты, – деп кыргыздардын канча бир жылдар бою тилек-ою ушул Манас сыяктуу баланын төрөлүшү, ошол баланын Ата журтун душмандан азат кылышы зарыл экендигин кулагына куюп жатат. Эми анын

милдети элинин “өчкөн отун тамызып”, “өлгөн жанын тиргизип”, “үзүлгөнүн улап”, “чачылганын жыйноо” экендигинде. Кыргыздар чачылып-тозуп бири кеткен Каңгайга, бири кеткен Самарканга, бири кеткен Алтайга, бири калган Ташкенде, бири калган Анжиянда, дагы бири Сары-Колдо, дагы бирлери манжу менен калмакка сиңип бараткан. Ошолорду бүтүн мамлекет кылуу идеясын Манас өз мойнуна алат, “кулаалы жыйып куш кылат, курама жыйып журт кылат”. Аны үчүн өлүмгө башын байлайт, колуна кылычы менен найзасын алат [196, 200-б.].

Ата Журттун алдындагы милдетин түшүнүү кыргыз баатырдык эпосторунун башкы каармандарынын (Манас, Семетей, Сейтек, Курманбек, Эр Табылды, Жаныш, Байыш, Эр Солтоной ж.б.) негизги идеалдары, баатырдык күрөштөрүнүн негизи максаты болгон. Кыргыз тарыхынын эң трагедиялуу учуру Ала-Тоо, Ысык-Көл, Нарын, Чүй, Талас аймагына калмактардын басып кириши. 1643-жылы Эрдени Батур коңтайшынын 50 миң колу уруш ачып киргенде казак султаны Жаңгир менен Самарканд акими Жалаңтөш баатыр биригип бир кыйла жыл согушуп турат. Аларга каршы 1658-жылы 38 миң аскер менен өзбек ханы Абдышүкүр Таластын Кулан-Жылан деген жеринде уруш ачат. Жуңгар-ойрот мамлекетинде бийлик башына 1670-жылы Коңтайшы Галдан Бошок келет да, ал абдан күчтүү кол курап, азыркы Борбор Азиянын дээрлик көп жерин ээлеп алат. Жуңгар хандыгы Цеван Рабдан (1697-1727-жылдарда) жана Галдан Церен (1727-1745-жылдарда) деген өкүмдарлардын тушунда баскынчылык саясатын күчөткөн. 1727-жылы 60 миң баскынчы кыргыз, казак, өзбек элине кордук көрсөтөт, ошол күндөн ушул күн кыргыз фольклорунда “Казак кайың сааганда, кыргыз Ысар, Көлөп киргенде” деген сөз айтылып калат. Демек, ачкачылык, өз жеринен айдалуу элдин патриоттук сезимдерин күчөткөн. Ошондой күчүү аскерлерге каршы 1747-жылы Акмат бий он миң колу менен Кашкарды ээлеген калмактарды талкалаганы, 1748-1749-жылдарда Зайсан Доржи, Лама Доржи жетектеген 27 миң жуңгар колун кашкарлык кыргыздар жеңип алганы тарыхый булактарда жазылып калган. Ошол баскынчы элди түрк тилдүү тайпалар мусулман эместер, б.а. “калмактар”

дешкен, кытайлар "элюттар" десе, өздөрү өздөрүн "ойроттор" деп, жалпысы Жуңгар хандыгын түзгөн. Мына ушул эки жүз жылдан ашык убакытка созулган кыргыздардын Ата журтун азаттыкка чыгаруу күрөшү элдик дастандарда ("Курманбек", "Эр Табылды", "Жаныш, Байыш", "Эр Солтоной" ж.б.), санжыраларда (Сайф ад-Дин Аксикенди "Мажму ат-Таварих", Тоголок Молдо, Талип Молдо, А. Тыныбеков, Бала Айылчы, Б. Солтонов, О. Сыдыков, Үсөйүн ажы, С. Аттокуров, С. Закиров, Т. Султанов ж.б.) кеңири чагылдырылган. Элдик эпостордун каармандары гана эмес, Маматкул, Тынай, Жанболот, Качыке, Кошой, Нышаа, Каработо, Бердике, Туубий ж.б. тарыхый инсандар тууралуу да баяндар айтылып, ошол оозеки баяндар, санжыралар да балдарды патироттук тарбиялоого кызмат кылган.

*Өз Мекенине, элине сыймыктануусу, мактануусу.* Кыргыз фольклорунда "кырк чоро" деген түшүнүк бар, ошол кырк чоро – кырк уруунун өкүлдөрү, алар өз урууларынын эң тандалма жоокерлери, акылы да, күчү да ашып-ташкан жигиттери, аларды бир уруу эл, ошол уруунун аксакалдары шайлап жөнөткөн. Кырк жигит өз-өзүнчө эн тамганы (уруунун символун), уруунун туусун алып жүрүүчүлөр болгон, ошол эле кезде уруунун намысы, абийири да ошолорго жүктөлгөн. "Кырк кыз" түшүнүгү да ушундай. Жакып кан баласы Манаска аял алып берүү үчүн Каныкейдин калыңын чогултканда малды тандап туруп, ар уруудан алып, куда болуп бара турган сыйлуу конокторду да ар уруудан алат. Мында уруу аксакалдары өз уруусунун намысы үчүн кудага бара тургандарды да, калыңга төлөнүүчү малдарды да миң электен өткөрүп андан кийин гана Кан Жакыпка кошуп берет. Күрөш, эр эңиш, кыз куумай, ат чабыш, жамбы атыш, ордо ж.б. улуттук оюндар улуттук фольклордо кеңири чагылдырылат, ошолордон биз мындай оюндарга ар уруу, эл өз мыктыларын тандап чыгарганын, алар өз тарабынын патриоту катары намыс үчүн күрөшкөнүн көрөбүз.

*Санжыралардын патриоттук идеясы.* Санжыра – бул же тигил уруунун, уруктун, элдин келип чыгышы, таралышы, тамыры, тарыхы, адамдардын ата-теги, урпактары тууралуу оозеки баяндалып, атадан – балага, муундан – муунга

өткөрүлүп берилген мурастар. Улуу муун кийинки муундарга алардын аты-теги ким болгонун, кайсыл уруу, урук, эл кайсыл уруу, урук, эл менен жакындыгын, бир атадан тарагандыгын чечип берет. Уруу, урук, элдин өткөнүн сүрүштүрүп, ким кимге тууган экендигин айтып берген кишилерди санжырачылар деп аташып, күчтүү санжырачылар Адам Атадан тартып, уруулар кандайча, кимден тарагындагын чечмелешкен. Баалуу санжыралар жазып алынып, китептерге киргизилди. Ар бир жаран өзүнүн ата-тегин билүүсү үчүн айылдарда санжырачылар балдарга, жаштарга, деги эле адамдардын баарына санжыра айтып отуруу менен аларды өз уруусунун патриоту болууга үндөгөн. Санжыраларда элдин тарыхый басып өткөн жолу, географиялык, физиологиялык, дипломатиялык, этнографиялык байланыштары баяндалып, уруулар ортосундагы чыр-чатактарда алардын ата-теги тууган экендиги айтылып, тынч жашоого чакырык ташталган.

Кытайлык кыргыз санжырачысы Үсөйүн ажы санжыра же сажыра арапча "шежире" деген сөздөн келип чыкканын, бизче "шежире" "бир түп дарак" деген маанини түшүндүрөрүн айтып, бул чыгармачылык тууралуу мындай дейт: "Баарыбызга белгилүү, дарактын тамыры бир болсо да, андан бир канча чоңураак бутак, ал чоң бутактан бир канча орто бутак, орто бутактан бир канча майда чырпыктуу бутак шактап, айрылып чыккандай, адамдардын негизги түбү бир болсо да андан бир нече бала, ал балдардан бир нечелеген балдар айрылып урууларды, уруулар биригип улутту түзөт. Уруулардын жана улуттун келип чыгышы да дарактын шактап айрылышына окшогондуктан буга "шежире" деп наам берилген. Муну өз тилибизге багындырып "санжыра", "сажыра" деп жүрөбүз" [294, 313-б.]. Буга караганда бардык эле санжыранын максаты адамдарды бири-биринен алыстатуу, ажырым кылуу эмес, адам баары бир атадан, бир энеден тараган деген идеяны айтып, адамдарды жалпы азамзаттык патриоттуулукка, гумандуулукка чакыруу болгон.

*Патриоттук тарбиялоодогу "жети ата" түшүнүгүнүн орду.* Кыргыз фольклорунда, жалпы эле элдин педагогикалык маданиятында "жети ата" түшүнүгү кеңири колдонулат. "Жети атасын билбеген жетесиз", "Жети ата

өтпөй кыз алышып-беришпейт" деген тарбиялык сөздөр бар. Аксакал кишилер балдарга же жаштарга жолукканда эң биринчи "жети атаң кимдер" деген суроо узатат. Адамдын кандай тарбия алгандагы ошол жети атасын билгендигинен, жети атасы кимдер болгондугунан билинет дешкен. Ч. Айтматов "Ак кеме" повестине ушул жети ата тууралуу кызыктуу эпизод киргизген. Бир жолу баш каарман Бала казак солдат шоопурдун машинасына түшөт да, таятасы Момун үйрөткөндөй тигинен жети атасын сурайт, ал болсо жети ата турсун үч атасын да билбейт, ал гана эмес уруусун да жөндөп айта албайт, аларды ит билеби, ага таңкыстык жок, бирок эл катары жашап атам, космоско учуп, коммунизмге бара жаткан калкпыз, а сенин болсо казан башыңды чоң атаң түккө турбаган нерселер менен, эзелкинин болбогон жомогу менен толтуруп таштаптыр деп кайра баланы маскара кылат, аны үчүн жети ата деген эч нерсеге арзыбай турган нерсе, эскинин калдыгы. А Момун үчүн жети атасын билүү – бул адамдын өз тегин билүүсү, туугандарын ажырата алуусу, ошону үчүн ал уруулаштарынан бирөө каза болсо, топурак салганы барат, алардын жамандык-жакшылыктарында буту үзүлгөнчө кызмат кылат. Жети атасын жакындатуу – өз уруусунун патриоту болуу, Момун кыргыз фольклорунун мурасы болгон Бугу уруусунун келип чыгышы тууралуу мифти бекеринен өзүндө тумардай сактап, аны небересинен дилине уялатып отурбайт. Анысы менен ал сенин ата-тегиң жок болуп кете турган кезде Эне-Сай боюнан Марал-Эне куткарып, Майрык-Чаар-Жезкемпирден сурап алып Ысык-Көлдүн боюна алып келип аман сактап, тукумуңду өстүргөн, көбөйткөн, эми сен аны коргоого милдетүүсүң деген идея айтылат. Бул түздөн түз кыргыз эл педагогикасындагы патриоттук тарбия түшүнүгү менен байланышат. Патриот деген көп жактуу түшүнүк. Анын ар түрдүү критерийлери бар, ошолордун бири "эр жигит" деген түшүнүк менен белгиленип келгенин, бул түшүнүк орус элиндеги "азамат уул" ("добрый молодец"), жапан элиндеги "самурай", англичандардагы "жентельмен" деген түшүнүктөргө туура келерин А. Алимбеков жазып, аларга мүнөздүү сапаттар катары төмөнкүлөрдү көрсөтөт:

- албеттүүлүк;

– эр жүрөктүүлүк;

– тайманбастык;

– кичи пейилдик;

– калыстык;

– шайыр-шайдооттук ж.б. [25, 52-53-бб.].

***“Патриоттук тарбиялоо”*** **–** тарбиянын бир түрү. Жаштарды, балдарды, деги эле адамдарды акыл-эс, руханий, эмгек, эстетикалык, дене-бой, адеп-ахлак жактан тарбиялоо сыяктуу эле патриоттук тарбиялоого элдик педагогикада да, классикалык педагогикада да өзгөчө маани берилип келген. Тарбиянын бул түрү белгилүү бир чөйрөдө, белгилүү бир социалдык баалуулуктардын негизинде калыптандырылат. Патриоттук тарбия – бул түрдүү инсандын коом жана эл алдындагы милдети, абийири, ыйман-адеби, атуулдугу менен байланыштуу жандуу процесс.

Патриоттук тарбиялоо – атайын максатта балдарды, жаштарды өз мекенинин атуулу катары сезимдерин калыптандырууга, эли-жерин сүйүүгө, элдик нарктарды жана салттарды урматтоого үйрөтүү. Мисалы, биздин өлкөдө азыркы жаштар Кыргыз Республикасынын атуулу экендигине сыймыктанышы керек, аны үчүн мамлекеттик символдорду (туу, гимн, герб, тил) сыйлап, табиятынын тазалыгы, табигый ресурстарынан сакталышы үчүн күрөшөт. Андай тарбия алган инсандар атуулдук-патриоттук сезимдеринин жогорулугу менен айырмаланат. Патриоттук тарбия – бул татаал жана узакка созулган процесс. Тарбиянын бул түрү туура эмес же жеткиликсиз уюштурулса, же бир жеринен кемчилдиктер кетирилсе, анда жалган патриоттор чыгат да, митингдерде, чогулуштарда, эл арасында “эл үчүн”, “мекен үчүн” деп кыйкырганы менен иш жүзүндө эли-жери үчүн эч нерсе кылбайт, жөн гана өзүн патриот катары көрсөткүсү келет.

Тарбиялоонун бул түрү – инсанда патриоттук көз караштарды, ишенимдерди, сезимдерди жана жүрүш-туруш нормаларын калыптандыруу, булар бири-бири менен туура айкалышпаса анда патриот тарбияланбайт. Патриоттук тарбия атуулдук маданиятты өздөштүрүүдөн турат, ал болсо өз

ичине саясый, укуктук, руханий, адептик, эмгектик, экономикалык, экологиялык тарбияларды камтыйт. Демек, патриоттук тарбиялоо – бардык тарбиянын түрлөрүн ичине камтыган комплекстүү чыгармачылык, айталык, үнөм жана сарамжалдуулук тууралуу экономикалык тарбияң жана билимдериң жок болсо, айылды жашылдандыруу тууралуу экологиялык сабаттуулугуң жок болсо, эл-жериң үчүн эмгектенүүнү каалабасаң, анда сен патриоттук тарбияга ээ болгон эмессиң. Мындай тарбия кыргыздар арасында элдик тарбия салттары, анын бир каражаты болгон улуттук фольклор аркылуу ишке ашырылса, азыр ал билим берүү тармактары, классикалык педагогиканын идеялары аркылуу да активдешти, буга маалымат каражаттары да жардам берүүдө.

Азыркы педагогикада (Е. В. Мусина) мектепте *патриоттук тарбиянын төмөнкүдөй компонеттери* белгиленип жүрөт:

1. *Керектөөчүлүк-мотивациялык компонент.* Мында окуучулар Мекенди сүйүүнүн, ага берилүүнүн, тарыхый доордогу мекенчил баатырлардын эрдиктерине таазим этүүнүн өздөрү үчүн зарыл экендигин түшүнөт.

2. *Когнитивдик-интеллектуалдык компонент.* Мында окуучулар адам ишмердүүлүгүнүн түрдүү чөйрөсүндөгү патриоттуулуктун маңызын тарых, адабият, мекен таануу, кыргыз тили сабактары, класстан тышкаркы иштер, фольклордук-этнографиялык кечелер аркылуу аңдап түшүнөт да, патриоттук сезимдерин байытат.

3. *Эмоционалдык-сезимдик компонент.* Бул компонент окуучуларда патриоттук көз караштардын жана ишенимдердин калыптануу процессинен турат.

4. *Жүрүш-туруш жана эрктик компонент.* Бул өз ичине патриоттук жүрүм-турумдардын пайда болушун жана өнүгүшүн камтыйт.

**1.1-таблица. – Азыркы мектептеги патриоттук тарбиянын багыттары**

| № | Патриоттук тарбиянын багыттары |
|---|---|
| 1. | Руханий-адептик |
| 2. | Тарыхый-жерге таануучулук (край таануучулук) |

| | |
|---|---|
| 3. | Атуулдук-патриоттуулук |
| 4. | Социалдык-патриоттуулук |
| 5. | Аскердик-патриоттуулук |
| 6. | Спорттук-патриоттуулук |
| 7. | Баатырдык-патриоттуулук |

*Патриоттук тарбиянын методдору:*

1. Издөө иштери (элдик баатырлардын, аймактын атактуу адамдарынын өмүр жолу, жасаган эрдиктери менен таанышуу, аларды ар кандай оозеки жана жазма булактардан издөө, ошондой адамдар тууралуу эскерүүлөрдү жыйноо, тарыхый "ак тактарды" калыбына келтирүүгө катышуу ж.б.).

2. Изилдөөчүлүк методдор (архив материалдарын, фотохроникаларды табуу, доклад, реферат, макала жазуу ж.б.).

3. Жасалгалоо иштери (газета, журнал, буклет чыгаруу, слайд жасоо, мектеп музейине, китепканага стенддерди даярдоо ж.б.).

4. Социологиялык сурамжылоо, анкета таратуу (теманын айланасында).

5. Көргөзмөлөргө, семинарларга, жолугушууларга катышуу жана уюштурууга жардам берүү.

6. Фольклордук багыттагы иш-чараларга (концерт, айтыш, манасчылык жарыштар ж.б.) катышуу.

7. Тажрыйбаларды үйрөнүү жана жайылтуу ж.б.

8. Патриоттук тарбия балдардын өзүн өзү таанып билүүсүнө, өзүн өзү эл арасында көрсөтүүгө, чөйрөгө социалдашуусуна чоң жардам берет.

Патриоттуулук бул – инсандын руханий-адептик, атуулдук жана көз караштык сапаттарынын калыптанышы болсо, патриоттук тарбия мына ошол максатка жетүүнүн жолдорун, ыкмаларын, каражаттарын көрсөтүп берүүчү педагогикалык-психологиялык ишмердүүлүк.

*Патриоттук тарбияны ишке ийгиликтүү ашыруунун принциптери:*

– гуманисттик принцип;

– аймактык өзгөчөлүктөрдү, шарттарды эске алуу принциби;

– дифференциациялоо принциби;

– үзгүлтүксүздүк жана ырааттуулук принциби;

– интегарциялоо принциби;

– турмуш менен байланыштыруу принциби;

– активдүүлүктү колдоо (стимулдаштыруу) принциби ж.б.

Патриоттуулук жана патриоттук тарбия ар бир адамдын тагдырындагы чечүүчү түшүнүктөрдүн бири, билим берүү мекемелеринин бардык түрү патриотторду тарбиялап чыгаргандыгы менен бааланат.

Патриоттук тарбиянын азыркы педагогика илиминдеги аныктамасы А. В. Беляев, Б. Т. Лихачев, И. Ф. Харламов, Ю. К. Бабанский, Б. Апышов, Д. Бабаев ж.б. педагогдордун эмгектеринде методологиялык жол көрсөткүч катары чагылдырылган. Патриоттук тарбиялоонун теориясы жана практикасы орус педагогикасында А. Н. Вырщиковдун эмгектеринде [95; 96], М. В. Циулинанын китебинде [296], А. А. Куделичтин [151], А. Е. Мешковдун [205], А. В. Осипованын [234], М. А. Печенюктун [239], И. В. Прошектин [242], Д. С. Сенюктун [260], Н. А. Сиволобованын [262], О. Н. Шитикованын [301] диссертацияларында изилденген.

## 1.2. Фольклордук чыгармалардын мектеп окуучуларын патриоттуулукка тарбиялоонун булагы жана каражаты катары изилденишине обзор жана изилдөөнүн методологиялык таянычтары

“Кыргыз Республикасынын жарандарын, жаш муундарын рухий-адептик, патриоттук жактан тарбиялоо концепциясында” мындай деп айтылган: “... бүгүн эгемендүү Кыргызстан экономиканы көтөрүү озуйпасы менен катар эле, биринчи иретте, коомдун руханий-адептик, ыймандык негиздерин чыңдоонун зарылдыгына келип такалып отурат. Биздин маалыматтуулугубуз, билимдүүлүгүбүз, кесипкөйлүгүбүз, материалдык-экономикалык өнүгүүбүз тунук адеп-ахлак, цивилизациялуу жүрүм-турум, ички рухий маданият менен коштолууга тийиш. Коом, Ата Мекен деген ар бир атуулдун абийири жана жоопкерчилиги аркылуу гана жакшырары анык болуп калды. Таза ыйман,

айкөл рух болсо коомубузда таза башкаруу, таза жаратмандык эмгек, тынчтык, ынтымак жана стабилдүүлүк болмок. Демек, бүгүн биринчи иретте, жарандардын, келечек муундарыбыздын рухий-адептик тарбиясын колго алуу, анын концепциясын, стратегиясын иштеп чыгуу жана аны ишке чегүү өлкөбүздүн масштабындагы кечиктирилгис милдет жана коомубуздун зарыл социалдык муктаждыгы" [165]. Ушул милдетти турмушка ашыруунун бир жолу ата-бабалар жараткан мурастарды, анын ичинде фольклордук чыгармаларды бүгүнкү жаштарды патриоттук тарбиялоо ишмердүүлүгүндө колдонуу.

Фольклордук чыгармаларды колдонуунун методологиялык негиздери педагогиканын классиктери тарабынан өз кезегинде эле айтылып келген.

Чех педагогу Ян Амос Коменский (1952-1670) "Улуу дидактика" (1633-1638), "Тилдерге ачык эшик" (1631), "Энелер мектеби" (1632) ж.б. китептеринде балдарды элдик адабият менен тарбиялоого басым коюу керектигин айтып, алар элдин руху сиңген тилин терең үйрөнүү керектигин белгилеген [148].

Жан-Жак Руссо (1712-1778) "Эмиль, же тарбия жөнүндө" (1762) деген көркөм-дидактикалык романында балдарды атайын карапайым эл жашаган чөйрөгө алып барып, тарбиялоонун ролун баса көрсөткөн.

Иоганн Генрих Песталоции (1746-1827) балдар фольклорун аларды патриот, гуманист, демократ кылып тарбиялоодо колдонуу зарыл экендигин айткан.

Орус педагогу Константин Дмитриевич Ушинский (1824-1871) "Детский мир" (1861), "Родное слово" (1864) деген аталыштагы окуу китептерин жазып, аларга элдик ырларды, табышмактарды, макал-ылакаптарды, жаңылмачтарды, жомокторду кошуп, балдарды ошолор аркылуу окутуп-тарбиялоонун принциптерин сунуш кылган. Эл ичинде таралган жомоктор сыяктуу автордук жомокторун жазган, балдарга да ошондой жомок жазуу тапшырмаларын берген, эң биринчи тарбиячы – бул эл, ал эми эл жомоктору "эл педагогикасынын биринчи жана жаркыраган көрүнүшү", "элдик педагогикалык генийлер менен эч ким теңтайлаша албайт" деген ойлорун педагогикалык

концепциясында теориялык жана практикалык жактан ишке ашырган [291; 292; 293].

Жазуучу Лев Николаевич Толстой (1828-1910) “Азбука” (1872), “Новая азбука”, төрт китептен турган “Книги для чтения” (1875), “О народном образовании” (1874) аттуу эмгектеринде балдарды патриот кылып өстүрүүдө улуттук фольклордун мааниси чоң экендигин кайра-кайра айтып, өзү ачкан Ясная Поляна кыштагындагы мектебинде орус эл оозеки чыгармаларын окутуу жана тарбиялоо процессинде кеңири колдонгон [281; 282].

Патриоттуулук сезимдерине ээ болушу үчүн адабияттын, анын ичинде элдик оозеки чыгармачылыктын мааниси орус социал-демокарттары В. Г. Белинскийдин [70; 71], Н. А. Добролюбовдун [107], Н. Г. Чернышевскийдин [297] эмгектеринде айтылган.

Украинанын Павлыш орто мектебинин мугалими, директору болуп иштеген советтик новатор педагог В. А. Сухомлинский (1918-1970) “Сердце отдаю детям” деген китебинде кандайча кылып балдар менен фольклордук мурастарды ишинде колдонгонун айтып берет [272].

Чуваш окумуштуусу Геннадий Никадрович Волков (1927-2010) этнопедагогикалык багыттагы китептеринде балдарды патриот кылып тарбиялоодо улуттук фольклордун функциясы өзгөчө экендигин белгилейт [84; 85; 86; 87; 88; 89; 90; 91; 92].

Орус фольклорундагы тарбиялык идеялар А. Н. Веселовскийдин “Разыскания в области русского духовного стиха”, Г. П. Федотовдун “Стихи духовные (русская народная вера по духовным стихам)”, В. П. Аникиндин “Русское устное народное творчество”, Ф. И. Буслаевдин “Идеальные женские характеры Древней Руси”, А. С. Деминдин “О древнерусском литературном творчестве” деген эмгектеринде ачылып берилген.

Улуттук фольклор эл турмушун чагылдыруунун социалдык-адабий, философиялык-эстетикалык, ошол эле кезде мифологиялык-педагогикалык булагы катары орус адабиятчысы А. А. Петросяндын “История народа и его эпос” [238], В. Я. Пропптун “Поэтика фольклора” [240], “Фольклор и

действительность” [241], Б. Н. Путиловдун “Методология сравнительно-исторического изучения фольклора” [243], “Эпическое сказительство: типология и специфика” [244] ж.б. эмгектеринде элдик аң-сезим, мифология менен карым-катышта каралган. Дагы бир орус совет фольклористи В. М. Жирмунский “Введение в изучение “Манаса” [111], “Сравнительное литературоведение” [112], “Тюркский героический эпос” [113] деген китептерин жазып түрк элдеринин фольклору, анын ичинде “Манас”, “Эр Төштүк” эпосу боюнча кызыктуу ойлорун айткан, адамдардын эпикалык ой жүгүртүүсүнө, чыгармалардын сюжеттик-композициялык, образдык түзүлүшүнө салыштырма-типологиялык анализ жүргүзгөн. “Манас” эпосун, жалпы дүйнөлүк, анын ичинде түрк-монгол эпосторунун контекстинде кароо багыты А. Н. Бернштамдын “Эпоха возникновения великого киргизского героического эпоса “Манас” [73], Е. М. Мелетинскийдин “Происхождение героического эпоса. Ранние формы и археологические памятники” [203] деген эмгектеринде терең изилденген.

Кыргыз фольклорундагы улуттук салттар, үрп-адаттар этнопедагогикалык булак катары советтик этнограф С. М. Абрамзондун XX кылымдын 30-жылдарынан тартып кыргыз жерине келип жазып кеткен “талаа материалдарынын” негизинде жазган эмгектеринин тандалма китебинде ар тараптуу чагылдырылган [10]. Бул тармакта И. Б. Молдобаев тарыхый-этнографиялык багыттагы эмгектерин калтырып кетти [206; 207]. Этнографиялык изилдөөлөрдө улуттук оюндар, элдик билимдер, руханий тарбиялоо, маданият жана салт-санаа тууралуу изилдөөлөр жүргүзүлгөн.

Кыргыз фольклористикасында оозеки чыгармаларга анализ берүү, алардын идеяларын, темаларын, образдарын талдоо сөзсүз түрдө ошол чыгармалардын педагогикалык маданияттагы ордун көрсөтүү менен байланышат. Бул жагынан Манастаануу илиминин чоң илимий-теориялык базасы түзүлгөн. “Манас” эпосу боюнча алгачкы корголгон кандидаттык диссертацияны С. Мусаев жазган [221]. Э. Абдылдаевдин “Манас” эпосунун историзми” [6], “Манас” эпосунун тарыхый өнүгүшүнүн негизги этаптары” [7],

“Кыргыз фольклорунун тарыхынан” [8], М. Борбугуловдун “Манас” эпосу: башаттары, эволюциясы” [78], А. Жайнакованын “Семетей” эпосунун тарыхый-генеалогиялык негизи” [109], Р. З. Кыдырбаеванын “Эпос “Манас”: Генезис. Поэтика. Сказительство” [159], “Манас” эпосун комплекстүү изилдөө маселелери” [160], “Генезис эпоса “Манас” [161], “К проблеме традиционного и индивидуального в эпосе “Манас” [162], “Сказительское мастерство манасчи” [163], Р. Сарыпбековдун “Манас” эпосунун баатырдык мотивдеринин эволюциясы” [258], “Алмамбеттин образынын эволюциялык өнүгүшү” [259], О. Сооронoвдун “Манас” трилогиясындагы эпикалык окуялардын сүрөттөлүш өзгөчөлүктөрү” [265], А. Сыдыковдун “Манас” эпосундагы баатырдык мотивдер” [273] ж.б. эмгектер жазылган.

Кыргыз фольклор таануу илиминде “Манас” эпосундагы улуттук баалуулуктар тууралуу А. Акматалиев китептерин чыгарган [16], жөө жомоктор тууралуу С. Байкожоевдин “Жөө жомоктор” деген макаласы [59], С. Закировдун [116], Ж. Субанбековдун [268] монографиялары жарыяланган. Түрк элдеринин поэмаларынын кыргыздар ичинде айтылып калышы, алардын варианттары тууралуу Г. Ж. Орозова [232], кыргыз-казак фольклордук байланышы тууралуу Б. Кебекова [145; 146], “Эр Төштүк” эпосунун орус былиналары менен жакындыгы жөнүндө К. Садыков [255], кыргыз арман ырлары тууралуу Ж. С. Байтерекова [60], айтыш ырлары боюнча М. К. Көлбаева [149] диссертацияларын коргогон. С. Кайыпов 2005-жылы Түркияда чыккан “Кыргыз адабиятынын антологиясынын” эки томдугунда жана бир катар китептеринде кыргыз фольклорун түрк элдеринин эпикалык мурастары менен салыштырып талдоонун үлгүлөрүн көрсөткөн [131; 132; 133; 134; 135; 136].

Орус жана советтик фольклор таануу илими (В. П. Аникин [38; 39], А. С. Куек [153], Ж. К. Лебедова [171], Р. С. Липец [175], С. Ю. Неклюдов [222] ж.б.), түрк элдеринин фольклористтери (Х. Д. Абдуллаев [2], М. Бабаев [46], Д. Жалалов [106], А. О. Нурмаганбетова [225], С. С. Суразаков [269], Ф. И. Урманчеев [289], Д. Х. Халикулов [295] ж.б.) элдик оозеки адабияттарга

салыштырма-типологиялык багытта талдоо берип, алар биздин ишибиздин да методологиялык базасын түздү.

Кыргыз фольклорунун педагогикалык функциясын изилдөө орус этнографтарынын, географтарынын, адабиятчыларынын эмгектеринен башталган. Бул багытта Г. Н. Волковдун өз орду бар, ал Ч. Айтматовдун “Ак кеме” повестин чуваш тилине которуу максатында Ысык-Көлдө эл арасында бир айдан ашык жашап, “Созвездия земли” деген макала жазып, аны ушундай эле атылыштагы китебине киргизген. Ошол жерде кыргыздарда улуулардын кичүүлөргө таасири аябай күчтүү экендигин, бул тарбиянын натыйжасы болорун белгилеп, кыргыздардын элдик педагогикасында сыймыктана турган нерселер аксакалды урматтоо, эмгекчилдик, досчулук, Ата журт үчүн сыймыктануу жана аны сүйүү, улуттук баалуулуктар үчүн мактаныч жана интерноционализм деп айтып, бул сапаттар эл тарабынан “Манастан” тартып Чыңгыз Айтматовго чейинки адабияттар аркылуу өткөрүлүп келгендигине басым жасайт [90, 106-113-бб.]. Анын “Письма о Манасе” деген макаласы [88, 275-278-бб.] эпостун педагогикалык баалуулугун аныктап берген методологиялык таяныч катары көптөгөн эмгектердин теориялык базасын көрсөтөт.

“Патриотизм, – деп жазат Г. Н. Волков, – бул эң биринчи кезекте бир тууган табиятты кумарлана сүйүү. Бул сүйүү ызы-чууну да, кыйкырып-өкүрүүнү да талап кылбайт. Булат Окуджава айткандай, патриотизм – назик жана ички купуя бир сезим. Ооба, чыныгы сезим бирөөлөргө көрүнүш үчүн болбойт, ал көкүрөктө ыйык сакталган, дилде терең уюган, жүрөктө жүргөн нерсе” [91, 174-б.].

Советтик этнопедагогиканын негиздөөчүсү катары Г. Н. Волковдун кыргыз фольклорунун тарбиялык функциясын изилдөөдөгү эң чоң эмгеги – “Манас” баштаган элдик мурастардын тексттин терең өздөштүрүп, ошол уникалдуу чыгарма сүрөттөлгөн жерлерде, аны жараткан эл арасында болуп, манасчылардын, акындардын калк алдында чыгармаларын өз ичинен чыгарып айтып берүү, төгүп ырдоо ишмердүүлүгү менен тааныш болуп, аларга жогору

баа берип, жалпы союздук, а түгүл дүйнөлүк педагогика илимине тааныштыргандыгында, б.а., кыргыз педагогикалык маданиятын изилдеп гана калбай, аны пропагандалагандыгында. Бул окумуштуунун жетекчилиги менен Т. Ормонов, Ж. Бешимов, Б. Апышов, К. Абдулакимов, Ж. Орозбаев, А. Алимбеков кыргыз этнопедагогикасы боюнча кандидаттык диссертацияларын коргогон.

"Манас" эпосунун эл педагогикасындагы белгилүү көрүнүш экендигин алгач изилдеген окумуштуу Талип Ормонов. Анын Москвадан чыккан "Семья и школа" журналына жарыяланган "Мудрые заповеди народа" деген макаласы [228], "Советская педагогика" журналына басылган "Педагогическая пансофия киргизского народа" деген эмгеги ошол кездеги жалпы союздук деп аталган педагогикалык коомчулукка кыргыз элинин уникалуу фольклордук мурасын тааныштырууда өзгөчө орунда турган [229]. Ал "Манастын" азыркы замандагы сыйкырдуу күчүн, ыйыктыгын Улуу Ата мекендик согушта Москванын алдында немецтик баскынчылар менен чечүүчү согушта казак аскер комиссары, полковник Баурыжан Момыш уулу "Манастын батальону" деп аталган аскер бөлүк түзгөндүгүн, дал ошол бөлүктүн азаматтары душманга каршы качан болбосун "Манастап" ураан чакырып кирип кете тургандыган мисал катары келтирет [227, 65-68-бб.].

Т. Ормонов 1972-жылы Казань шаарында "Педагогические воззрения древних киргизов (по эпосу "Манас")" (1972) аттуу темада кандидаттык диссертациясын [230] коргойт жана анда кыргыздардын патриоттук тарбиялоо салттары жана тажрыйбалары ар тараптуу чагылдырылат. Бул окумуштуунун кыргыз этнопедагогикасына кошкон салымы – советтик тоталитардык түзүлүш улуттук баалуулуктарды көп сөз кылдырбай, башка улуттарды улуу орус элинин артынан гана жүрүшү керек деген саясаттан суурулуп чыгып, "Манас" эпосу кыргыз элинин педагогикалык баалуу салттарын илимий коомчулукка далилдеп бергендигинде.

Деги эле СССР мезгилинде "советтик патриотизм" деген менен "социалисттик интерноционализм" деген түшүнүктөр биргилекте каралып,

илимий изилдөөлөрдүн багыты ошол тартипте жүрүшү керектиги талап кылынган.

"Манас" – кыргыз фольклору гана эмес, кыргыз педагогикасы экендиги С. Байгазиевдин эмгектеринде ырааттуу изилденип келет. Анын "Манас" эпосундагы баланы эркин тарбиялоо философиясы" [50], "Манас" эпосундагы өнөр-билим педагогикасы" [51], "Манас" эпосунун руханий, адептик-философиялык, патриоттук улуу дөөлөттөрү жана педагогикалык асылнарктары" [52], "Улутум – кыргыз, урааным – Манас" [53], "Манастын" ата-эне жөнүндөгү этнопедагогикалык осуяты" [54], "Бала Манастын инсан катары калыптанышына эмгек тарбиясынын ролу" [55] ж.б. эмгектеринде эпостун педагогикалык асылнарктарына комплекстүү этнопедагогикалык иликтөө жүргүзүлөт. Ошол комплекстүү изилдөөгө Манастын патриоттук идеясы, баатырдык мотивдердин эволюциясы, Бакай менен Кошой, Каныкей менен Чыйырды, Акбалта менен Жамгырчы ж.б. каармандардын педагогикалык ишмердүүлүгүнүн ыкмалары, жолдору жана каражаттары, эпостогу Мекен жана эл биримдиги, интерноционализм, блингивизм темасы кирет. Окумуштуу кыргыздардын эмгек тарбиясы, руханий-адептик тарбия, дене тарбиясы, патриоттук тарбия, акыл-эс тарбиясы, эстетикалык тарбия тууралуу идеяларын эпоско байланыштырып кенен изилдөөлөрдү жүргүзгөн. Ал мындай деп жазат: "...кыргыз элинин тээ байыртан бери карай көңүлүнүн түпкүрүндө, жүрөгүнүн толтосунда алдейлеп, туу тутуп келаткан, эч нерсе менен алмаштыргыс ыйык идеясы – бул ак калпак элдин азаттыгынын, эркиндигинин, көз каранды эместигинин идеясы, ата журттун боштондугунун, анын кол тийбестигинин, бүтүндүгүнүн идеясы, кыргыз улутунун биримдигинин идеясы, бир боор эл-журт үчүн, Ала-Тоо мекен үчүн каруусу казык, башты токмок кылып кызмат кылуу идеясы". "Манас" эпосу мына ушундай бийик жана улуу мекенчил идеяларды тээ илгертен өзөгүндө сары майдай сактап, көк асабадай желбиретип көтөрүп, укумдан тукумга үгүттөп өткөзүп келе жатат. Биздин "Манасыбыз" ушунусу менен улуу, түбөлүк көөнөрбөс да, ар дайым актуалдуу". Демек, окумуштуунун далилдөөсү боюнча улуу эпостогу патриоттук идея –

түбөлүктүү идея, эпостун улуулугу да ошол идеянын ар дайым актуалдуу бойдон келе жаткандыгында [52].

А. Э. Измайловдун “Народная педагогика: Педагогические воззрения народов Средней Азии и Казахстана” деген китеби [117] кыргыз эл педагогикасын, анын ичинде макал-ылакаптарды изилдеп, аларды казак, түркмөн, тажик, өзбек элинин педагогикалык маданияты менен салыштырууда чоң эмгек болгон.

А. Алимбеков болочок мугалимдерди этнопедагогикалык жактан даярдоо боюнча 1990-жылы кандидаттык [28] жана 2010-жылы доктордук [31] диссертацияларын жактаган, анын “Кыргыз элинин билим берүү салттары” [24], “Кыргыз этнопедагогикасы” [25] аттуу китептери жарыяланган. Ошол китептерде фольклор кыргыз этнопедагогика илимине негизги булак болгондугу көрсөтүлөт. Окумуштуу “Манас” эпосундагы эне тилинин жана тарбиялоонун культу [22], кыргыз эпосу менен “Деде Коркут” дастанынын тарбиялык идеяларындагы жалпылыктар элдик макал-ылакаптардын тарбиялык табияты [21, 121-127-бб.], фольклордун кыргыздардын этноэстетикалык жана этнопедагогикалык орду [30, 21-28-бб.], эпос жана мугалимдерди даярдоо [33, 28-33-бб.], “Манастагы” географиялык билимдер [17, 116-128-бб.], “тарбия” түшүнүгүн туюндурган концепттер, лексикалык-фразеологиялык сөз курамдары [19, 59-64-бб.], эпостогу педагогикалык ойлордун феномени [20], салттуу педагогикалык терминдерди жана түшүнүктөрдү изилдөөнүн булагы катары “Манастын” эне тилин байытуудагы орду [18, 5-10-бб.] тууралуу биздин ишке методологиялык таяныч боло турган эмгектерди жазган. Ал элдик педагогиканын негизинде патриоттуулукка тарбиялоо боюнча көз караштардын өнүгүш эволюциясын да изилдеп чыккан [26, 14-18-бб.].

Элдик фольклордук мурастарды, анын ичинен акын-демократ Тоголок Молдонун (Байымбет Абдырахманов) иштеп чыккан “Күн жана анын балдары”, “Кемчонтой”, “Телибай тентек”, “Абышка-кемпир көмөчү”, “Иттин доолдой тиктирем” деген сыяктуу чыгармаларынын, арман ырларынын, кошоктордун

педагогикалык мааниси тууралуу Ж. И. Койчумановдун кандидаттык диссертациясында [147] чагылдырылган.

А. Т. Калдыбаева Калык Акиевдин чыгармачылыгындагы этнопедагогикалык идеялар боюнча кандидаттык [137] жана элдик акындардын санат-насыят, терме, айтыш ырларындагы (алардын көбү элдик оозеки чыгармаларды кайра иштеп чыккан) таалим-тарбиялык ойлор тууралуу доктордук диссертациясын [141] жана анын негизинде монографияларын [139] жарыялады. Ал доктордук диссертациясында мындай пикирин айтат: "Элдик педагогикалык системанын жалпы мүнөздүү белгиси жана мыйзамченемдүүлүгү, б.а. бир калктын таалим-тарбия берүү салттары биринчиден, жалпы адамзаттык баалуулуктарга ылайык келген ошол элдин фольклорундагы, акындар чыгармачылыгындагы, оюндарындагы, салт-санаасындагы инсандык идеал жаратуусу менен байланышта болуп, ал ошол элдин социалдык-турмуштук мүдөөсүн аткарып алардын жашоо образына ар дайым таасир этип турат. Мына ушул көз караштан алып караганда биз чыгармачылыгын изилдеп жаткан акындар кыргыз элдик педагогикасынын салттарын терең билген, өздөрүнүн чыгармачылыгы менен аларды байыткан жана элге кеңири тараган тубаса этнопедагогдор болгон деген жыйынтык жаралат" [141, 38-бб.]. Окумуштуу көркөм чыгармаларды талдоо процессин ар тараптуу жүргүзүп, педагогикалык ойлорду интерпетациялап, элдик акындардын, төкмөлөрдүн фольклордук чыгармаларды иштеп чыгуудагы ролун белгилеп, дээрлик XX кылымга чейин балдарды ар тараптуу тарбиялоо миссиясы сөз өнөрү аркылуу, ырчылар, жомокчулар, дастанчылар, күүчүлөр жана манасчылар (тарбиячылар) менен көрүүчүлөр жана угуучулар (тарбиялануучулар) боз үйлөрдө, жайлоолордо бетме-бет отуруп тарбиялык таасирин түздөн-түз (офлайн форматта) тийгизгенин тастыктайт.

А. Муратов бир катар эмгектеринде [209, 210, 211, 215, 216, 217, 218, 219] жана докторлук диссертациясында [213] кыргыз эл педагогикасындагы фольклордук чыгармалардын ордун жана азыркы күндөгү жаштарды тарбиялоого таасирин көрсөтөт. "Кыргыз эл педагогикасы: табияты, таралышы

жана тарыхы” деген китебинде [212] кыргыз фольклорун эпикалык тек (эпос, дастан, санжыра, жомок, тамсил, уламыш, легенда ж.б.), лирикалык тек (баланы оозантуу ыры, бешик ыры, ат коюу айтымы, оюн ырлары, эмгек ырлары, жарамазан, мезгил-маал ырлары, дарым, эм-дом ырлары, дүйнө таануу ырлары, кошоктор, армандар, керээз ырлары, айтыштар, той ырлары, санат-насаат, термелер, ж.б.) драмалык тек (куудулдук өнөр, бакшычылык) боюнча ар бир жанрдын педагогикалык функциясына токтолуп чыгат. Мисалы, бата ырлары тууралуу мындай ойлор айтылат: “Кыргыздар батага өзгөчө маани берип келген жана ошол менталитети азыр да суубай уланып отурган эл. Ар бир эле адам бата алууга кызыгат, маңдай тери менен кыйналган кыйынчылыгын, жоо сүрүп келген эрдигин жигиттер малга, акчага өлчөбөйт, элден бата алсак болду деп эсептешет. Бата – элдик педагогиканын эң ырыскылуу дөөлөттөрүнүн бири. Тамак желип бүткөндө аксакалдар ошол үйдүн баласын (балдарын) тургузуп, “эми бата тилегиле” дейт, балдар ордуларынын шып туруп, “оомийин” деп алакан жайып бата тилеп калышат, ошондо отургандардын аксакалы, же кадырлуу конок, же зобололуу адам балдарга батасын берет. Мисалы мындай:

Атка минерман бол,
Эрөөлдө билерман бол.
Касыңа ок бол,
Досуңа от бол.
Үйүңө көл бол,
Жериңе сөз бол.
Душманга жут бол,
Элиңе кут бол!
Кийимиң кептүү болсун,
Элиң эптүү болсун.
Өмүрүң узун болсун,
Өрүшүң жайык болсун.
Тукумуң журттан ашып,
Тууганың канат болсун!

Мына ушундай баталар миңдеген варианттарда айтылган, алардын ичинен эң көп бөлүгү балдарга арналган. Бала али жарык дүйнөгө келе электе эле мындай-андай балалуу болгула деп ата-энелерине, же жаш жубайларга бата беришкен. “Бул бала батадан минаа болгон” деп айтышат, айрым балдар тууралуу.

Баталар баары эле толук уйкашкан, төгөрөгү топ келген ыр формасында болбой калышы да мүмкүн, аларга жорго сөздүүлүк, уйкашкан карасөз стили да мүнөздүү. Негизгиси баталар – тилек тилөө, жакшы каалоо айтуу маанисин аркалайт. Мындай баталар адамдардын оң жолдо жүрүүсүнө, балдардын туура тарбия алуусуна эбегейсиз чоң таасирин тийгизген. Балдарды айтылуу адамдын батасын алуу үчүн айлап жүрүп атактуу адамдарга алып барышкан, алардын астынан өткөн.

Эл ичинде жүрүп, элдин салтына каныккан балдар көпчүлүктүн колуна суу куюп, коноктордун атын байлап, же кетээрде атка мингизип, отун-суусуна каралашып, бут кийимин оңдой коюп ж.б. түрдүү түмөн кызматтарды аткарып бата алуунун, батага жетүүнүн жолун үйрөнгөн, мүнөзүн, жүрүш-турушун бата алууга калыптаган. Элдин батасын алган жигит, кыздар эл назарына алынып, калктын колдоосуна ар дайым арзып турган.

Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө өскөн балдар жаштайынан бата алууну гана эмес бата берүүнү да үйрөнгөн, малга, дасторконго ж.б. бата берген, атасы жоого бара жатканда да, сапарга чыкканда да баласынан бата сураган, демек, бата баланын кан-жанына өтө жашынан сиңип, аны жөн гана бир айтыла берүүчү сөздөр катары кабылдабай, баталардын кайтарымына, алардын магиялык касиети бар экендигине ишенген” [212, 191-б.].

Мына ушундай элдик салттарды улуттук фольклордун идея-темасы, мазмуну менен параллель талдоо жолу менен А. Муратов эмгектеринде фольклордук жанрлардын адабий-теориялык табияты менен элдик педагогикалык табиятына адабияттаануучулук жана этнопедагогикалык аспектиден талдоо берип чыгат.

С. К. Рысбаев кыргыз балдар фольклорунун педагогикасын ар тараптуу изилдеген окумуштуу, анын 2006-жылы “Кыргыз башталгыч мектептеринде адабиятты окутууну этнопедагогикалык негизде өркүндөтүү (улуттук балдар фольклорунун материалдарына таянуу менен)” деген темада докторлук диссертациясы корголгон [252]. Ошол диссертациянын негизинде жазылган “Кыргыз балдар фольклорунун педагогикасы” деген монографиясы эки жолу (2006, 2014) басылып чыкты [253]. “Элдик оозеки адабиятыбыз жаш урпакка таалим-тарбия берүүнүн бай, көөнөрбөс тажрыйбасын өзүнө топтогон, ошону менен бирге, жаш муундарды улуулардын үлгү салттарында калыптандыруунун мыкты эрежелеринин көөнөрбөс системасын жараткан. Ал үлгү салттар муундан-муунга өткөн жана жалпы элдик моралдык-психологиялык нормага айланган. Атап айтканда, баланы жаштайынан эмгекти сүйүүгө, адептүү, намыстуу болууга, ата салтын, эне адебин урматтоого, аны ыйык тутууга, тапкычтык менен сөзмөрдүккө, улууну урматтап, күчүүнү ызаттоого жана да көптөгөн мыкты элдик тарбия үлгүлөрүнө үйрөтүү улуулардын милдети катары эсептелген. Бул учурда улуулар эзелтеден эле баланы тарбиялоодо буйрукчулдук менен зордук-зомбулукту эмес, уңгулуу сөз каражаттарын, атап айтканда, макал менен ылакаптарды, табышмак менен тамсилдерди, жаңылмачтар менен жомокторду, алардагы учкул, таасын ойлор менен мыкты образ үлгүлөрүн пайдаланышкан. Мындай маани-мазмундагы адабият баланы тарбиялоонун каражаты болуу менен алардын жан дүйнөсүнө жетүүчү рухий көпүрө болуп милдет аткарган. Ошентип, эл адабияты элдик тарбиянын алтын бешигине айланган, бала ошол бешикте тарбияланып өскөн. Элибиз эзелтеден эле оозунда сөзүнүн эми бар чеченди кол баштаган көсөмдөн кем көргөн эмес. Ошол үчүн эл оозунан адамдыктын асыл касиеттерин камтыган өлбөс көркөм сөз байлыктары жаралган, ал өлбөс эл байлыгы – элдик педагогиканын негизин бүгүн да түзүп турат.

Жалпылап айтканда, элибиздин бай балдар адабияты, бүтүн алганда, өзүнчө эле бир этикалык-педагогикалык маанидеги улуу трактатты элестетип

турат. Демек, биздин бул балдар адабиятыбыз – элибиздин маданиятында өзгөчө орунду ээлейт” [251].

С. К. Рысбаев бул идеялары, б.а., көркөм сөз менен балдарды тарбиялоо идеяларын өзүнүн көркөм чыгармалары (жомоктору, аңгемелери, табышмактары, учкул сөздөрү) жана “Алиппе” баш болгон “Эне тили”, “Адабий окуу” деген окуулуктары, окуу-методикалык колдонмолору аркылуу ишке ашырып келет.

С. Иптаровдун “Три священных символ-понятия в педагогической пансофии киргизов” деген макаласы [120, 84-89-бб.] ошол убактагы жалпы союздук этнопедагогдордун көңүлүн бурган. Улуттук “Манастаанууда”, анын педагогикалык маңызын азыркы окуучуларга ачып берүүдө өзгөчө эмгек Б. Исаковдун “Манас сабагы” [122], “Манастын жети осуяты” [125] деген китептери. Бул китептер түздөн-түз мектепте иштеген практик мугалимдин тажрыйбасын чагылдыргандагы менен, автор тарабынан ар бир сабагында апробацияланып, анан гана кагазга түшкөндүгү менен баалуу.

Кыргыз педагогикасында “Манас” эпосунун таалим-тарбиялык кызматы, эпостогу патриотизм идеялары тууралуу Г. А. Абдымомунованын “Манас” эпосунун негизинде жаштарды атуулдукка тарбиялоо” [9], Ф. Т. Баитованын “Манас эпосу аркылуу болочок мугалимдерди этнопедагогикалык жактан даярдоо” [47], Ж. Т. Каденованын “Манас” эпосунда бала Манастын инсан, патриот катары калыптанышында элдик тарбия салттарынын ролу” [130], элдик дидактикалык чыгармалардын улуттук педагогикалык маданияттагы орду тууралуу Ж. Ж. Тургунбаеванын “Элдик дидактикалык чыгармалар аркылуу окуучуларды адептүүлүккө тарбиялоонун илимий негиздери” [283] деген темаларда диссертациялары жазылган. Р. Н. Умарова “Кыргыздардын салттуу педагогикалык маданиятындагы кыз балдарды социалдаштыруу системасы” [287], А. Эргешали кызы “Жогорку класстардын окуучуларын элдик педагогиканын баалуулуктары аркылуу үй-бүлөлүк турмушка даярдоо” [304], К. А. Эргешова “Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдардын курагына жараша тарбиялоонун өзгөчөлүктөрү” [305], жомоктордогу таанып билүү жана

тарбиялоо идеясы тууралуу К. Кыдыралиев "Проблемы познания и воспитания в киргизских народных сказках" [158], С. М. Саипбаев "Идеи воспитания подрастающего поколения в киргизской народной педагогике (На материалах малых эпических форм киргизского фольклора)" [256], Р. А. Кутанова "Жыйырманчы кылымдын башындагы кыргыз интеллигенциясынын мурастарындагы улуттук баалуулуктар аркылуу окуучуларды Ата мекенди сүйүүгө тарбиялоо" [157] деген темаларда диссертацияларын жазып, салттуу педагогикалык маданияттын, анын ичинде улуттук фольклордун баалуулуктары боюнча ойлорун айтышып, аларды азыркы тарбиялоо жараянында колдонуунун технологияларын иштеп чыккан.

Туркия Республикасынын мектептеринде окуучуларды мекенчилдикке тарбиялоонун тарыхы жана өнүгүш тенденциялары боюнча Бишкек шаарында Й. Текин кандидаттык диссертациясын коргогон [279].

Биздин темага бир топ жакын иш – кыргыз адабиятындагы мекенчилдик идеялары боюнча К. Таированын "Кыргыз жазуучуларынын көркөм чыгармалары аркылуу окуучуларды мекенчилдикке тарбиялоо" деген темадагы диссертациясы [274] жана анын "Мектептин адабият окуу китептериндеги фольклордук чыгармалардын мекенчилдикке тарбиялоо мүмкүнчүлүктөрү" [275], "Ч. Айтматовдун чыгармаларындагы жаш муундарды мекенчилдикке тарбиялоо мотивдери" [276] деген макалалары. К. Таирова мындай деп жазат: "Биздин пикирибизде окуучуларды мекенчилдикке тарбиялоодо адабият чыгармалары төмөнкүдөй функцияларды аткарат:

– балдар чөйрөсүндө мекенчил инсандардын идеалын, баалуулуктарын коллективдүү таанытып бириктирүүчү коммуникатор;

– тарбиячы мугалимге окуучулардын мекен жана мекенчилдик тууралуу сезим туйгуларын, баалуулуктарын таанытуучу каражат;

– ата мекен, туулган жерге карата ички түйшөлүүлөрүн тереңдетип, сүйүүсүн арттыруучу, толуктоочу, ошондой эле өздөрүнүн мекен алдындагы атуулдук парзын, социалдык ролуна карата рефлекциясын жаратып өзүн өзү тарбиялоонун каражаты болуп саналат" [274].

Жогорудагы адабияттардын анализи жалпысынан төмөнкүлөрдү көрсөттү:

1. Кыргыз фольклористикасы, этнографиясы, философиясы бир катар изилдөөлөрүндө элдик оозеки чыгармачылыктагы педагогикалык көз караштар тууралуу пикирлерди айткан.

2. Фольклор элдин тагдыры, турмушу, идеалы менен терең байланыштуу болгондуктан көптөгөн чыгармаларда (залкар эподеядан тартып, бир саптан турган макал-ылакаптарга чейин) эл-жерди сүйүү, коргоо жана мекендин азаттыгы тууралуу патриоттук ойлор айтылып, алар жаштардын патриоттук сезимдерин козгоого системалуу түрдө кызмат кылып келген.

3. Элдик чыгармачылыкты жаратуучу жана таратуучу: манасчылар, жомокчулар, төкмөлөр, санатчылар, дастанчылар, чечендер, куудулдар, кошокчулар, күүчүлөр ж.б. таланттуу инсандар калк арасында болуп, балдар жана жаштар менен түздөн-түз, бетме-бет педагогикалык насааттарын, улуулук нускаларын айтып берип, ал сөздөрдүн таасири азыркыдай массалык маалымдоо каражаттары жок кезде өзгөчө таасирдүү болгон.

4. Кыргыз элдик фольклору патриот адамдын кыргыздык моделин жараткан жана анын өрнөктүү үлгүсү кайра ошол эл арасына таратылган.

### 1.3. Ааламдашуу доорунда фольклордук мурастарды окуучуларды патриоттук тарбиялоо процессинде пайдалануунун зарылдыгы жана анын педагогикалык функциясы

“Кыргыз Республикасынын жарандарын, жаш муундарын рухий-адептик, патриоттук жактан тарбиялоо концепциясында” мындай жазылган: “...таалим-тарбия маселеси стратегиялык маселе катары ар дайым мамлекеттин көңүлүнүн чордонунда турушу зарыл. Анткени тарбия адамзат, улут, социум топтогон социалдык-тарыхый тажрыйбаны, маданиятты, руханий-адеп-ахлак салттарын муундарга мурастап өткөрүүнүн куралы. Коомдогу өтмө-катыштык жол-жобосун жүзөгө ашырып турган улуу феномен – тарбия механизми аркылуу гана коом – коом катары сакталып турат жана келечекке карай илгерилеп

өнүгөт. Тарбия системасы дегенди көздөп отурган максаттын, андан улам алдыга коюлган милдеттердин, ал максат-милдеттерди жүзөгө ашырууга омок, база болуп бере турган тиешелүү мазмундун, ошол мазмунду инсандын жан-дүйнөсүнө терең сиңирүүгө жөндөмдүү таалим-тарбия методдорунун жана формаларынын өз ара ич жактан логикалуу байланышкан бирдиктүү тутумун түшүнүү зарыл. Демек, тарбия процесси деген бул – негизинде коом тарабынан, эл тарабынан ойлонулган, алдын-ала пландалган, атайын максат көздөп ырааттуу уюштурулган, башкарылып жөнгө салынып турган, өтүшү, жүрүшү жана берип жаткан натыйжалары көзөмөлгө алынып турууга тийиш болгон, өзүнө комплекстүү мамилени талап кылган олуттуу көрүнүш. Тагыраак айтканда, тарбиялоо – бул коомдун мүдөөлөрүнө жана муктаждыктарына жараша адамдын адеп-ахлак сапаттарын калыптандыруу боюнча максатка багытталган, план ченемдүү иш” [165].

Жогорудагы документтин талаптарын аткарууда фольклордук мурастарга кайрылуунун өзгөчө мааниси бар, анткени аларда азыркы балдардын генетикалык коду, б.а., түпкү ата-бабаларынын кийинки муундарга мурастап кеткен насаат, ибараттары катылган.

XX кылымдын соңку чейрегинен тартып англис тилинде “глобализация” *(“globalization”)* деген түшүнүк лексиконубузга кирди, кыргызча түшүндүрсөк, “ааламдашуу”, “дүйнөлөшүү” деген мааниде болот. Бул түшүнүк кандай белгилерден келип чыкты: *биринчиден,* дүйнөлүк экономика интеграцияланды, б.а., бир жерде бир товардык белги менен чыккан буюм бир айга жетип-жетпей башка жерде (мисалы, Кытайда) оригиналга окшоштуруп чыга баштады; *экинчиден,* IT технологиялары (чөнтөк телефон, нотбук, нетбук, планшет, электрондук кат куржун (E-mail), скайп, вотсап, теле, кино-фильмдер, OK, DVD, MTV, KTV, Internet ж.б.) маалымат каражаттары окуяларды, жаңылыктарды, азыр эле тартылган клибдерди, фильмдерди ошол эле күнү, же түз байланыш менен жеринен репортаждарды бүт адамзатка таратып жиберер мүмкүнчүлүккө жетти; *үчүнчүдөн,* жогорудагы таасирлерден улам китеп окуу маданияты артка сүрүлүп, балдар жана жаштар айтыш сыяктуу фольклордук

мурастарындын бүгүнкү көрүнүштөрүнөн оолактап кетти; *төртүнчүдөн,* эне тилин таза сүйлөгөн, толук түшүнгөн муун азайып, улуттук фольклорду жараткан жана элге тараткан кыргыз тилинин колдонулуш чөйрөсү кысылды; *бешинчиден,* ааламдашуу мезгилиндеги балдардын жана жаштардын идеалы өзгөрдү, алардын көпчүлүгү эпикалык баатырларды, Ата Журт үчүн жан аябай өмүрүн берген Манас менен Курманбекти, Чолпонбай Түлөбердиев менен Дайыр Асановду өрнөк кылбайт, алар үчүн үлгү болуучу адамдар: чет жактан байып келген эмгек мигранттары, коррупциялык жол менен акча топтоп алгандар, рэкеттер, заңгырата үй салгандар, кымбат машина алгандар ж.б. жаңы доордун өзүнчө бир типтери. Мына ушундай көрүнүштөр коомду, коомдук идеалды өзгөрттү. Ушул көрүнүштүн тамырын С. О. Байгазиев изилдеп келип, мындай деп жазат: "Изилдөөлөр бүгүнкү окуучу өспүрүмдөрдүн кечөөгү ата-бабаларындай өз өлкөсү жөнүндө эмес, көбүнчө өз керт башынын маселелери жөнүндө ойлонуп, турмушка коммерциялык, прагматикалык мамиле тарабына, материалдык кызыкчылык жагына ооп баратышкандыгын ачыкка чыгарууда. Социологиялык изилдөөлөрдүн далилдеринен мисал келтирели. Маселен, балдар бүгүн мынтип ойлонушат:

"Мен шаардын сыртында дем ала турган үйлүү болууну каалар элем.

Мен үч кабаттуу жеке үйлүү болууну каалар элем.

Мен миллион акчалуу болууну каалайм.

Мен BMW машиналуу болууну каалайм.

Мен төрт кабаттуу үйлүү болууну жана дүйнөдөгү эң бай адам болууну каалайм.

Мен бизнесмен болууну каалайт элем, себеби мен жакшы жашоо, "крутой" болуу жана шаарда, өлкөдө "авторитет" болуу үчүн көп акча табууну каалайт элем".

Изилдөөнүн жыйынтыгы көрсөтүп тургандай, азыркы балдардын арасында маданий-руханий, адептик-ыймандык, атуулдук-патриоттук багытта ой жүгүрткөндөр негедир аз. Ырас, бирин-экин окуучу "Мен эски кыргыздын ырларын кайрадан жаратууну каалайм", "Мен президент болуп, өлкөмдү бай

өлкө кылгым келет” дешип жооп беришкен. Балдардын тилеги жакшы, бирок өспүрүмдөрдүн анкеталык жооптору негизинен “акча”, “пайда”, “бийлик-байлык”, “жеке атак-даңк” сыяктуу түшүнүктөрдүн тегерегинде айланчыктап турат. Балдардын дүйнөсүндөгү мындай тенденция адеп-ыйман, руханият тарбиясынын кызыкчылыгынан караганда, кооптонууну жаратпай койбойт.

Бул жагдайдан улам, кененирээк ой жүгүртүп көрөлүчү. Бүгүнкү дүйнөдө рынок, соода-сатык системасынын үстөмдүгүнүн шартында эл, мекен, журт кызыкчылыгы деген чоң түшүнүктөр урматталбай, ыйман, уят, абийир аттуу ыйык нерселер тебеленип, материалдык байлыктын культу өсүп, үлүлчөсүнөн “кабыгынын” ичине кирип кеткен өзүмчүл, индивидуалист жандар көбөйүп, акчага, алтынга, көр дүнүйөгө жүгүнүү күчөөдө. Америкалык илимпоз Кольберг “Турмушка өзүмчүлдүк, пайдакечтик, жалаң бухгалтердик, коммерциялык, технократиялык мамиле Европа менен Америкада өзүнчө бир улуттук ооруга айлангандыгын” тынчсызданып жазат. Цивилизациянын мындай терс илдеттеринин белгилери биздин Кыргызстанда да пайда болду”.

Андан ары 2006-жылы апрель айындагы кыргыз телеберүүсүнөн тартууланган бир көрсөтүүдө 5-6 кыргыз улутундагы өспүрүмгө “Эгер кайра төрөлүп калсаң, ким болор элең” деген суроо берилгендигин, берилген ушул суроолорго окуучулардын биринин артынан бири “француз болгум келет”, “орус болууну каалайм”, “немис болгум келет”, “англичан болгум келет” деп жооп беришкендигин, алар кыргыз болууну каалабагандыгын өкүнүч менен белгилейт. Дагы “Жаңы Ордо” газетасындагы маалыматка таянып “өлкөдөгү анархизмдин” кесепетин мындай цифралар менен далилдейт: алкоголиктер – 100000, баңгилер – 20000, сойкулар – 30000, ажырашуу жылына – 7000, кароосуз балдар – 50000, адам сатуу жылына – 4000, адеп-ахлак кетип, эртелеп, кээде партада төрөгөн өспүрүм кыздар жылына – 2000, мектеп рэкеттерине козголгон кылмыш иши жылына – 500 ж.б.”.

Социалдык изилдөөлөр тастыктагандай азыркы кыргыз балдары, ата-баба мурастарына, анын ичинде улуттук фольклорго кызыгуусун жоготуп койду. Элестүү айтсак, өздөрү жаткан бешикти өздөрү талкалап салды. Кыргыз

маданиятын тарыхын карап көрсөк, чоң таланттар дагы бир чоң таланттын таасиринде болгон, айталык, Сагымбай Орозбак уулунун атасы Орозбак (өз аты Акеше) чоорчу-сурнайчы, таякеси Келдибек чоң манасчы болгон, Саякбай Каралаевдин Дакиш аттуу чоң энеси да "Манасты" кара сөз түрүндө баяндап берчү экен, Токтогул Сатылгановдун апасы Бурма ырчы, кошокчу экен, Тоголок Молдонун аталаш агасы Музооке жалпы өрөөнгө гана эмес, Кетмен-Төбө тараптарга да таанымал талант болгон. Чыңгыз Айтматовдун чоң энеси Айымкан да көптөгөн жомокторду айтып берип, небересинин көкүрөгүн ачкан, ал тууралуу жазуучу кийин мындай эскерет: "Кат сабаты ачылбаса да, өзүнчө бир керемет сыйкыр акыл-эс ээси болгон чоң энем элдик ырларды, кошокторду жана жомокторду аябагандай көп билчү. Балалыгымдын таттуу күндөрү ошол чоң энемдин мээрими менен өттү" [13]. Жазуучу элдик фольклордук мурастарды боюна жаш кезинен сиңдирген экен, кийин алар жазуу процессинде Бугу-Эне, Чыпалак бала, Найман-Эне, Маңкурт сыяктуу жомоктор, мифтер катары көркөм чыгармаларында тарбиялык чоң күчтөргө айланып чыга келди. Жазуучу мындай деп айтат: "Күнүмдүк жашоонун ойку-кайкы кыймылында, оргу-баргы жүрүп, сөздөрдүн кандай маани камтып атканына анча деле барк албай калмайыбыз бар. Анан кандайдыр мезгил жылып өтүү менен көз караштарыбыз ошол эски убакта калган болот да, эмки мезгил менен кошо алардын кандай өзгөргөнүн, ушул өзгөрүү учурунда кандай тажрыйбаларга ээ болгонубузду байкабай да калабыз.

Бирок, ошол эле мезгилде өткөн бир учурларга таандык көптөгөн нерселер көз жаздымдан чыгып, унутулган да болот. А түгүл андай унутулган нерселер акыр барып тарых бүктөмдөрүнө да кирбей, жөн эле болуп да өтпөгөн нерсе сыңары кайыпка айланып да кетет. Балким, өткөн мезгилдеги кандайдыр бир жакшы элестерди өмүр бою сактап жүрүү, же түбөлүк аспиеттеп калуу үчүн да өзүнчө бир тынымсыз күрөш керектир?. . Мезгил менен акыл өлчөнөт эмеспи".

Балалык жана жаштык доорумда кыргыз элдик оозеки адабиятына өлчөөсүз чоң карызмын. Ар кыл аймактын өзүнө гана таандык үрп-адаттарына

ылайыкташкан оозеки адабияттын опсуз күйөрманы элем. Булардын баары өз кезегинде адамдарга ырахат тартуулап, жашоолоруна шаң кошкондур. Кийин мен элдик каада-салт, жөрөлгөлөрдөгү, ырлардагы философияны, ишенимдерди, үмүттөрдү, максаттарды, табият менен болгон тыгыз байланышты таба алдым. Алар кандайдыр бир чакырык, бир ишти тапшыруу жана адамзаттын түбөлүк өктөлүү өмүр парздары болуп саналат.

"Эгин эккендеги айтым" мен үчүн кандайдыр бир ыйык дуба, азыркыча айтканда, манифест. Аталарыбыз өзүлөрүнүн бул дүйнөдөгү парзын ушул элдик айтым аркылуу туюшса жана туюнтушса керек. Мен үчүн ата мурастарынын баары кундуу да, куттуу да ыйык таберик.

Азыркы мезгилде эгиндин нан болгонго чейинки мээнетин ким билет да, ким туят? Же нанга жетүүгө жан үрөгөн адамдардын эмгегин ким билип, ким баалай алат?

Ооба, нан белгилүү бир суммадагы акчадан улам сага берилүүчү нерсе, аны дүкөнгө акчаңды санап өткөрүп, ошого айырбаштап аласың. Байыркы кыргыз дыйканынын эгин бастыргандагы айтымын эшит да, анын өз кесибине байланыштуу бардык маалымат камтыганына оозуң ачылсын, анын канчалык даражада көрөгөч, тубаса билимдүү экенин эшите бер, бурадар...

Же ашуу алдындагы айтымда, же шамалга кайрылуудагы элдик нускада не деген философия уюп жатат? Бүгүнкү окурмандар табияттын адам рухуна болгон таасирин анча деле капарына албай, күнүмдүк жашоосунан ал ыйык казынаны түртүп, оолактатып салгандай. Ошондонбу, алар өткөндөгү ата-бабалардын акыл-оюнда, парасатында не деген нерселер жашырылып жатканы менен иши болбой калгандай…" [13, 152-153-бб.].

Ошол муунду алмаштырган азыркы муун тууралуу Баткен шаарындагы Кызыл-Жол орто мектебинин окуу бөлүмүнүн башчысы Махабат Алимова мындай дейт: "Чыңгыз Айтматов ким?" деген суроого жакында эле бир окуучу ойлонбостон туруп "акын" деп жооп берип салды. Анын жанындагы жакшыраак окуган курдаштары каткырып күлүштү, бирок эмнегедир менин күлкүм келбей эле катуу ыза болдум. Эмне деген жаштардын мууну келе

жатат? “Жаштар – биздин келечегибиз” дейбиз. Келечегибиз ушундай түркөй жаштарыбыздын колуна түшө турган болсо анда мамлекет кайсыл жакка баратат?

Биз мектепте окуп жүргөн учурда танапис болору менен китепканага чуркап, кызыктуу китептерди башка окуучулар алып коё электе алып калалы деп шашчубуз. Китепкананын ичинде чоң кезек түзүлүп калчу эле. Анан дагы ким мурда окуп бүтөт, ким китепти көп окуйт деп бири-бирибиз менен жарышып, атаандашып окуур элек. Касымалы Жантөшовдун “Каныбегин” окуп отуруп, ичине кирип кетип, ыйлап атып, жасап аткан тамагым күйүп калганы эсимден такыр кетпейт. Биздин муундун жаштары ушинтип адабий китептерди берилүү менен окуп, чыгармалардагы каармандардын турмушунан сабак алар элек.

Азыркы окуучулар адабий китеп эмес, күнүмдүк сабакты да кыйратып окубай калды. Ар биринин колдорунда бирден телефон. Замандын талабына жараша китепти интернет менен алмаштырып атат дейин десең, интернеттен бир пайдалуу маалыматтарды алып окушсачы? Интернетте пайдаланганы “Мейл Агент”, “Одноклассники” сыяктуу такыр пайдасы жок социалдык түйүндөр” [34]. Мугалим ушул абалга күйүп атат: анын күйгөнү окуучулардын китеп окубай койгону; ой келгендей нерселерди айта салып, логикалык ой жүгүртүүсүнүн жоктугу.

Фольклордук булактар менен азыркы окуучулардын таанышуусунун улам жыл өткөн сайын азайып баратышы, бир кездеги ата-бабалар үчүн табигый байланыш, карым-катыштын (“естественной коммуникация”) ролун аткарган элдик оозеки чыгармачылыктын көз көрүнөө жоголуп кетиши башкача бир көрүнүштү жаратты.

Фольклор – социалдык жоопту атуулдун калыптануусунда, анын өз элинин тажрыйбасын үйрөнүп өзүн өзү өнүктүрүүсүндө өзгөчө ролдо турган. Элдик оозеки чыгармачылык өтө тез жана өтө көп чөйрөгө тараган, а түгүл мындай чыгармаларды изилдөө бир кезде кайсыл улуттар менен кайсыл улуттар жанаша жашаганын да билүүгө болот. Мисалы, Чоң Жетиген

жылдызынын пайда болушу, Айдагы кыз тууралуу, жыл башы Чычкан болуп калышы жөнүндө жомоктор кыргыз, бурят, алтай фольклорунда бири-бирине жакын варианттарда кездешет, демек, азыркы тапта бири-биринен алыс турган бул элдер бир кезде коңушулаш жашаганын аңдап билүүгө болот. “Манас” эпосу Ала-Тоодо гана эмес кызыл-суулук, памирдик, жызактык кыргыздарда да айтылып келет, бул эпостун улуттук жалпылыгын, таралуу чөйрөсүнүн кенендигин көрсөтөт. Ошондуктан фольклордук чыгармалар жалпы эл ичинде чоң күч катары бааланган.

Кайсыл гана элдин фольклорун изилдеп көрбөйлү – негизги тема чет элдик баскынчыларга каршы күрөшү. Мисалы, орустардын оозеки чыгармачылыгында бул элдин шведдер, монгол-татарлар, француздар менен согушу негизги орунда турат, себеби, бул тарыхый окуялар элдин аң-сезиминде терең орун алып калган. “Игорь кошуну жөнүндө сөз” славяндардын половецтер менен көп жылдарга созулган уруштарын чагылдырат. Орус фольклорунда Ермак, Иван Грозный, Суворов, Петр I ж.б. тарыхый инсандар жөнүндө ырлар, Илья Муромец жана Соловей-Разбойник тууралуу былиналар көп, аларды эл ооздон түшүрбөй айтып келген, себеби элдин патриоттук рухун көтөрүүдө мына ушундай оозеки таралган чыгармалар чоң милдет аткарган.

Орус интеллигенциясында да ааламдашууну Батыш маданиятынын терс таасири деп түшүнгөндөр көп. Ошол эле кезде оң таасири да (демократия, парламентаризм, көп партиялуулук, гендердик саясат, адамдын эркиндиги жана укугу) аз эмес. Азыркы ааламдашуунун татаал процессин тууралуу соңку учурда жазылган эмгектерде (А. И. Арнольдов, О. Н. Астафьев, Э. Гидденс, Л. Е. Гринин, С. Егишянц, В. Л. Иноземцев, Н. Косолапов, А. Н. Чумаков ж.б.) бул процесстин пайда болушу, жүрүшү, коомго жана коомдук аң-сезимге таасири көрсөтүлөт. Л. В. Дёмина азыркы ааламдашууну жеңилдетүүнүн жолу элдик салттуу маданият экенин айтса [103, 104, 105], В. К. Егоров маданиятты ааламдашуунун кыймылдаткычы жана тормозу катары карайт [108], В. М. Лукин бул процессти цивилизациялардын кагылышуулары катары эсептейт [174].

Мына ушундай ааламдашуу агымындагы “цивилизациялардын кагылышы”, биздин айрым учурда “цивилизациянын канализациясына түшүп алгандыгыбыз” (М. Шахановдун фразасы) улам татаалдап кыргыз балдарын тереңдеги тамырынан, анын ичинде улуттук фольклорунан алыстатып барат.

Биз бир нече мектептерде азыркы окуучулардын фольклордук чыгармачылыкты түшүнүүсүн аныктоо үчүн суроолор менен кайрылдык.

*Биринчи суроо:* Кыргыз телевидениесинен ар дайым берилип жүргөн айтыштарды көрүп жүрөсүңбү? (сурамжылоого 120 окуучу катышты):

– үзгүлтүксүз көрүп жүргөндөр – 6%;

– анча-мынча көрүп жүргөндөр – 22%;

– бир-эки жолу көрүп калгандар – 28%;

– такыр көрбөгөндөр – 44%.

Көрүнүп тургандай, окуучулардын 44%ы айтыштарды таптакыр көрбөйт. Анын себептери:

– сөздөрүн түшүнбөйт – 14%;

– кызыксыз – 21%;

– жөн гана жакпайт – 32%;

– башын көргөндөн кийин эле тажап кетет – 33%.

Демек, окуучулардын айтыштарды көрбөй жатышынын себептери анын сөздөрүн түшүнбөшү, кызыксыздыгы, жакпаганы, тажап кетиши.

*Экинчи сурамжылоо* “Манас таймашын”, *үчүнчү сурамжылоо* “Төкмө келсе, төр бошот” деген көрсөтүүнү көрүүгө байланыштуу болду. Буларды такыр көрбөгөндөр да 32% жана 54%ды түзүп, абал бири-бирине жакын эле экендигин тастыктады.

Азыркы шартта окуучуларга фольклордук чыгармаларды үйрөтүү аркылуу жетише турган компетенттүүлүктөр:

– цивилизациялардын таасиринде турган бала өз улутунун ичинде иденттүүлүгүн тааный билет;

– улутунун фольклордук булактарынын байлыгын, тематикалык жана стилдик көп түрдүүлүгүн аңдап түшүнөт;

– фольклор элдик патриоттук идеяларды таратуунун негизги каражаттарынын бири болуп келгенин өздөштүрөт;

– ааламдашуунун терс таасирлерине каршы күрөшүүнүн элдик идеалдарын элдик фольклордон табат;

– окуучулардын эстетикалык табити жогорулап, массалык маданияттын биздин улутка ылайык келбеген түрлөрүнө (түнкү клубдардагы бийлер, рэп жана поп музыка ж.б.) каршы тура алат;

– манасчылардын, элдик аспаптарда ойноочулардын, дастанчылардын, жомокчулардын, санатчылардан өнөрүнө кызыгуулары жогорулайт.

Кыргыз фольклорундагы тарбиялоочулук функция менен таанытуучулук функция биримдикте келип, азыркы жаштардын жана балдардын таанып билүүсүн, эстетикалык табитин көтөрүүгө салым кошуп, ааламдашуу доорунун катаал мыйзамдарына улуттук баалуулуктар менен бөгөт коюусун активдештирет.

## Биринчи бап боюнча тыянак

Фольклор – бул жамаатташкан чыгармачылык, мындай чыгармаларды түпкүлүгүндө жалгыз автор чыгарган болсо да, бара-бара ошол автор унутулуп, ар кыл доордо, ар түрдүү адамдар алымча-кошумча киргизип отуруп, жалпы элдик чыгармага айланып кетет да, аларга ошол эл, улут өз идеялдарын, тил байлыктарын кошкон болот. Мына ошол элдик мүдөөдө эң биринчи кезекте патриоттук идея сиңдирилет, себеби жер талаш, байлык талаш ар дайым адамзатты уруштарга, согуштарга чакырып турган. Андай согуштарда коргонуу, душманга каршы туруу, эгер жерин басып алган болсо, аларды сүрүп чыгуу ар бир атуулдун милдети катары эсептелген. Ал милдетти жаштарга, балдарга түшүндүрүүдө сөз өнөрү катары оозеки чыгармачылык өзгөчө орунда турган. Ар бир эле чыгарма балдардын таанып-билүү, акыл-эс сезимдерин өнүктүрүү менен аларды тарбиялоого кызмат кылган, демек, педагогикалык милдет аткарган. Кыргыздардын баатырдык эпосторунда, элдик дастандарында балдарды патриот катары тарбиялоонун каражаттары, методдору жана жолдору

кеңири чагылдырылган, эли-жерин сүйгөн инсандын идеалдуу образы түзүлгөн, Ата Журттун кооздугу, Мекендин табияты, андагы жаныбарлары менен өсүмдүктөрү сүрөттөлгөн. Мына ушул көрүнүштөр жана кубулуштар сөз өнөрүнүн дилге жетип, сезимди козгой турган поэтикалык бай каражаттары менен айтылып, угуучуга күчтүү таасир этип, анын эмоционалдык сезимдерин коргоп, эстетикалык табитин жогорулаткан.

Фольклордук чыгармалар кайсыл гана жерде, кандай гана шартта болбосун аткарыла берген, аны аткаруу үчүн концерттик зал, оркестр, же башка каражаттар керек болгон эмес, манасчынын астына көлдөлөң салынып, жанына бир кесе сары май коюлса, күүчүгө колуна комузун же кыягын берсе – жетиштүү. Көрүүчүнү же угуучуну сыйкырдуу дүйнөгө жетелеп кете берген. Өзгөчө мекен чегине душман жакындап келгенде манасчылар өз өнөрлөрүн көрсөтүп, жерди коргоого адамдарды чакырып, журтту сактап калууга үндөп турган.

Бүгүнкү күндө да дүйнөдө согуш очогу алоолоп күйүп турганда (Орусия, Украина, Сирия), этникалык кагылыштар чыга калып жатканда (Ош окуясы, Баткен согушу), ааламдашуунун агымы Ала-Тоо жерин тегиз каптай баштаганда балдарга патриоттук тарбия берүүнүн мааниси өзгөчө экендиги сезилет.

Ааламдашуунун катаал агымына туруштук берүү үчүн башкырлар “Урал-Батыр”, буряттар “Гэсар”, калмактар “Жангар”, тувалыктар “Мете Баян-Тоолай”, якуттар “Нюргун Боотур”, алтайлар “Алтай-Бучай”, хакастар “Албынжи”, өзбектер “Алпамыш”, түркмөндөр “Гөр уулу”, казактар “Козу-Корпөш, Баян-Сулуу”, кара калпактар “Кырк кыз” сыяктуу эпосторуна, дастандарына кайра-кайра кайрылап, алардын башка каармандарынын айкелдерин орнотту, алар тууралуу кинолорду тартты, спектаклдерди койду, мектеп программасында киргизип окуу сааттарын көбөйттү. Булар жаштарга ар бир элдин көп кылымдар бою мурастап сактап келген патриотизм сезимин жеткирүүгө жана бекемдөөгө, кийинки муундарга өткөрүп берүүгө кызмат кылары жыл өткөн сайын актуалдуулугун жогорулатып барат.

# II БАП. ИЗИЛДӨӨНҮН МАТЕРИАЛДАРЫ ЖАНА МЕТОДДОРУ

## 2.1. Изилдөөнүн материалдары

**Изилдөөнүн объекти:** азыркы шартта мектеп окуучуларын патриоттук тарбиялоо процесси. **Изилдөөнүн предмети:** кыргыз фольклорунун идеяларын мектеп окуучуларын патриоттуулукка тарбиялоо процессинде ишке ашыруунун педагогикалык мүмкүнчүлүктөрү.

Диссертациялык изилдөөбүз үчүн эң негизги материалдар улуттук фольклор жана патриоттук тарбиялоо боюнча президенттин жарлыктары, мамлекеттик жана өкмөттүк токтомдор, мыйзамдар болду. Алар:

1. "Манас" эпосу жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамы (2010).
2. "Кыргыз Республикасынын жарандарын, жаш муундарын рухий-адептик, патриоттук жактан тарбиялоо концепциясы" (2010).
3. "Манасты" мектептерде жана жогорку окуу жайларында окутуунун концепциясы" (2012).
4. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2019-жылдын 31-январындагы "Манас" жана Чыңгыз Айтматов улуттук академиясын түзүү" тууралуу токтому.
5. Кыргыз Республикасынын Президентинин "Кыргызстан элинин тарыхый жана маданий мурастарын окуп-үйрөнүүнү тереңдетүү жана атуулдук мекенчилдикти калыптандыруу боюнча чаралар жөнүндөгү" токтому (2012).

6. “Кыргыз Республикасындагы жарандык-мекенчилдик тарбия жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамы (2014).

7. Кыргыз Республикасынын Президентинин “Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы” мыйзамы (2021).

8. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 20-майындагы “Улуттук нарк жөнүндө” токтому (2022).

Бул документтер биринчиден, улуттук мурастарды аздектөөгө, аларды окуп-үйрөнүүгө чакырса, экинчиден, келечек муундун патриоттук сезимдерин жогорулатуу идеясын алдыга милдет кылып коёт.

*Изилдөөлөрүбүздүн дагы башкы материалдары* – кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгынын (фольклорунун) көркөм тексттери.

*Азыркы окурмандар биринчи кезекте* кыргыз элинин оозеки чыгармаларын өздөрүнөн мурдагы муундан кабыл алып, байытып, сактап, жайылтып жүрүп магнит тасмага, же кагазга түшүртүүгө жетишкен С. Каралаев, С. Орозбаков, Жусуп Мамай, Т. Сатылганов, М. Мусуманкулов, К. Акиев, А. Үсөнбаев, К. Досуев, О. Бөлөбалаев ж.б. айтуучуларга милдеткер.

*Экинчи бир топ* – элдик чыгармаларды айтуучулардын жазып алып, аларга түбөлүк “өмүр бергендер”. Алар: В. В. Радлов, Д. Г. Алмаши, Ч. Ч. Валиханов, Тоголок Молдо, А. Тыныбеков, Нурмолдо, Молдо Талип, Б. Солтоноев, Молдо Кылыч, И. Арабаев, К. Мифтаков, Ы. Абдырахманов, К. Карасаев, Ж. Мусаева, Ж. Мукамбаев, А. Токомбаева, П. Ирисов, О. Сооронов, Т. Танаев, Г. Орозова ж.б.

*Үчүнчү топ* – кыргыз фольклорун изилдөөчүлөр. “Манас” жана “Эр Төштүк” эпосунун үзүндүлөрүн алгач жазып алган немец тектүү орус окумуштуусу В. В. Радлов чыгарманын тексттин элге таанытуу менен бирге эле чыгармага карата өз пикирин айткан. Ушундай эле багытта венгер географы Д. Г. Алмаши, орус армиясында кызмат кылган казак илимпозу Ч. Ч. Валиханов “Манас” эпосу жөнүндө ойлорун айткан. 1924-жылы кыргыз жерине келген башкырт мугалими Каюм Мифтаков фольклордук чыгармаларды жыйноо менен алар тууралуу маалыматтарды берген. Фольклористика боюнча алгачкы

эмгектер Медине Богданова (1940), Калим Рахматуллин (1943), А. Тайгүрөңов (1948) тарабынан чыгарылган, алар улуттук фольклордук мурастарды тектер, түрлөр, жанрлар боюнча классификациялаган. Бул ишти жана мектеп окуучуларын теориялык жана хрестоматиялык жактан тааныштыруу милдетин 1947-жылы 8-класстар үчүн чыккан окуу китебинде Ташым Байжиев, Зияш Бектенов уланткан.

Кыргыз фольклористикасында советтик жана постсоветтик жылдарда К. Абакиров, Т. Абдыракунов, А. Акматалиев, К. Артыкбаев, М. Борбугулов, К. Бобулов, Ө. Жакишов, С. Закиров, К. Ибраимов, П. Ирисов, С. Мусаев, С. Т. Кайыпов, Б. Кебекова, Б. Керимжанова, М. К. Көлбаева, Р. З. Кыдырбаева, К. Кырбашев, Г. Ж. Орозова, М. Өмүрбай, Т. Саманчин, О. Сооронов, Ж. Субанбеков, Ж. Таштемиров, С. Тиллебаев, Б. М. Юнусалиев ж.б. адабиятчылар оозеки чыгармачылыктын ар кандай багыттары боюнча изилдөөлөрдү жүргүздү.

Улуттук фольклор биринчи кыргыз жараны пайда болгондон тартып эле пайда болуп, азыркы күнгө чейин уланып келет. Анын пайда болуп, калыптанып өсүшүн Макелек Өмүрбай үч доорго ажыратат: биринчиси, баштапкы доор адабияты; экинчиси, байыркы доор адабияты; үчүнчүсү, кийинки доор адабияты [236, 402-б.].

Орус фольклористикасында фольклордук чыгармаларды жанрлар боюнча классификациялоонун бир топ жеткиликтүү варианты В. П. Аникин түзгөн вариант деп эсептелет:

1. Кичи жанрлар:

– колыбельные песни;

– пестушки;

– потешки;

– прибаутки;

– календарные песни;

– игровые припевы, приговоры;

– жеребьевые сговорки, считалки, дразнилки, скороговорки;

– пословицы и поговорки;

– загадки;

– песни.

2. Былины.

3. Сказки (сказки о животных; волшебные сказки) [290, 11-30-бб.].

Кыргыз фольклорун балдар адабиятын изилдөөчү М. Түлөгабылов мындай классификациялайт:

*Ыр:*

– бешик ырлары;

– дүйнө таануу жөнүндөгү ырлар;

– беймарал маанайдагы ырлар;

– эмгек ырлары;

– насаат ырлары;

– тиричилик ырлары;

– тарыхый ырлар.

*Жамак (кенже жанр):*

– жаңылмач;

– табышмак;

– апыртма (калп);

– макал;

– ылакап.

*Жомок:*

– уламыш;

– болумуш;

– тамсил;

– жөө жомок;

– дастан (эпос) [286, 16-б.].

*Гүлбара Орозованын бөлүштүрүүсү төмөнкү ырааттуулукта:*

*I. Балдар ырлары:*

1. Бешик ыры.

2. Оюн ырлары жаш өзгөчөлүгүнө, аткарылышына жана маанисине карата экиге бөлүнөт:

*1. Майда жаштагы бөбөктөргө арналган оюн ырлар:* Сал-сал билек, Тай-тай балам, Манжалардын оюну ж.б.у.с.; балдардын жаман жоруктарын жоюу максатында айтылуучу чымчыкейлер; айлана-чөйрөнү кабыл алуу, баамдоого карата айтылуучу ырлар.

*2. Тестиер балдардын оюн ырлары:* акыйнек айтышуу; мал-жанга, жаратылыш кубулуштарына арнап чыгарылган балдар ырлары; улуу Ата мекендик согуш мезгилиндеги балдар ырлары.

II. Жаңылмачтар.

III. Табышмактар.

IV. Балдар оюндары.

V. Калптар.

VI. Макал-ылакаптар.

VII. Жомоктор.

Классификатор мындай классификациялоодо фольклордук чыгармалардын генетикасын, аткарган кызматын, башка жанрлардын бири-бири менен болгон синхрондук жана диахрондук байланыштарын эске алгандыгын айтат [231, 7-б.].

Балдар фольклоруна байланыштуу бир топ соңку классификацияны адабиятчылар К. Исаков менен А. Муратов жүргүзгөн. Алардыкы боюнча мындай:

*1. Эпикалык тек:*

– дастан;

– жомок;

– миф (аңыз);

– уламыш жана легенда;

– санжыра;

– аңгеме-баян;

– макал-ылакап;

– табышмак;

– жаңылмач;

– калп (апыртма);

– ишенимдер, тыюулар жана табыркалар;

– тамсил;

– анекдот (апенди).

*2. Лирикалык тек:*

– баланын төрөлүшүнө, өсүшүнө байланыштуу каада-салт ырлары;

– оюн ырлары;

– эмгек ырлары;

– мезгил-маал (календарлык) ырлары;

– дарым, же эм-дом ырлары;

– дүйнө таануу ырлары;

– армандар;

– кошоктор;

– айтыш ырлары;

– санат-насыят, нуска, терме ырлары же дидактикалык лирика;

– бата ырлары.

*3. Драмалык тек:*

– куудулдар же маскарапоздор (клоундар) театры;

– аскиячилик;

– бакшычылык [211].

Кыргыз фольклорунда чыгармалардын тектик, түрлүк, жанрдык жактан мындай бөлүштүрүү өтө эле шарттуу, себеби оозеки көркөм чыгармачылыбыздын чеги бай жана ушул бай мурастар биздин изилдөөгө материал болуп берет. Дээрлик бул жанрлардын көпчүлүгүндө патриоттук идеялар көтөрүлөт жана жаштарды патриоттуук тарбиялоого багытталат.

Булардын башында, албетте, “Манас” эпосунун тексттери турат. Эмгегибизде С. Орозбаковдун 1978-жылы чыккан биринчи [185], экинчи [187], 1981-жылы жарыяланган үчүнчү [189], 1982-жылы окурмандарга сунушталган төртүнчү [190] китептериндеги тексттерден материал катары мисалдарды, идеялары алдык. Эпос боюнча дагы пайдаланылган тексттер С. Каралаевдин варианты [188], 1958-жылдагы эпостун кыскартылып, бириктирилип чыккан басылышы [194], Тоголок Молдонун [192], Жусуп Мамайдын [193] варианттары. “Манас” эпосу боюнча энциклопедиялар [197], окуулуктар [61; 123; 124; 199; 200] кенен маалыматтарды алууга материал болуп берет.

“Эр Төштүк” эпосунда Жер астына түшүп кеткен Төштүктүн Жер үстүн сагынуусу өзгөчө патриоттук рухта берилет. Сараңбай дегендин мындай деп айтканы бар:

“Кыргыздын кыпчак эл элек,
Кыйыным Төштүк жогунда
Кыйла журтка кем элек.
Кем болуп жүргөн себебим:
Имерилип чырлашсак,
Инди кордук салчу эле.
Сен бөлөгүн айтып нетесиң,
Кыздан алым алчу эле.
Алымына чыдабай,
Журт чуркурап калчу эле.
Алты миң жамбы, миң кундуз,
Ай сайын салым салчу эле.
Сабап атып, саргартып,
Тегиз жыйнап алчу эле.
Алымына чыдабай,
Ар ким ыйлап калчу эле.
Кечээ кабарыңда бар бекен?
Элеман уулу эр Төштүк,

Эрээн тартып, эр болуп
Эр уулу менен тең болуп,
Ок өтпөс тонду кийгенде,
Олчоюп атка мингенде,
Ордолуудан кан болуп,
Орунтуктуу эр болуп,
Урунууга тоо таппай,
Урушарга жоо таппай,
Булуттай куйрук Чалкуйрук
Тартып оозун бурганда,
Чоңсунган дөө алптарды
Такыр айдап кырганда...” [303, 326-б.].

Мында текстте баяндалгандай кыргыздын кыпчак уруусунан чет элдик баскынчылар (индилер) кыздарды, аларга кошуп ай сайын алты миң жамбы, миң кундуз салык алчу, алсыз эл чуркурап калчу, ошол абалдар “Элеман уулу эр Төштүк, эрээн тартып, эр болуп, эр уулу менен тең болуп, тозгон элди чогултуп, ок өтпөс тонун кийип, булут куйрук Чалкуйрук атын минип ордо курду. Бул сөздү Сараңбай айтып жатканына караганда эл камы үчүн туулган баатыр патриоттор карапайым адамдар үчүн гана керек эмес, байлар да алардын туулганына сүйүнүп, кылган иштерине жардам берип турат. Кадимки Манас баатырдын согуштук жүрүштөрүнө Ташкенттин каны Көкөтөй материалдык жардам берип турган (азыркыча айтканда, меценат), ансыз аскер топтоо, курал-жарак жасатуу, урушка кирер аттарды өстүрүү, табына келтирүү, узак жүрүштөргө чыгуу мүмкүн эмес. Демек, патриоттор баатырлар гана эмес, колунда малы, казынасында алтын жамбысы, коктусунда жылкысы бар байлар да болгон.

Элдик жомоктордо кемпир-чалдын, же кембагалдын баласы (кызы) абдан көп кыйынчылыктарга дуушар болуп жүрүп эли-жеринин душмандарын, алардын ичинен сыйкырдуу жаныбарларды (дөө, сыйкырчы, жин, шайтан, желмогуз ж.б.), чет элдик баскынчыларды, сараң байларды жеңип, калкына

адилет кан болот, тынчтык орнотот. Бул жомоктор эл тилегин чагылдырып турат.

Макал-ылакаптардын абдан көбү жаштардын патриоттук сезимдерин көтөрүүгө карата айтылат, мисалы, сырттан душмандар басып киргенде уруу аксакалдыры, нарктуу байбичелер “Жоо аяган жаралуу”, “Жоонун сыртында болгончо ичинде бол”, “Жоо кеткен соң кылычыңды ташка чап”, “Баатыр болсоң – душмандан качпа”, “Өткүр ок – душманга, өткүр сөз – тууганга”, “Уулдун уулу мекен коргойт, душмандын астын торгойт”, “Элине моюшкан азамат душманына тизе бүкпөс”, “Үйдө өлгөн – жаманат, жоодо өлгөн – салтанат” ж.б. макалдарды айтып, жигиттерди намыстанткан, алардын эл алдындагы вазийпасы эмнеде экендигин кыска жана нуска насааттарда так көрсөтүп берген.

Кыргыз фольклорундагы түздөн-түз тарбия айткан, адамдын кулагына шак эле сала берген жанр – санат-насыят, терме ырлары. Аларды адамдар жаттап алып, балдарды тарбиялоодо ар дайым колдонуп, педагогикалык кодекс катары ооздон оозго өткөрүп турган. Элдик санат ырларында мындай саптар кездешет:

Саргарса кайгы аралаш,
Санаа өмүр кемитет.
Жоону сайып алуучу,
Жолборс жүрөк эрендер.
Арбайып артта калуучу,
Айласыз тууган бечелдер [257, 170-б.].

Мындагы педагогикалык ой-жоону талкалагандар эрендер, жолборс жүрөктөр, ал эми ар кандай согуштарда артта арбайып жүрүүчүлөр – бечелдер. Мында эки түрдүү адамдардын сапаттары бирине бири каршы коюлуп жатат. Ырдын максаты бечелдерди эрен болууга чакыруу.

Терме ырларында жоого каршы аттанып барган эр жигит гана эмес, ошондой жигиттерди төрөгөн энелер да даңкталат:

Бурама темир сом балка,

Бурабай соккон устаны айт,

Буркурап учкан булутту айт,

Асмандагы жылдызды айт,

Суу түбүндө кундузду айт.

Аргымак тууган бээни айт,

Атан тууган төөнү айт.

Тоодо жүргөн кайыпты айт,

Баатыр тууган зайыпты айт [257, 183-б.].

Патриоттуулуктун эң башкы шарты, жеңишке жетишүүнүн бирден бир мүмкүнчүлүгү – ынтымактуулукта. Кыргыз фольклорунун дидактикалык жанрдагы чыгармаларында, анын ичинде санат ырларында ынтымак темасы патриоттуулук идеясы менен биримдикте каралат.

Ынтымагың бар болсо,

Ар жерден намыс аласың.

Башкадан келген душманга,

Батырып найза маласың,

Ынтымагың бар болсо,

Мусапыр келсе багасың,

Сөздү сылык чыгарсың,

Кимге да болсо жагасың [257, 186-б.].

Же дагы:

Ынтымагың бар болсо,

Түлөйсүң жазгы кунандай.

Ынтымак кетсе элиңден,

Бекинесиң душмандан,

Бүркүттөн качкан улардай [257, 187-б.].

Патриоттук тарбиялоодо материал болуп берүүчү мектептерде окутуулучу фольклордук адабий көркөм тексттер төмөнкүдөй жайгаштырылган (2.1-таблица).

**2.1-таблица. – Фольклордун чыгармалардын аталышы, берилген сааты (II-IV класстар)**

| № | Фольклордук чыгарманын тематикасы | II (окуу китебинин авторлору: Б.Абдухамитова С. Рысбаев К. Ибраимова [3] | III (окуу китебинин авторлору: Б.Абдухамитова С. Рысбаев К. Ибраимова [4] | IV (окуу китебинин авторлору: С. Рысбаев К. Ибраимова Б.Абдухамидова [249] | Баары |
|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Манас | 1 | 3 | 4 | 8 |
| 2. | Жомок | 15 | 4 | 2 | 21 |
| 3. | Элдик ыр | 1 | 1 | 1 | 3 |
| 4. | Табышмак | 3 | 1 | 1 | 5 |
| 5. | Уламыш | 2 | 4 | 3 | 9 |
| 6. | Макал-ылакап | 1 | 1 | 1 | 3 |
| 7. | Жаңылмачтар | 1 | 1 | 1 | 3 |
| 8. | Кожожаш | | | 1 | 1 |
| 9. | Эр Төштүк | | | 1 | 1 |
| 10 | Тыйымдар | | | 1 | 1 |
| 11 | Чечендер | | | 1 | 1 |

**2.2-таблица. – Фольклордун чыгармалардын аталышы, берилген сааты (V-XI класстар)**

| Чыгарма | Берилген сааттар | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | V | VI | VII | VIII | IX | X | XI | Жалпы |
| Макал-ылакаптар | 2 | | | | | | | 2 |
| Табышмактар | 1 | | | | | | | 1 |
| Жаңылмачтар | 1 | | | | | | | 1 |
| Элдик тамсилдер | 2 | 2 | | | | | | 4 |
| Жомоктор | 4 | | | | | | | 4 |
| Элдик санат-насыят ырлары | | | | | | | | |
| Эмгек ырлары | | 2 | | | | | | 2 |
| Каада-салт ырлары | | 2 | | | | | | 2 |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Арман ырлары | | 1 | | | | | | 1 |
| Кошоктор | | 2 | | | | | | 2 |
| Апырмалар | 1 | | | | | | | 1 |
| Манас | 4 | | | 25 | | | 18 | 47 |
| Эр Төштүк | | 4 | | | | | | 4 |
| Кожожаш | | | 4 | | | | | 4 |
| Эр Табылды | | | 4 | | | | | 4 |
| Курманбек | | | | 3 | | | | 3 |

Жогорудагы таблицадан көрүнүп тургандай орто мектепте “Манас” эпосу – 47, “Курманбек” – 3, “Кожожаш” – 5, “Эр Табылды” – 4 (жалпы эпостор – 49) саат менен окутулат. Жомокторго – 25, макал-ылакаптарга – 5, табышмактарга – 6, жаңылмачтарга – 4, элдик тамсилдерге – 4, эмгек ырларына – 2, каада-салт ырларына – 2, арман ырларына – 1, кошокторго – 2, апыртмаларга – 1, элдик ырларга – 3, уламыш жана болмуштарга – 9, элдик тыйымдарга – 1, чечендик сөздөргө – 1 сааттан берилет. Мындан тышкары макал-ылакаптар, табышмактар, жаңылмачтар атайын саат бөлүнбөй башка темалардын арасында да сунуш кылынган. IX-XI класстарда фольклордун чыгармалар окутулбайт. Жалпысынан орто мектепте кыргыз фольклорун окутууга 125 саат убакыт бөлүнөт. Андан тышкары класстан тышкары окуу үчүн, жазуу иштери үчүн да сааттар бөлүнөт. Мына ушул убакытта үйрөнүлүүчү фольклордук чыгармалар азыркы мектеп окуучуларын патриоттук тарбиялоонун чоң ресурсу болуу менен биздин изилдөөнүн материалдарын түздү.

## 2.2. Изилдөөнүн методдору

Изилдөөнүн объектине, предметине ылайык изилдөө жүргүзүүдө жана аны диссертациялык иш катары тариздөөдө бир топ теориялык жана практикалык методдорду пайдаландык.

*Алардын негизгилери:*

– элдик фольклордук чыгармаларды балдарды патриоттук тарбиялоо процессинде пайдалуу боюнча кыргыз элинин салттуу педагогикасын тажрыйбаларын комплекстүү үйрөнүү;

– фольклордук чыгармалардын патриоттук тарбиялоого кошо турган педагогикалык мүмкүнчүлүктөрү боюнча этнопедагогикалык факт жана материалдарды тандоо, аларды системага салуу жана синтездөө;

– фольклордук чыгармалардын патриоттук идеялары жана аларды билим берүү-тарбиялоо процессинде пайдалануу боюнча педагогикалык, психологиялык, этнографиялык, социологиялык, тарыхый, адабияттаануу боюнча адабияттарды талдоо жана жалпылаштыруу;

– социалдык-педагогикалык методдор: байкоо; анкеттөө; сурамжылоо; тест жүргүзүү; аңгемелешүү;

– мамлекеттик жана өкмөттүк токтомдорду, мыйзамдарды, мектеп документтерин, окуу программалары, окуу китептерин ж.б. окуу куралдарын үйрөнүү;

– мугалимдердин, тарбиячылардын иш-тажрыйбаларын жыйноо жана аларды жалпылоо ж.б.

Изилдөөнүн методу бул эмгекте алдын ала коюлган максатка жетишүүнүн жолдору, усулдары, ал көптөгөн ишмердүүлүктүн айкалышынан келип чыгат.

Изилдөөбүздө колдонулган методдордун айрымдары 2.3-таблицада көрсөтүлдү.

**2.3-таблица. – Диссертацияны жазууда колдонулган негизги методдор жана алардан күтүлгөн жыйынтыктар**

| **Илимий изилдөөдө колдонулган негизги методдор жана күтүлгөн айрым жыйынтыктар** | |
|---|---|
| **Методдор** | **Жыйынтыктар** |
| Фольклордук чыгармаларды үйрөнүү жана жыйынтыктоо | Кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгында патриоттук тарбиялоо боюнча педагогикалык идеялардын чагылдырылышы аныкталды. |

| | |
|---|---|
| Тарыхый материалдарды үйрөнүү жана жыйынтыктоо | Элдин башынан өткөн оор учурлардагы тарыхта жашап өткөн инсандардын патриоттук иш-аракеттери, жүрүм-турумдары каралды. |
| Этнографиялык эмгектерди үйрөнүү жана пайдалануу | Кыргыздардын үрп-адаты, салты, жөрөлгөлөрү аркылуу патриот инсандарды кантип тарбиялагандыгы, андай тарбиянын этнографиялык каражаттары изилденди. |
| Элдик фольклордук чыгармаларды балдарды патриоттук тарбиялоо процессинде пайдалуу боюнча илимий-теориялык (философия, педагогика, психология, этнография, адабияттаануу) эмгектерди талдоо жана жалпылоо | Изилдөөнү аргументтүү жүргүзүү үчүн теориялык-методологиялык эмгектер аныкталды, изилдөөбүздүн илимий-теориялык базасы бекемделди жана ишенимдүү болду. |
| Эл менен аңгемелешүү | Изилдөөдө коюлган теориялык ойлор жеке адамдардын тагдыры менен бекемделди |
| Нормативдик материалдарды үйрөнүү | Мектепте жана мектептен тышкаркы мекемелерде окуу стандарттарын, окуу программаларын, окуу китептерин, класстык журналдарды ж.б. номативдик документтерди үйрөнүү диссертациянын коюлган максат-милдети менен байланыштырылды, кайсыл материалдарды үйрөнүү керектигин көрсөтүп берди. |
| Мугалимдерден, окуучулардан анкета алуу, аларды оозеки сурамжылоо, тест жүргүзүү | Фольклордук чыгармаларга окуучулардын кызыгуулары, кабыл алуулары жана азыркы жаштарга алардын таасирин күчөтүүнү активдештирүү жолдору аныкталды |

Биз изилдөөбүздүн айрым методдорун кайсыл учурда, кандайча колдонгонубузга токтолуп кетебиз.

## 2.2. Изилдөөнүн методдору

***Фольклордук материалдарды анализдөө методу.*** Биздин изилдөөнүн материалдары улуттук фольклор, ал эми биздин диссертациянын, образдуу

айтканда чийкизаты (сырьёсу), ошол фольклордук чыгармалар болуп эсептелет. Негизги методубуз тексттеги патриоттук идеялары табуу, аларга педагогикалык аспектиден талдоо берүү болгондуктан ошол текстке бир топ методдор менен мамиле кылдык. Алар: биринчиси, *контент-анализ* (англисче contents – мазмуну, мазмундук деген мааниде), б.а., коомдук илимдерде чыгарманын мазмунун анализдөөнүн стандарттуу методу; экинчиси, *структуралык-семиотикалык анализ* текстти тилдик жактан талдап үйрөнүү менен байланышат, адабиятчы Ю. М. Лотман эки китебинде [177, 178] бул методдун концепциясын терендеткен, ал тексттин тилдик үч деңгээлин (фонетикалык, морфологиялык, синтаксистик; ырдын да үч деңгээлин (фоника, метрика, строфика), мазмундук эки деңгээлин (сюжеттик-композициялык: сюжет, фабула, мезгил, мейкиндик) жана көз караштык (подтекст, контекст); үчүнчүсү, *герменевтикалык метод,* б.а., текстти түшүнүү жана интерпетациялап түшүндүрүү методу, кээде текстте ачык байкалбаган, так айтылбаган учурлар кездешет, ошолорду ушул метод менен аныктап алуу мүмкүн.

Кыргыз элинин тарыхый тажрыбасында “кан согушу” деген болгон. “Курманбек” эпосунда Курманбек баатыр кырк жигитине карап мындай деп айткан жери бар:

Мен айтам кулак салгыла,
Кырк жигитим калгыла,
Мелтиреген кол келди –
Мен чыгайын алдына [156, 25-б.].

Мында каармандын согуш алдындагы психологиялык абалын көрөбүз. Душмандын өтө көптүгү “мелтиреген кол” деген эпитет менен түшүндүрүлүп жатат. Кыргыз тилинде “мелтиреген көл”, “мелтиреген эгин талаасы”, “мелтиреген асман” деген түшүнүктөр бар, бул сөздөр бир нерселердин чексиз көптүгүн туюндурат. Колдун мелтиреп турушу аскерлердин бири-бирин тиреп, бири-бирине жакын болуп жер жайнап жатышы. Булар кимдер экендиги кийинки сапта дааналанат:

Качып берсе калмактар,

Аркамдан кирип баргыла.

Демек, Курманбек беттеше турган, алдыга келип калган “мелтиреген кол” калмактар экен. Каармандын айтуусунда ал согушка жалгыз кирип, калмактарды качырышы мүмкүн экен. Кыргыздардын баатырдык эпосторундагы согуштук стратегия жана тактикада ушундай ыкма да көп колдонулат – адегенде бир баатыры чыгат да, ал душман колун бир четтен кыйратып атканда, башкалар жарылып кача баштайт, ошондо карап турган баатырдын тарапташтары жапырт кууп жөнөйт.

Баатыр болот толсо деп,

Баарыңды жаңы курадым,

Баатырлык кандай байкап тур

Баарыңдын бала убагың...[156, 25-б.]

Бул саптарга караганда Курманбектин кырк жигити баары жаш, аны “баарыңдын бала убагың” деп атпайбы, демек, алар душман менен бетме-бет келе элек, уруштагы өлүм кандай болорун али сезе элек курактагылар. Аларды Курманбек илгери үмүт менен (“Баатыр болот толсо деп”) жаңы эле кураган, али алары баатыр да боло элек. Ал эми баатырлыктын жайы башка, бул балдар жоонун сырын да, жердин ыгын да билбейт. Согушта баатыр болуш үчүн коркпош керек, айбалта, кылыч, найза менен уруш салуу керек, аны үчүн ошол кырылышар жердин кандай экенин билүү керек. Чыныгы согушка киргенде жоокер бара-бара кызыйт, анан тер чыгат, жөн тер эмес “кызыл кандуу” тер куюлат, уруш талаасынан асмандагы булут сыңары аттардын туягынан чаң чыгат, суу ордуна сасып аткан кан чайкалат. Уруштун бул катаал трагедиясы, ар бир баатыр болом деген адам басып өтүүчү жолу.

Башынан жоодон сыр алган

Баатырлык жайын сурагын...

Кошо жүрү дегенге

Коркот деп аяп турамын

Айбалта, кылыч, найза алып,

Кылычташар эр кандай!

Кылкылдаган жоо келип,

Кырылышар жер кандай!

Кызыганда чубурган,

Кызыл кандуу тер кандай!

Асмандагы тумандай

Атып чыккан чаң кандай!

Суу ордуна чайкалып,

Сасып аткан кан кандай! [156, 25-б.].

Мына ушундай согуш башталганда артка тайсалдап качуу жок, андан көрө өлгөн артык. Жоокерчилик замандагы уруштарга кире турган баатырдык психология ушул, аламан согуштардын мыйзамдары ушул.

Мындай жоодон качканча,

Өлгөн жакшы жан калбай,

Калмактардын чегинде,

Кара шаардын жээгинде,

Карап туруп кырк жигит

Кан согушун билгиле!, – дейт андан ары Курманбек [156, 25-б.].

Бул жерде согуштун болуп жаткан орду – калмактардын чеги, Кара шаардын жээги экендиги айтылат да, эми кырк жигитке карата айтып аткан кебинин ток этер жерине келет, “Кан согушун бергиле” дейт, б.а., жалгыз өзү согушууга уруксат сурап жатат.

Текстти талдоодо “кан согуш” деген сөздү түшүнүүнүн жана түшүндүрүүнүн зарылдыгы келип чыгат. Контент-анализ, структуралык-семиотикалык анализ жана герменевтикалык метод менен карап көргөндө “кан” деген кыргыз лексикасында фольклордук чыгармаларда абдан кеңири колдонулган сөз. Элди башкарган, жоокерлерди согушка алып кирген тутул. “Манас” эпосунда Манастын атасына да “кан” деген тутул кошулуп айтылат, бирок көбүнчө “бай” деген эпитет менен сыпатталат. “Кан” деген сөз кыргыз-казак тараптан Кошой, Көкөтөй, Айдарбек, Эр Көкчө, Үрбү, Элемандын Эр Төштүк, Эштектердин Жамгырчы, Анжиандык Санжыбек, Буудайыктан

Музбурчак, Бакай, Алмамбет, Жамгырчы ж.б. каармандарга карата айтылат. Бир уруунун башчысы да кан аталган. Манастын түпкү теги кандар болсо да (Ногой кан) ууга чыккан балдар аны жаңыдан кан шайлашат. Канды шайлоонун өзүнүн процедуралары болгон жана кан болгон киши ошол элдин бүт жүгүн алган. Ушул жерден ***этнопедагогикалык, этнографиялык эмгектерди пайдалануу методун*** алып, кандык, кан көтөрүү, кандын милдеттери тууралуу А. Муратовдун жазгандарын окуп көрөлү: "Элдик дипломатиянын, мамлекет тууралуу билимдердин дагы бир көрүнүшү – ошол мамлекеттин башчыларын аныктоо. Муну Манасты кан көтөрүү инагурациясынан айкын көрөбүз. Манасты кан көтөрүү алдынан чоң той берилип, анда тогуз жүз мал союлат, токсон миң адам келет (Ж. Мамай), ыр-күү, улуттук оюндар коштолот, болочок кандын эрдиктери, адамгерчилиги даңазаланат. Манасты кан көтөрүү аземинде алтымыш уруу алаштын ар бир 480 кишисине бирден бий шайланат. Ошол эле кезде 40 жигитке Кыргыл башчы болот. Кырктын бийи Ыраман байдын Ырчы уулу дайындалат. Кеңешкор бекитилет. Кан шайлоодо кан болуучу талапкерди ар тараптан сынайт. Кан болуунун чен-өлчөмдөрү: баатырдыгы; согушта кол баштап жүрүшү; акылмандыгы; элге жакындыгы. Ошон үчүн Олуя Бакай "Башчы болбой иш болбойт, баардык ишин жайкаңар, оң-тескери сүйлөбөй, ойлоп туруп шайлаңар" (Жусуп Мамай) деп айтат, демек кан шайлоодо болочок кандын бардык ишин байкоо, аларды таразага салып салмактоо жана экинчиси, шайлоочулар оң-тескири сүйлөбөй, ойлоп туруп чечим чыгаруулары кажет" [218, 394-б.].

Ошол кан жарлыктарды чыгарат, ага жыгалуу мөөрүн басып, башка кандыктар менен дипломатиялык байланыштарды түзөт. Эң негизгиси – кыргыз кандары чет элдик баскынчылар менен согушка чыкканда алды жакта өзү жүрүп, урушка өзү баштап кирген. Жогорудагы Курманбектин "кан урушу" – бул анын жеке өзүнүн согушу, башка кырк жигитине согуш кандай болорун көрсөтүшү, али бала бойдон кырк жигиттин катарына өткөндөргө аскердик өнөрүн көрсөтүшү. Бир өзү кан экенине карабай, өлүм менен бетме-бет келүү – патриотизмдин бийик наркы.

Манас бала чакта, али согуш өнөрүнө жакшылап быша элек кезде алдынан манжулардын машыккан, согушка жадеп көнгөн төрт жүз аскери чыгат. Кыргыздар тарап – үч жүз, демек, адам саны жактан да, аскердик жактан да Манастын жигиттери утулуп калмак. Ага карабай "Айбалта башка шака-шак, чоюнбаш башка чака-чак, найзаны төшкө мылгытып" качпай, аларды көп экен деп коркпой согушуп, айылына чейин кууп барат.

Дагы бир жолу Нескара мандыкерин кошуп алты миң төрт жүз киши менен урушка кирет. Он үч жашар Манас башкача тактика ойлоп тапты: аскердин алдын кайра жапырды, жазайылды жаткырды, күлдүр мамай мылтыкты күркүрөтө аттырды, анан Манас арыстандай айкырып, кол баштап, согушка өзү баштап кирди [185, 199-б.].

Чоң согуштардын алдында жекеме-жеке беттешүү ыкмасы колдонулган учурлар да эпостордун сюжетинде кездешет. Мисалы, Нескара менен согушуу алдынан кыргыз жигиттери менен калмактар жекеме-жеке чыгуу учурунда Манас бирме-бир чыгып, Күдөң, Ыраңшоо, Шаңмусары менен беттешип, аларды жеңет, анан түбү кытай маңгүбө, он тогуз жаштагы Нескара менен беттешет. Мына ушул кезде бала Манас достору тарабынан Алтайда кан көтөрүлүп калган эле. Ал "кандык урушун" демонстрациялап, жоокерлерине дух берип, аларды алдына болуучу аламан урушка психологиялык жактан даярдап койду.

Каркырадагы Көкөтөйдүн ашында чоң чырдын башталары белгилүү болуп калган. Коңурбай баш болгон кытайлар, аларга кошулуп калмак менен манжулар кыргызга кыр көрсөтүп аткан ошол оор кырдаалда, ат чабышка кеткен күлүктөрдү күтүп аткан учурда Бакай кырк чорону ашка келген элге өнөр көрсөтүүнү өтүнөт. Кырк жигит согуштук өнөрлөрүн көрсөтөт. Коноктор менен оодарыш, күрөш, эр сайыш, эр эңиш ж.б. улуттук оюндар мелдеш катары ойнолот. Эң оору күрөш болуп, анда Жолойду Кошой жеңип чыгат, жамбы атышта да, кыргыздар татаал тапшырманы аткарат. Манасчылар "Көкөтөйдүн ашында" мындай мелдештерди жөн гана эпизод катары текстте кошо берген эмес. Дээрлик "Манастын" бардык варианттарында кездешкен бул улуттук

оюндар жердин ээси ким экендигин, кыргыздар кандай эл экендигин, аларга катылган баскынчылар эмне болорун алдын ала көрсөтүү. Ошол эле кезде кыргыз патриотизмин даңазалоо.

***Концептуалдык талдоо методунда*** фольклордук тексттерден патриоттук маанини түшүнүдүргөн сөздөрдүн жана сөз айкаштырынын жыштыгы аныкталды. Мисалы, “Манас” эпосунда “Алтай”, “Талас”, “Анжиян” сыяктуу жер аттарынын аталышынын өзү ошол чыгармадагы каармандардын патриоттук иш аракеттери менен байланышат. Манаска карата колдонулган “эр”, “шер”, “кабылан”, “арстан”, “жолборс”, “сырттан”, “канкор” ж.б. эпитеттердин колдонулушу анын патриоттук образын аныктайт.

***Этнографиялык эмгектерди, этнограф изилдөөчүлөрдүн “талаа материалдарын” үйрөнүү методунда*** биз В. В. Радлов, Г. Алмаши, С. М. Абрамзон, Х. А. Аргынбаев, А. Н. Бернштам, А. Калыш, Н. А. Кисляков, Н. П. Лобачева, Л. А. Фирштейн ж.б. европалык жана орусиялык этнографтардын, А. Акматалиев, А. Асанканов, С. Кайыпов, А. Мурзахметов, А. С. Кочкунов, Д. Т. Молдокулова ж.б. кыргыз этнографтарынан балдарды патриоттуулукка тарбиялоо багытындагы элдик үрп-адаттар, салттар жөнүндө жыйнаган жана жазган материалдарын пайдаландык. Бул окумушуулардын эмгектерин иште жалпылап, жыйынтыктап, диссертациянын айрым жоболорунда коштук.

“Талаа материалдарын” этнографтар, фольклористтер эл арасына чыгып, калк ичинен оозеки чыгармаларды жазып алат, өздөрү кызыккан суроолорго жооп таап, ошол материалды ким айтып бергенин жазып келет жана илимий иштеринде пайдаланат же кол жазмалар фондуна өткөрөт. Биз да эл ичинен айрым материалдарды жыйнадык. Мисалы, информаторлор патриоттук мазмунда мындай макал-ылакаптарды айтып беришти: “Туулган жерим – туу саяр жерим”, “Ата Журтум – алтын казыгым”, “Бакага сазы – мисир, жыланга ийини – мисир”, “Жигиттин кандай болорун элин көрүп айт”, “Багында булбул сайраса – акындар туулат, сазында бака чардаса – катындар туулат”, “Баатыр болор жигиттин билегинде күчү, көзүндө нуру бар” ж.б.

***Нормативдик документтерди үйрөнүү методу.*** Биздин изилдөө билим берүү уюмдарында элдик фольклордун негизинде патриоттук тарбиялоого байланыштуу болгондуктан башталгыч класстардын адабий окуу, эне тили, мекен таануу, музыка, V-XI класстардын кыргыз адабияты окуу предметтеринин мамлекеттик стандарттары, окуу программалары, окуу китептери, окуу колдонмолору, сабактардын пландары жана иштелмелери, мугалимдердин тарбиялык сабактарынын сценарийлери, видеосабактары талдоого алынып, алар эмгегибизде жыйынтыкталды.

***Алдыңкы тажрыйбаларды үйрөнүү методу.*** Бул багытта мугалимдердин бай тажрыйбасы топтолгон, бирок аларды жыйынтыктап, илимий-методикалык баа берүү ишмердүүлүгү педагог окумуштуулар тарабынан колго алынбай келет. Биз изилдөөдө Талас областында кыргыз тили жана адабияты мугалим болуп иштеген Наргиза Самакова “Тарбиялоонун башкы багыты – патриоттук тарбия” деген темадагы тарбиялык сабагын үйрөндүк. Мугалим “Кыргыз патриоттуулугунун булагы кайдан башталат” деген суроо коюп, андан ары орус культурологу, академик Д. С. Лихачевдун мындай сөзүн келтирет: “Азыркы учур менен тең карасак: анда эсибизге төмөнкүнү салышыбыз керек. Ата Мекенге, улуттук маданиятка, эне тилге болгон сүйүү – өз үй-бүлөсүнө болгон, үй-жайына, мектебине болгон сүйүүдөн башталарын эстөө зарыл. Кийинчерээк бул сүйүү кеңейип олтуруп өз Ата Мекенин, анын тарыхын, мурункуга жана азыркыга, жалпы адамзатка болгон сүйүүгө айланыш керек”. Мугалим сабагынын аягында окуучуларга өз айылынын атуулу Асанбек Оторбаевдин эрдиги тууралуу дил баян жазып келүүгө тапшырма берет (https://multiurok. ru/files/tarbiialoonun-bashky-bagyty-patriottuk-tarbiia-tar. html.).

Дагы бир тажрыйбасын үйрөнгөн мугалимдер “Кыргызстан – биздин мекенибиз” деген темада тарбиялык саат өткөн Ош шаарынын №46 орто мектебинин кыргыз тили жана адабияты мугалими Дилхумар Инаттила кызы (https://www. youtube. com/watch?v=UNWqsONUW9k).

“Менин сүйүктүү – Кыргызстаным” деген темада класстык санарип сабак өткөн Ош шаарынын “Кыргыз-Түрк достугу” атындагы №52 мектеп-лицейинин башталгыч класстар мугалими Адина Алашова.

Патриоттук тарбиялоодо мамлекеттик символикалар жөнүндө түшүнүк берип, гимн ырдатуу, туу, герб тууралуу айтып берүү ар жылы окуу ачылган биринчи сабакта ишке ашырылат. Өзгөн районундагы С. Эшматов атындагы №38 орто мектебинин мугалими Айнура Абдылаева мекентаануу сабагынан “Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик символикалары” деген темада сабак өтүп, анын видеосун интернетке жүктөгөн (https://www. youtube. com/watch?v=mRxcK8rx7Zo)

Талас районундагы К. Нанаев атындагы Арал орто мектебинин мугалими Б. Исаков “Манас” эпосунун патриоттук мазмундагы саптары менен иштөөдө окуучулар менен бирдикте төмөнкүдөй сөз берметтерин табышат:

Чокморунан чок чыккан, чок жарылып от чыккан.
Кармаганда кан чыккан, тиктегенде жан чыккан.

Аркар аяк, жез билек ат жакшысын мингизет
Кош бадана, торгой көз тон жакшысын кийгизет.

Кулаалы таптап куш кылган,
Куранды жыйнап журт кылган.
Тели куш жыйнап куш кылган,
Тентиген жыйнап журт кылган.

Ит ичпей турган ашынан үмүт кылат.
Арстан турган жерге аюу жолобойт (Көкчөнүн сөзүнөн).
Сунса кол узарат, жумулса, көз ачылат [124, 108-109-бб.].

Фольклордук чыгармалардагы патриоттук идеяларды аныктоо боюнча мугалимдердин тажрыйбаларын үйрөнүү жана аларды өз тажрыйбабызда колдонуу бизге төмөнкүлөрдү берди:

– патриоттук тарбиялоо боюнча өз тажрыйбабызды башкалардын тажрыйбасы менен салыштырууга;

– жүргүзүп жаткан билим берүү жана тарбиялоо ишмердүүлүктөрдү методикалык жактан байытууга;

– фольклордук чыгармалар аркылуу окуучуларды патриоттук тарбиялоого багытталган чыгармачылык иш аракеттеринин мазмунун жана формаларын байытууга, оптималдуулугун жогорулатууга педагогикалык шарттарды жана мүмкүнчүлүктөрдү жаратып берет.

***Байкоо методу*** аркылуу фольклордук чыгармаларга кызыгып жүргөн окуучулардын берилүү себептери, ошондой чыгармалардан алган таасирлери, үй-бөлө мүчөлөрүнүн фольклордук мурастарды колдонуп, балдарына патриоттук тарбия берүүсү ж.б. ишибизди жазууга керектүү ишмердүүлүктөр байкоого алынды.

Ушундай эле суроолорго жооп алуу үчүн ***сурамжылоо, анкеттөө, текст жүргүзүү*** сыяктуу изилдөөнүн жөнөкөй методдорун колдондук.

***Эксперимент методу.*** Кыргыз фольклорунун материалдарын пайдаланып мектеп окуучуларын патриоттук тарбиялоо боюнча ар бир сунушубуз, теориялык ойлорубуз билим берүү мекемелерде сынактан өткөрүлүп турду. Изилдөөнүн эксперименталдык базалары катары Ош облусунун Кара-Суу шаарындагы В. И. Ленин атындагы №66 орто мектеби, Ош облусунун Кара-Суу шаарындагы Балдар чыгармачылык борбору, Ош шаарындагы “Жетиген” мектеп-лицейи, Бишкек шаарындагы №93 жалпы орто билим берүү мектеби, Бишкек шаарындагы №40 жалпы орто билим берүү мектеби, Бишкек шаарындагы Балдар чыгармачылык борбору алынды *(Педагогикалык тажрыйбанын жүрүшү жана жайынтыктары 3-баптын биринчи бөлүмүндө чагылдырылган).*

## 2.3. Кыргыз элдик оозеки чыгармаларында патриоттуулукка тарбиялоо идеялары жана тажрыйбалары

Кыргыз фольклорунда өз орду бар эпос – “Эр Табылды”. Бул чыгарма улуттук мурас катары кыргыз адабияты предметинде Улуу Ата мекендик согуштан кийинки программаларга киргизилип окутула баштаган, өткөн кылымдын 70-жылдарындагы авторлору Н. Кангельдиев жана В. Шнейдман болгон VI класстын окуу китебинде А. Тыныбековдун айтуусунда “Эр Табылды” эпосунун кыскартылган варианты берилет. Ошол жылдардан бери бул чыгарма мектептерде окутулуп келет. Азыр “Эр Табылды” эпосторун үйрөнүү VII класстарга 4 саат көлөм менен сунушталган.

Азыркы муундун көп өкүлдөрү Эр Табылдыны тарыхый инсан катары түшүнүшөт. Ага негиз болуучу көрүнүштөр: Эпосто Табылды баатырдын катаган уруусунан экендигинин айтылышы, ал эми бул уруу кыргыздар арасында гана эмес монгол, казак, өзбек, кара калпак элдеринин ичинде да учурараганы; “Манас” эпосундагы каармандардын бири Катагандын кан Кошой болгондугу, анын Ат-Башынын Чеч-Дөбө деген чөлкөмүн жердеп турушу, анын чет элдик баскынчыларды өз жерине жолотпой, элин-жерин коргоп, башкаларга окшоп Ата Журтун таштап качып кетпегендиги; Жети-Өгүз районундагы Тосор деген айылдын топоними Эр Табылдынын калмак колун тоскону үчүн ушундай аталып калгандыгы, Табылды ташка тамга салган жер “Тамга” аталып калганы тууралуу сөздөрдүн айтылып калышы; Эр Табылдыга байланыштуу бир топ жер-суу аттары (Кара-Каман, Балгарт, Ат-Башы, Нарын, Үч-Эмчек, Тарагай, Тоң, Бөрү-Башы) бар экендиги; азыркы катаган уурусунун адамдары биздин атабыз деп Тоң районунун Кескен-Бел ашуусунун башталыш жерине Эр Табылдынын эстелигин орнотушу ж.б.

*Патриоттуулуктун биринчи белгиси* – баатырдык деп эсептелет. Андай адамдар төрөлгөндө эле билинет. Эр Табылды төрөлгөндө “бир колуна кан, бир колуна жин кармап түшүп, жер титиреп, таш кулайт, там урайт. Кысыр бээ тууп, туубас катын төрөп иет. Боконо жүрөк болк этип, бок ичеги солк этип калмак коркот, ай түбүндө алыскы душман коркот”. Эл болочок баатырдын төрөлүшүн мына ушундай элестеткен. Манас төрөлөрдө энеси Чыйырды аябай кыйналат, Умай-Энени алып келсе, ал курсактагы балага “Ак амири, чык”,

“айтканымды ук” деп уруп, ичинен куба баштайт, ошондо курсакта жаткан түйүлдүк “Ыгы менен айда, ырыскым менин кайда” деп сүйлөп жиберет, энесинин жатынынан чыкканда бир колунда чеӊгелдегени кан, экинчи колунда алтын болот, чекеси жерге тийгенде жер титирейт, баланын күркүрөгөн үнүнөн короодогу кой үркөт, матоодогу төө үркөт.

Бул чыгарманы окутуу боюнча методист Н. Кангельдиев “Адабияттык окуу сабагында адептүүлүккө тарбиялоо” деген макаласында [144, 53-85] жана усулдук колдонмосунда [143] практикалык тажрыйбаларын жыйынтыктаган: “Окуу китебинде берилген үзүндү эӊ эле кыска болгондуктан, ал... кенже өспүрүмдөрдүн эпосту бүтүндөй өздөштүрүү талабын канааттандыра албайт. Ошондуктан балдарга эпостун китеп болуп чыккан толук тексттин окуп келүүгө тапшырма берүү максатка ылайыктуу. Көп жылдык байкоолорго караганда, 12-13 жаштагы балдар үчүн бул чыгарманын бүткүл текстин окуп чыгуу, тексттер боюнча аӊгеме жүргүзүү анчалык кыйынчылык келтирбейт. Эли-жерин коргоого аттанып чыккан баатырлардын иштерине шыктанган кенже өспүрүмдөр текстти кунт коюп окушуп, үзүндүлөрүн жаттап алууга аракеттенишет”, – деп жазат да: “Текстти үйрөнүп, аны талдоо максатында чыгарманы окуунун алдында окуучулар текст менен канчалык тааныш экендигин тактап алганы оӊ [143, 29-б.]. Анткени текстти окуп чыккан балдар менен ага тааныш эмес балдардын арасында иш жүргүзүү бир катар кыйынчылык туудурат”, – дейт [143, 32-б.]. Демек, методисттин оюу боюнча, ар бир окуучу “Эр Табылды” эпосун үйрөнүүнү чыгарманын тексттин өздөштүрүүдөн баштоосу керек. Эр Табылдынын боз балдар арасында бара жатканы мындай көрсөтүлөт:

Душманды көздөй бет алса,
Ак жолборстой чамынган,
Кырк жигити кашында,
Кырмызы жоолук башында [302].

Алдыда – душман, ошол душманга карай бара жаткан кыргыз жигиттери, алар кырк жигит, кырктын башында – Табылды, анын башында кырмызы

жоолук, чамынып бара жатканы ак жолборс. Ушул төрт саптын маанисин азыркы окуучуларга толук жеткирүү үчүн видеодон ак жолборстун ууга чыккан эпизоддорун көрсөтүп, ошол көрүнүштү Эр Табылдынын чабуулу менен ассоциациялоо ыкмасын колдонуу зарыл. “Кырмызы жоолук” түшүнүгү болсо урушка кирер алдында баатырлар бир байлам жоолук менен башын бууп алышкан, себеби, биринчиден, согушта башка тарапташ жоокерлер ошол жоолукчан адамды ориентир кылууга ыңгайлуу болгон; экинчиден, башына жоолук байлануу согушта ыктуу жүрүүгө да мүмкүнчүлүк берген.

Андан кийин тексттин логикасы боюнча ошол адамдын курагы, ким экендиги айтылууга тийиш. “Мүчөлүнөн өтүптүр, аттанып он төрт жашында” делет. Кыргыздар адамдын туулган жылын “паланчанчы жылы”, “түкүнчөнчү жылы” дебейт, мүчөл жылдар менен эсептейт да, эркек бала биринчи мүчөлдөн кийин балакатка жетти деп, жоого каршы чыга берген, ошого караганда Эр Табылды он төрткө чыккан, демек, мүчөлүнөн ашкан. Анын курагы дагы да такталат: “кызыл чийкил жаш бала”, “жаагынан түк чыккан, жалындап көздөн от чыккан”. Бул өзүнчө бир жетилген курак. Ушул арбагы артык элдин ак ниеттүү боз балдары өздөрүнчө акыл ойлоп кошулуптур, ал балдар “ысыгы жайдын аптаптай, суугу сырттын шамалдай”. Колдорунда болот кылыч, алма баш мылтык. Баратышы жүрөк титиретет, көктөгү бозум куштай айланып барат, “шилтегени албарстай, ирмегени жолборстой” болуп жетилген.

Кыргыздын элдик эстетикасында баатырдын согушка кирердеги сыны жолборско, бозум кушка, курчтугу албарска салыштырылат. Ал эми баатырдыктын идеялары ар бир кыргыз үчүн Манас болгон, буларды эмдигинин Манасы деп атат. Манастап ураан чакырып кирүү – кыргыздар үчүн жеңишке жетишүүнүн шансы болгон, алар согушта атабыз Манас ар дайым карап турат, арабызда жүрөт, биз менен кошо урушка кирет деп эсептешкен [302].

Элдик эпостордогу патриотизм идеяларын ачып берүү ошол чыгармалардын көркөмдүк структурасындагы көркөм образдар менен да байланышат. Г. К. Абдыкадырова “Адабият окуу курсунда эпосторду

окутуунун методикасы (“Эр Төштүк”, “Эр Табылды”)” деген темадагы кандидаттык диссертациясында мындай тажрыйбаларын жазат: “Образды талдоонун башталышы – каармандын сырткы портретин ачып берүү деп эсептеп, Эр Төштүк, Элеман, Чалкуйрук, Желмогуз кемпир сыяктуу каармандын сырты көрүнүшү алардын ички мүнөзүн кандай чагылдырары талданды. Мында мисалдарды текстологиялык талдоого өзгөчө маани берилет. Мисалы, Желмогуз кемпирдин “желгенине жел жетпегени”, “басканына мал жетпегени”, “жети башы бар экендиги”, “соку аты”, “соку билеги”, “сексен миң чал” ж.б. түшүнүктөрдүн маанисин чечмелөө менен анын мифологиялык бир жандык экендиги аңдалат... Элдик кенже эпостордогу образдардын функциялары мындай экендиги белгиленет: гуманисттик, б.а., ошол каармандан образынын жалпы адам баласы тарабынан кабыл алынган адамгерчиликке үндөөсү; таанытуучулук (познавательная), б.а., адабий каармандын дүйнөнү жана адамды таанып билүүгө салым кошуусу; эстетикалык, б.а., сөздүн табиятынын көркөмдүк жагын аңдатуучулугу, адамда катарсис жаратуучулугу, оң идеалдарга тарбиялоочулугу; маалыматтык, б.а., өткөн адамдардын турмуштук тажрыйбаларын азыркыларга өткөрүп берүүчүлүгү; башкаруучулук-багыттоочулук, б.а., коомдун жүрүш-туруш нормаларын жана талаптарын сентенция формасында ар бир адамга жеткирүүчүлүгү” [5, 12-б.].

*Образ* – бул көркөм адабияттын жаны, ошол образды каарман түзөт, каарман типтүү каарман болгондо гана этикалык-эстетикалык күчкө ээ болот. Ушундай аспектиден Эр Табылдынын образын ачуу үчүн анын бейнесин ар тараптан талдоо зарылдыгы келип чыгат да, ал төмөнкүдөй багытта жүрөт. Эр Табылды жөн гана жерден чыга калган баатыр каарман эмес, анын Ата журтуна сырткы душман Чалкалмак бастырып кирип, элинин мал-мүлкүн талап, кыздарды олжолоп кетет. Мындай кезде патриот жигиттер ар дайым элдин эркиндигин сактоо, көз каранды болуп калбоо үчүн колуна курал алган. Баатыр болушунун мотиви башкалардын жерине көз артып, басып кириште эмес, өз элин-жерин сактап калышта. Каарман баскынчыларга каршы согуштук аракеттерге барганга чейин өзүнүн катаган уруусун жыйнап, алардын ичиндеги

акылмандардын, кеңешчилердин, аксакалдардын сөзүн угат. “Айланайын, кырк досум, кыркың бирдей жолдошум, Элдияр, Эрмек баатырлар, эмчектеш болгон жолборсум”, – деп кыргыз демократиясынын кандай экендигин көрсөтөт. Дал ушундай аксакалдар менен (Уста карыя) кеңешип атасы Эрменканга аш берүү каадасын уюштурат, конок чакыруу маселелерин чечет. Ашта байгеге атын орто жолдон кошуп ийген Кудайназардын Алтыбай баштаган балдарынын “оюндан чыгарылышы” да ошондой карылар менен кеңешип туруп аткарылат. Мына ушундай акылдуулугун, патриоттулугун туюп-билген уруу жакшылары атайын адамдарды сындан өткөрө турган киши таап, анын алдына алтымыш жигитти коюп берет, алар болсо Табылдынын талапкерлигин жактырат.

Патриот баатырлар согушта тактиканы жана стратегияны мыкты колдоно билген адистер катары көрсөтүлөт. Мисалы, Эр Табылды душманы Чалкалмак менен беттешүүгө барарда ок, дарыны мол алат, алардан озунуп мурдараак чыгат да, позициясын бекемдөөгө үлгүрөт, капчыгай менен жүрүп, кара кыр ашып барат да, карышкыр жүрбөс мөңгүгө жетип, дүрбү салат. Жоого бара жатканда бир жагы арбакка арнап мал союп, аксарбашыл алып, ай туякка чалышат, экинчи жагы алардан өздөрүнө гүлазык камдайт. Кырк жигитин кырк бөрү атап, кээде алар чарчаганда өргүтүп коюп, өзү күндөп-түндөп чалгынга чыгат. “Табылды согуштун бардык түрү менен тааныш. Ал уруш сырын жакшы билгендиктен, жаштарга түрдүү татаал аракеттерди үйрөтүп, дайыма кыраакы болууга чакырат. Мыкты чалгын чалуу, ал аркылуу душмандын күчүн, жыйналышкан жайын жана ыңтайын алдын ала жакшылап көрүп алуу – жеңишке жеткиреерин ал жакшы билет. Ошон үчүн майданга киреерден мурун чалгынга чыгуу, жоонун күчүн эсепке алуу, анын сырын билүү, урушту өтө чебердик менен баштоо сапаттары Табылдыга мүнөздүү” [278, 22-б.]. Табылды элден чыккан ошол элдин уулу катары жетим-жесирге карамдуу, кайрымдуу (“Жесир катын бар болсо, жетимиштен кой берди, жетим бала бар болсо, жети саан уй берди, эл ичинде кедейге, эки бооз бээ берди, эси кеткен кемпирге, эки нарча төө берди”). Ал – адилет башкаруучу. Кыргыз элинин башкаруучу кандай

болушу керектиги тууралуу идеалы дал ушул Табылдынын образына сиңдирилген.

Каармандардын патриоттук сапаттарын берүүдө элдик баатырлар менен душмандын жол башчысын салыштырып көрүү ыкмасын да биз жаштарды тарбиялоодо эффективдүү ыкма катары эсептейбиз. Мисалы, окуучулар менен мындай 2.4-таблица түздүк.

**2.4-таблица. – Эр Табылды менен Чалкалмакты салыштыруу**

| **Эр Табылды** | **Чалкалмак** |
|---|---|
| *Мүнөзү боюнча* | |
| баатыр; эр жүрөк; эл үчүн кам көрүүчү; достукка, сүйүүгө бекем; сабырдуу; кишичил; берешен; жоомарт ж.б. | талоончул; армандуу; ачкөз; дүйнөкор; карамүртөз; алабарман; кекирейген; кыраакы ж.б. |
| *Тексттен алынган саптар боюнча* | |
| “Ак жолборстой айкырып”<br>“Кабыландай бакырып”<br>“Ээрин тиштеп качырып”<br>“Манастап ураан жат айтып,<br>Алмамбет атын бат айтып”<br>“Көк бөрүчүл түгөнгүр”<br>“Бозум куштай айланган”<br>“Шилтегени албарстай”<br>“Ирмегени жолборстой” | “Жоодон качып көрбөгөн”<br>“Кишиге жолун бербеген”<br>“Ак дөө менен күрөшкөн,<br>алты күн удаа тирешкен”<br>“Нар өлтүрсө пул бербеген”<br>“Эр өлтүрсө кун бербеген”<br>“Куудай сакал агарткан”<br>“Кузгундай көзүн кызарткан”<br>“Куу байталын чапкылап жүргөн” ж.б. |
| *Карама-каршы каармандардын бири-бирине айткан сөздөрү* | |
| Үч күндүк алыс кетсе да,<br>Калмакка жетпей калбаймын.<br>Кырк күнү кырда жүрсөм да,<br>Кыйналып чарчап талбаймын | Эр болсоң кууп келип көр,<br>Эрдигимди билип көр,<br>Баатыр болсоң, келип көр,<br>Бастырып бери жүрүп көр.<br>Балбан болсоң чалышып,<br>Бабаңдын күчүн билип көр |

Мына ушул салыштыруулардан (мындай ишмердүүлүктү дагы улантып) Эр Табылдынын патриот болуп тарбияланышы, ага таасир эткен шарттар жана факторлор окуучуларга түшүндүрүлөт.

Кыргыз баатырдык эпосторунда душман тараптын баатырлары ар дайым күчтүү, айлакер катары көрсөтүлөт, эч убакта алардын бейнеси жөнөкөйлөштүрүлбөйт, андай болгондо патриот кыргыз баатырынын образы ачыкталбай калмак. Душмандын күчтүүлүгүн көрсөтүү – кыргыз баатырынын образын тереңдетүүнүн башкы шарты.

А. Муратов фольклордук чыгармаларды окутуунун төрт өзгөчөлүгүн белгилейт: *биринчиси,* андай чыгармалардын көп варианттуулугу, коллективдүү эмгек экендиги.

*Экинчиси,* мындай чыгармаларды салыштырма анализ жүргүзүү анын табиятын туура түшүнүү. Бул багытта В. М. Жирмунский “тарыхый-генетикалык” (бул же тигил көрүнүштүн түпкү тегин кароо); “тарыхый-типологиялык” (бул же тигил көрүнүштү коомдук өнүгүштүн баскычтары менен бирдикте кароо); “улуттар жана элдер аралык маданий өнүгүштүн контексттинде кароо” [112, 186-б.] дегендей ыкмаларды сунуш кылат. Мына ушундай кароонун өзү аталган эмгектин “Сравнительно-историческое изучение фольклора”, “Эпическое сказание об Алпамыше” и “Одиссея” Гомера”, “К вопросу о международных сказочных сюжетах” деген макалаларында абдан үлгү ала турган деңгээлде берилген, аларда кыргыз эпостору тууралуу да сөз жүрөт. Мугалим бул эмгекти, ошондой эле салыштырма-типологиялык талдоо жүргүзгөн башка эмгектерди да билүүгө тийиш.

*Үчүнчүсү,* элдик оозеки чыгармалар эл арасында оозеки тарагандыктан, анын алып жүрүүчүлөрү таланты бар кишилер – манасчылар, төкмөлөр, ырчылар болушкан, демек, мындай чыгармалар элге оозеки угузуу формасына ылайыкташкан, анда аткаруучунун жести, мимикасы, импровизациясы, деги эле артисттик өнөрү чоң мааниге ээ болгон. Ошон үчүн мугалим фольклордук чыгармалардын бул өзгөчөлүгүн эске алуу менен техникалык каражаттар аркылуу (видео, DVD, телевизор, кинофильм, магнитофон, компьютер ж.б.) аткаруучунун жандуу элесин, бул же тигил дастанды айтып аткандагы абалы, кебете-кешпири, үнү менен, керек болсо аны аудитория кандай кабыл алып жатканы менен таанышышы керек. Бул жагынан “XX кылымдын Гомери”

аталган Саякбай Карала уулунун "Манас" айтуу чеберчилигинен тартып, азыркы күндүн аткаруучулары, айталык, Роза Аманованын "Курманбегине" чейин мектеп балдары көрүп, угуп, андагы кереметтүү сөз күчүн жүрөгү, көзү, кулагы менен кабыл алган оң.

*Төртүнчүсү,* элдик чыгармалар, алардын ичинде эпостор азыркы балдардын дүйнөсүнө дагы жакын болушу үчүн андагы тил байлыктары менен өзгөчө иштөө керек. Биздин ата-бабалардын бүтүндөй тилдик байлыгы, том-том фразеологиялык, синонимдик, омонимдик, түшүндүрмө ж.б. "сөздүктөрү" бир гана ушул фольклордук чыгармаларда калган, азыр биз анын бир четин гана калпып жатабыз. Ырасында, учурда кыргыз тилин эң мыкты билет деген окуучулар да эпостордон өзү маанисин билбеген, түшүнүксүз сөздөрүн жайнатып таап чыгат. Андыктан кыргыз фольклору балдар – тил байлыгын өстүрө турган айдың талаа, башка бир жерден да таба албай турган рухий кенч, алтынга алмаштыргыс, казган сайын улам ары казып кете бере турган кен. Демек, мына ушул байлык да мектепте адабиятты окутуу процессинде мугалимден тилдик кең дүйнөгө киргизүү үчүн көп иштердин системасын иштеп чыгууну алдыга милдет кылып коёт" [214, 144-145-бб].

Биз "Эр Табылды" эпосунун патриоттук идеяларын окуучуларга жеткирөөдө эмнелерге жетиштик:

– окуучулардын фольклордун чыгармалар, алардын ичинде баатырдык эпос тууралуу түшүнүктөрү жогорулады;

– окуучулардын фольклор менен профессионал адабиятты салыштыруу деңгээлдери дагы тереңирээк калыптанды;

– окуучулардын тарых менен фольклордун бир учурду чагылдыруу аракеттерин түшүнүү компетенттүүлүгү калыптанды;

– азыркы жаштардын оозеки жана жазма кебинде тарыхый, архаикалык, диалектилик сөздөрдү колдонуусу бир кыйла активдешип, сөз байлыгы жогорулады;

– элдик баатырларды өрнөк туткан, алардын эрдиктерине суктанган окуучулар көбөйдү;

– окуучулардын патриоттук сезимдеринин жогорулашына, патриоттуулуктун тарыхый калыптануу процессин түшүнүүсүнө жардам болду ж.б.

Жалпы эле фольклордук чыгармаларды үйрөтүү процессинде окуучулардын патриоттук сезимдерин жогорулатуу үчүн мугалимдер жана тарбиячылар көңүл буруучу негизги факторлор:

– элдик чыгармалардагы патриоттук идеяларды алып чыккан эпизоддордун, каармандардын, поэтикалык жалындуу сөздөрдүн кыргыз элдик педагогикасынын салттары, баалуулуктары менен байланышы;

– элдик чыгармалардагы патриоттук идеяларды алып чыккан эпизоддордун, каармандардын, поэтикалык жалындуу сөздөрдүн бүгүнкү күндөгү актуалдуулугу;

– фольклордогу патриоттук идеяларды азыркы жаштарды тарбиялоодогу педагогикалык мүмкүнчүлүктөрү.

“Манас” эпосунда жана баатырдык кенже эпостордо (“Курманбек”, “Эр Солтоной”, “Эр Табылды”, “Жаңыл Мырза”, “Жаныш, Байыш” ж.б.) жана дастандарда балдарды патриот кылып жаштайынан тарбиялоонун ар түрдүү баскычтары, усулдары, факторлору, элдик тарбиялоонун бай салттары чагылдырылган. Аны төмөнкү 2.5-таблицадан көрөбүз.

**2.5-таблица. – Патриот каармандан калыптануусунун баскычтары, факторлору**

| № | Элдик тарбиянын баскычтары, усулдары жана факторлору | Көрсөткүчтөрү |
|---|---|---|
| 1. | Патриот баланын төрөлгөнгө чейинки кырдаал | Элин жоо басканы; ата-энесинин балалуу боло албай жүрүшү; балалуу болуу үчүн сыйынуулары, ырымдарды аткарышы |
| 2. | Патриот баланын төрөлүшү | Энесинин толгоосунун өтө катуу келиши; баланын жарыкка чыга албай кыйналышы; бир колуна кан кармап түшүшү |
| 3. | Патриот баланын балалык кези | Тентек болушу; жигит курашы; аскердик өнөргө 7-8 жаштан аралаша башташы; өзүнө мине турган ат тандашы; уруша турган жоо |

| | | |
|---|---|---|
| | | издей башташы |
| 4. | Патриот баланын жигиттик кези | Жоо жарактарын пайдаланууну толук өздөштүрүүсү; ким дос, ким кас экендигин толук ажырата алуусу; аксакалдар менен сүйлөшүп, өзүнө патриоттук идеяларды топтошу |
| 5. | Баатырдык үйлөнүү | Болочоктогу жубайын башка элден, алыс жерден издеши; зайып болор аял менен кылыч же сөз менен беттешип, анан табышы ж.б. |

## 2.4. Кыргыз элдик оозеки чыгармалары аркылуу окуучуларды патриоттуулукка тарбиялоо процессинин модели жана аны ишке ашыруунун педагогикалык шарттары

Илимий изилдөөнү жазууда кыргыз элинин баатырдык эпосторунун тексттин (“Курманбек”, “Эр Табылды”, “Жаныш, Байыш”) окуп чыгып, андагы башкы каарман эл баатырынын патриоттук сапаттарын мындайча моделдедик.




**2.1-сүрөт. Баатырдык эпостордогу башкы каармандын сапаттарынын модели**

Элдик баатырдык эпостордун башкы каармандарын бириктирип турган жалпылыктар:

1. Душмандан да, өлүмдөн да коркпошу.

2. Эл ичинде болушу (Баатырлар көбү кандын, байдын баласы болсо да, ар дайым эл ичинде жүрөт, элдин арасынан кырк жигит жана кол топтойт ж.б.).

3. Атты сыйлап, минген аты менен өзүн катар коюшу (Манас Аккула аты жок Айбанбоз минип барып, Коңурбай менен Көл-Кечүүдө тең келип уруша албай калышы, Курманбекке атасы Тейитбек атын бербей жараланып, согушта жеңилиши ж.б.)

4. Ишин кеңешип жасайт (Баатырлардын жанында Бакай сыяктуу акыл кошчулары, даанышмандары болот, ошолордун айтканы менен согушка кирет, душмандар менен жарашат ж.б.).

5. Согушта алдыда жүрөт, б.а., кол баштайт (Аламан уруштарда баатыр эң алдыга чыгат, жекеме-жеке найзалашууга, кылычташууга чыкканда да эл баатыры баштап берет ж.б.)

Булардан башка да баатырдын үйлөнүү салтынан өзүнчө өзгөчөлүктөрү болот (Манастын Каныкей менен уруш чыгарышы ж.б.), баатырга алабармандык, айкөлдүк, бала кыялдык сапаттар мүнөздүү. Алар төмөндө 2.2-сүрөттө көрсөтүлдү.




**2.2-сүрөт. Баатырдык эпостордогу башкы каармандын мүнөздөрүнүн модели**

Биз иштин жүрүшүндө элдик оозеки чыгармалар аркылуу окуучулардын патриоттук сезимдерин жогорулатуунун төмөнкүдөй компоненттерин жана моделин иштеп чыктык (2.6-таблица).

**2.6-таблица. – Элдик оозеки чыгармалар аркылуу окуучулардын патриоттук сезимдерин жогорулатуунун компоненттери**

| | |
|---|---|
| **Максат** | Элдик оозеки чыгармалардын негизинде мектеп окуучуларынын патриоттук сапаттарын калыптандыруу |
| **Милдет** | 1. Патриоттук тарбиянын табиятын, проблемаларын анализдөө.<br>2. Патриоттуулукка тарбиялоонун илимий-методикалык системасын иштеп чыгуу.<br>3. Элдик оозеки чыгармалардын патриоттук тарбиялоого тийгизген таасирин аныктоо жана аларды педагогикалык процессте пайдалануунун мүмкүнчүлүгүн табуу. |
| **Каражат** | Эпостор, дастандар, элдик ырлар, жомоктор, макал-ылакаптар, табышмактар, тамсилдер, апыртмалар, жаңылмачтар, санат-насыят ырлары |
| **Формалар** | Сабактар жана сабактан тышкаркы иштер |
| **Методдор** | Аңгемелешүү, сабак, айтып берүү, түшүндүрүү, талкуу, оюн технологиялары, аңгеме жүргүзүү, тест, драма ж.б. |
| **Натыйжа** | 1. Окуучуларда патриоттук тууралуу түшүнүктөрүнүн калыптанышы.<br>2. Окуучулардын патриоттук сапаттарынын көбөйүшү.<br>3. Патриот болууга үйрөтүү.<br>4. Башкалардан да патриот болуусуна аракеттенүүсү. |
| **Жыйынтыгын текшерүүнүн чен-өлчөмү** | 1. Патриоттуулук менен космополиттиктин айырмасын ажырата билүү.<br>2. “Патриот”, “патриоттуулук”, “Ата журт” түшүнүктөрүн аныктоо.<br>3. Адабий каармандардын патриоттуулук сапаттарына баа берүү.<br>4. Элдик чыгармалардын патриоттук тарбияга байланыштуу эпизоддорду, сөздөрдү бөлүп көрсөтүү.<br>5. Элдик макал-ылакаптардан патриоттук тарбия бере тургандарды айтып, алардын маанисин чечмелөө. |

| | |
|---|---|
| | 6. Патриоттук жүрүм-турумга жетишүү. |




**2.3-сүрөт. Фольклордук чыгармалардын негизинде окуучулардын патриоттук сезимдерин калыптандыруунун модели**

Фольклордук чыгармалар аркылуу окуучуларды патриоттук тарбиялоо ар бир чыгарманын мазмунун туура өздөштүрүү, андагы Ата журттун, эл-жердин

ыйыктыгы тууралуу идеянын туура аңдап түшүнүү менен байланыштуу. Мына ошол багытта изилдөөбүздү моделдөө төмөнкүдөй курамдардан турду:

1. Изилдөөнүн максаты.

2. Изилдөөнүн милдеттери.

3. Фольклордук чыгармалар аркылуу окуучуларды патриоттук тарбиялоо ишмердүүлүктөрүнүн принциптери.

4. Фольклордук чыгармалар аркылуу окуучуларды патриоттук тарбиялоо ишмердүүлүктөрүнүн технологиялары.

5. Мына ушулардан фольклордук чыгармалардын негизинде окуучулардын патриоттук сапаттарын калыптандыруунун мазмуну келип чыгат.

6. Андан кийин бул процесстин негизинде алынган натыйжалар көрсөтүлөт.

Жогорудагыдай моделдештирүүнүн жүрүшү патриоттук тарбиянын, же патриот болуп тарбиялангандыктын чен-өлчөмдөрүн (критерийлерин) туура аныктоо менен байланышат. Биз аны өз изилдөөбүзгө байланыштуу төмөнкүдөй деңгээлдерди, чен-өлчөмдөрдө жана көрсөткүчтөрдө аныктадык (2.7-таблица).

**2.7-таблица. – Фольклордук мурастар аркылуу окуучулардын патриоттук сезимдеринин тарбиялангандыгын деңгээлдери, чен-өлчөмдөрү жана көрсөткүчтөрү**

| Деңгээл | Чен-өлчөм | Чен-өлчөмдүн көрсөткүчтөрү (белгилери) |
|---|---|---|
| **Жогорку** | Керектөө | Фольклордун таасиринен улам эли-жеринин тарыхына, маданиятына, салттарына кызыгуусу абдан жакшы |
| | Билим | Улуттук фольклордогу патриотттук идеялар чагылдырылган чыгармаларды окуу стандарттары талап кылган деңгээлде өздөштүрөт |
| | Жүрүм-турум | Эли-жери үчүн күйүп-бышып жакшылыктарды жасап турат. Ата-бабалардын жүрүм-турумун өзүндө сактоо менен аларын башкаларга үлгү боло турган деңгээлде көрсөтө алат |

| | | |
|---|---|---|
| **Ортоңку** | Керектөө | Фольклордун таасиринен улам эли-жеринин тарыхына, маданиятына, салттарына кызыгуусу жакшы, бирок өтө жогору эмес деңгээлде |
| | Билим | Улуттук фольклордогу патриотттук идеялар чагылдырылган чыгармаларды өздөштүрүүсү жакшы, бирок айрым жетешпегендиктер байкала калат |
| | Жүрүм-турум | Эли-жери үчүн пайдалуу болгон иштерге пассивдүү катышат, өзүндө патриоттук сезимдерди жана жүрүм-турумдарды анчалык активдештире алган эмес |
| **Төмөнкү** | Керектөө | Фольклордун патриоттук сезимдерди тарбиялоочу күчүн билбейт, эли-жеринин тарыхына, маданиятына, салттарына, улуттук баалуулуктарына кызыкпайт |
| | Билим | Фольклордук чыгармалардагы патриоттук идеяларды жана алардын азыркы жаштарга таасирин дээрлик билбейт |
| | Жүрүм-турум | Эли-жеринин жакшылыктары үчүн, Мекендин гүлдөп-өсүшү үчүн өткөрүлүүчү иш-чараларга катышпайт, өзүнө ата-бабаларынын патриоттук идеяларын сиңдире алган эмес |

К. Таирова "Кыргыз жазуучуларынын көркөм чыгармалары аркылуу окуучуларды мекенчилдикке тарбиялоо" деген темадагы диссертациясында [274, 156-б.] көркөм чыгармалардын идеяларынын негизинде патриоттуулукка тарбиялоонун критерийлерине жана көп кырдуу көрсөткүчтөрүнө негизденип анын когнитивдик (таанымдык), көз караштык дөөлөттүк жана жүрүм-турумдук деп үч компоненттин аныктап, төмөнкүдөй модель түзөт (2.4-сүрөт).




**2.4-сүрөт. Көркөм чыгармаларыдын идеяларынын жана идеалдарынын негизинде патриоттуулукка тарбиялоонун К. Таирова сунуштаган модели**

Бул жердеги изденүүчүнүн пикири боюнча мектепте адабий чыгармалардын негизинде патриотттук тарбиялоонун мазмундук жана

процессуалдык маселелери төмөнкүдөй принциптерди жетекчиликке алганда өзүнүн оптималдуулугун көрсөтөт:

*Биринчи, системдүү-иш-аракеттик мамиле,* б.а., мындай тарбиялык иштерди үзгүлтүксүз, ырааттуу, динамикалык процессте жүргүзүү. Мисалы, кыргыз адабияты сабагында фольклордук тексттер ар бир сабакта эле өтүлө бербейт, акындар поэзиясынын, анын ичинде төкмөлөрдүн, жазгыч акындардын, анын профессионал жазуучулардын чыгармалары окутулат, арада дүйнөлүк адабияттан да сунуш кылат. Мына ушундай шартта патриоттук тарбиянын идеялары ал чыгармалардан да алынып, фольклорудук тексттерди талдаган сабактар менен байланыштырылып барса болот. Айталык, жазма адабияттан Ч. Айтматовдун "Эрте келген турналар" повестин талкуулоодо "Манастын балалык чагы" деген текст менен байлыныштыруу ж.б.

*Экинчи, адабий каармандардын мекенчилдик үлгүсүнө таянуу.* Мында тигил жер бул каармандан патриот катары үлгүсүнөн тажрыйба алуу, ошолорду идеал тутуу менен байланышат. Мисалы, окуучуларга "Мекен чек арасы бузулган болсо, сен аны коргоо үчүн кимдерден үлгү алып, согушка барар элең" деген суроо берилгенде алардын 72%ы фольклордук каармандарды (Манас – 26%, Алмамбет – 18%, Семетей – 12%, Курманбек – 6%, Эр Табылды – 6%, Жаңыл Мырза – 4%) аташкан. Адабий каармандар – тарыхый доор жараткан, ошол доорго кызмат кылып, андан соң кийинки мезгилдерге да үлгүсүн көрсөткөн типтүү образдар. Фольклор менен таанышуу аркылуу балдар өзүн-өзү табат, өзүн-өзү тарбиялайт, ошол фольклордогу каармандарды туурайт, же болбосо элдик макал-ылакаптардын, санат ырларынын идеялары көңүлүнө кыттай уюган балдар бул же тигил ишти аткарар алдынан ата-бабалардын адабият аркылуу айтып кеткен насааттарын эске алып турат.

Ынтымагың бар болсо,
Ар жерден намыс аласың.
Башкадан келген душманга,
Батырып найза маласың,
Ынтымагың бар болсо,

Мусапыр келсе багасың,

Сөздү сылык чыгарсың,

Кимге да болсо жагасың.

Ынтымагың бар болсо,

Ордуңду таап коносуң.

Алыстагы душманга,

Айбатың шаңдуу болосуң.

Ынтымагың болбосо,

Ач бөрүдөй улуйсуң,

Алдырып жатка куруйсуң.

Ынтымагың болбосо,

Душманга туткун болосуң.

Ачылбай көзүң оёсуң.

Ынтымагың болбосо,

Таранчыдай торуйсуң,

Жаңжалды кууп коруйсуң, – дегендей саптар жаштарды ынтымакка, кыйынчылыкта “бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарууга” үндөйт [257, 187-б.].

Орто мектептерде көптөгөн жылдар бою “Манас – менин сүйүктүү каарманым”, “Манас – элдик баатыр”, “Манас” эпосу – кыргыз элинин улуттук улуу мурасы”, “Калк турмушу – кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгынын булагы катары”, “Манас” эпосундагы боштондук үчүн күрөштүн көркөм чечмелениши”, “Баатырдан калган туягым, багыма бүткөн тумарым...” (Семетей – Манас баатырдын ишин улантуучу жана күрөшүүчү каарман)”, “Манас” эпосу – кыргыз рухунун туу чокусу” (Ч. Айтматов), “Улуттук ар-намыс жана атуулдук ариет осуяты “Манас” дастанында”, “Ак калпак кыргыз журтуна Ала-Тоодой бел болгон...” “Манас” эпосундагы Манастын образы)”, “Астыга салса – ак жолтой, артында жүрсө – сан колдой...” (“Манас” эпосундагы Бакайдын образы)”, “Үзүлгөндү улаган, чачылганды жыйнаган...” (“Манас” үчилтигиндеги аялдардын бейнеси)” ж.б. темаларда дил баян жазуу

ишмердүүлүктөрү жүргүзүлүп келди. Дил баян – окуучулар үчүн өз оюн сабаттуу жана тартынбай билдирүүнүн реалдуу мүмкүнчүлүгү болуп эсептелет.

*Үчүнчү, патриоттуулукка тарбиялоо ишин бүгүнкү коом турумушунун практикасы, бала жашаган социумдун өзгөчөлүктөрүнө шайкеш уюштуруу.* Бул проблема – учурдагы мектептин, улуттук педагогиканын негизги проблемаларынын бири. Азыркы кыргыз баласы жашаган социумда патриоттуулук сырткы баскынчылар менен күрөшүүдө гана керек эмес, өлкөнү өнүктүрүү үчүн аны сүйүүдө, ага кызмат кылууда да керек. Патриот жаштарсыз өлкө өнүкпөйт. Улуу Ата мекендик согуштан кийин экономикалык жактан алсыраган Японияны тез арада өнүктүрүү керектигин түшүнгөн япондор мамлекеттик казынага үйүндө болгондорун аябай берген, аялдар колундагы шакектерин, кулагындагы сөйкөлөрүн да чечип ортого салган, натыйжада бул өлкө чейрек кылымга жетпей дүйнөлүк алдыңкы өлкөлөрүн катарына кошулду. Түркияда өткөн кылымдын 70-80-жылдарында экономикалык кризис боло баштаганда түрк жаштары эмгек мигранттары катары Европага, биринчи кезекте, Германияга барып, ошол жактан иштеп өз мекендерине инвестиция тартып келди, натыйжада, Түркия да өнүккөн өлкөлөрдүн бирине айланды. Демек, мына ушундай патриоттуулукту өлкө муктаждыгына буруу зарыл милдеттерден болуп саналат.

*Төртүнчү, инсан таламдуу мамиле принциби.* И. Б. Бекбоев “Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери” деген окуу-методикалык колдонмосун жазып, анда мугалимдер окуучулардын ички керектөөлөрүн, кызыгууларын эске албай, сыртынан эле байкалган нерселер менен иш жүргүзөрүн айтып келип, ар бир мугалим окуучуну үйрөнүүнү жети параметр менен башташ керек деп, аларга төмөнкүлөрдү көрсөтөт:

1. Окуучунун коомдук жана эмгектик активдүүлүгү.
2. Окуучунун адептүүлүгү, анын ыймандуулугу.
3. Окуучунун окууга болгон мамилеси.
4. Окуучунун окуп-таануу ишине жөндөмү.

5. Окуучунун окуудагы туруктуу аракети (тырышчаактыгы).

6. Окуучунун ден соолугунун абалы.

7. Окуучунун үй-бүлөсүнүн тарбиялык таасири [67, 20-21-бб.].

Тарбиялык иште инсанга багыттоо да мына ушул принциптер менен жүргүзүлгөндө гана эффективдүүлүгүн көрсөтөт. Элдик оозеки чыгармалар аркылуу патриоттук тарбия багытталган ар бир окуучу (инсан) ошол идеядан өзүн көрүшү, баатырлар менен "бирге жашап" мекен чегин коргошу керек, андан кийин гана ал бүгүнкү айылынын, мектебинин, Мекени Кыргызстандын тагдырын ойлонот.

*Бешинчи, фольклордук мурастардын патриоттук дөөлөттөрүн өздөштүрүүдөгү аң-сезимдүүлүк жана активдүүлүк принциби.* Бул – окуучунун ар кандай кубулушка, ар кандай ойго акыл-эс менен ой жүгүртүүнү талап кыла тургандыгы. Мисалы, эпикалык дастандардын башкы каармандарынын образын өз дилинде түшүнүп, аң-сезимдүү талдап гана, анын аракеттерин өзүнө алып келет. Ошол процесс окуучунун активдүү аракеттенүүсүнөн көрүнөт.

Кыргыз фольклорунун чыгармалары аркылуу бүгүнкү мектеп окуучуларына патриоттук тарбия берүү жогорудагы принциптерге таянылуу менен төмөнкүдөй *педагогикалык шарттарды* эске алуу менен ишке ашырылат.

*Биринчиси, мугалимдердин жана тарбиячылардын улуттук фольклор, фольклордун табияты, фольклордун тектери, түрлөрү жана жанрлары, фольклордун профессионалдык жазма адабияттан айырмаланып турган спецификасы тууралуу адабий-теориялык компетенттүүлүккө ээ болушу.* Эгер фольклор аркылуу патриоттук тарбия берүүчү бул жагынан керектүү маалыматтарга жана билимге ээ болбосо, анын ишмердүүлүгү өз максатына жетпей калат. Фольклор түпкүлүгүндө англис сөзү болуп, бизче, "элдик акылмандык", "элдик билим" деген мааниде, демек, мугалим-тарбиячы элдик акылмандыкты, элдик билимди өздөштүрүүгө тийиш. Элдик оозеки чыгармачылыкты 1847-жылы англиялык окумуштуу В. Томст фольклор деп

атай баштаган, ошондон бери бул термин активдүү колдонулуп келет. Фольклордук тексттерди талдоо процессинде мугалим андан чыгармалардын жазма адабияттан өзгөчөлүгүн (коллективдүүлүгүн, варианттуулугун, традициялуулугун, оозеки болушун, көркөмдук курамында кайталоолордун, туруктуу сөздөрдүн, фантастиканын, гиперболанын коп кездешишин, реалдуулукка караганда, идеалдуулуктун басымуулук кыларын ж.б. табиятын эске алышы керек. Мугалимдин колунда азыр “Манас” эпосунун бириктирилген вариантынын эки жолку басылышы, С. Орозбаковдун, С. Каралаевдин, Тоголок Молдонун, Ш. Азизовдун, М. Мусулманкуловдун, У. Мамбеталиевдин варианттарынын китеби жана аудиовидеолору бар, “6 томдук айтыштар, “Эл адабияты” сериясынын 40 томдон турган китептери сериясы жарык көргөн. Мугалим мына ушул элдик мурастардын тексттерин өздөштүрүп, алардагы патриоттук идеяларды ылгап чыгуусу зарыл. С. Рысбаев: “Өз цивилизациясы бар ар бир эл сыяктуу эле, кыргыз эли да эзелтен бери келечек муундарын көчмөндүү турмуш шартында өзүнүн салттуу таалим-тарбия мыйзамдарына ылайык элдик оозеки чыгармачылыктын өзөгүн түзүп, ага бекем сиңирилген. Бул оозеки адабий чыгармалар элдик мүнөздө болуу менен анын турмуш кырдаалдарын, үмүт-тилегин камтып, урпактарга ал үмүт-мүдөөлөрүн көөнөртпөй, төгүп-чачпай, бөксөртпөй, кылымдар бою ооздон-оозго өткөрүп, байытып, толуктап жеткирип отурган. Урпактар үчүн алар элдик бай турмуштук тажрыйба катары кабылданып, дүйнө таануунун, тарбия-таалим берүүнүн “оозеки китеби жана мектеби” (М. Горький) да, каражаты да катары кызмат кылган. Ошондуктан андагы бүткүл таанымдык, таалим-тарбия берүүчүлүк идеялар урпактарды тарбиялоочу элдик педагогиканын булагына айланган. Андай болсо, фольклор элдик таалим-тарбия берүүнүн мектеби гана эмес, негизги каражаты да, формасы да экендигин белгилөө менен, анын өзөгүндөгү таалим-тарбия идеялары фольклордук педагогикалык идеялар деп айтууга акылуу” [250, 9], – деп жазгандай, мугалим ошол өзөктү таба билиши жана аны балдарга жеткире билиши ага коюлган педагогикалык шарттардын бири.

*Экинчиси, мугалимдердин жана тарбиячылардын улуттук фольклордогу патриоттук идеяларды "көрө билиши" жана аны окуучуларга "көрсөтө билиши".* Окуучу да, мугалим да фольклордук тексттерди окуп кете берет, аларды окуялардын динамикалуу жүрүшү, укмуштуу сюжеттик коллизиялар (жомоктордо), каармандардын конфликттеринин түйүндөлүшү кызыктырып отурат да, дал ошол учурдагы патриотизм алар үчүн сезилбей калат. И. Даминова: "Фольклордогу жөнөкөй, жугумдуу, көркөмдүк жактан жетик образдар балдардын жан дүйнөсүнө жакын, алардын рухий дүйнөсүн азыктандырып турган баа жеткис башат экендигин дайыма көңүлгө сактоо керек", – деп айткандай мына ошол жөнөкөйлүк менен жугумдуулуктун тереңинде идея-ой жатат, ал ойду мугалим менен окуучунун чыгармачылык ишмердүүлүгү казып чыгууга тийиш [102, 192-б.].

Кыргыз педагогикасындагы алгачкы китеп болгон 1924-жылы Ташкент шаарынан чыккан Ишеналы Арабай уулу "Кыргыз алиппеси" деген китебинде жаңы советтик замандын балдары фольклордук мурастарга муктаж экендигин, алардын сабатын ачып, коммунисттик духта тарбиялоонун бир мүмкүнчүлүгү да элдик чыгармалары экендигин түшүнүп, "Эмгекчил эл кем болбос", "Эринчээк эр оңбос", "Эрегишкен журт болбос", "Тегин ачканды теңтуштары сүйбөс", "Көп жашаган билбейт, көптү көргөн билет", "Учу бирге жазылат", "Түбү бирге кошулат", "Эксең эгин, ичээрсиң тегин", "Бир көргөн билиш, эки көргөн тааныш", "Бүлүнгөн элден бүлдүргү алба", "Төшөгүңө карап, аягыңды соз" деген сыяктуу макалдарды киргизген. Демек, кыргыз совет мектептеринин биринчи окуу китептеринен эле улуттук фольклорго өзгөчө көңүл бурулган [248].

З. Бектенов менен Т. Байжиев ошол кездеги Кыргыз ССРинин министрлер кеңешинин төрагасы И. Раззаковдун тапшырмасы менен 8-класстар үчүн улуттук фольклор тууралуу маалыматтар, тексттер, талдоолор киргизилген окуу китебин жаза баштап, ал китеп 1947-жылы басмадан чыккан. Бирок көп узабай эле кыргыз элинин улуулугун көрсөткөн бул китеп советтик саясатка каршы идеялар менен чыккан деп колдонуудан алынып салынган.

Ошондон кийин окуу китептерине фольклордук материалдарды жайгаштырууда партиялык-советтик көз караштар эсепке алынып, алардагы нагыз баалуулуктар өз деңгээлинде ачып берилбей келген.

*Үчүнчүсү, мектепте фольклордук чыгармалар окутулган предметтерде, биринчи кезекте, кыргыз адабиятында, билим берүү менен тарбиялоону биримдикте алып баруу шарты.* Окуучу – бул билимди кабыл алуучу, ал ошол билимди мугалимден сабакта алат, китептерден алат, маалымат булактарынан алат, үй-бүлөсүнөн, коомчулуктан алат. Ал билим берүүчү маалыматтар, мисалы, фольклордук тексттер тарбиялоочу да булак болуп саналат. Педагогика тарбиянын көптөгөн түрлөрүн аныктаган (акыл, эмгек, дене, эстетика, адеп, экология, укук, патриоттук тарбия ж.б.), кээ бир саясый системалар буларга саясый багыт берип, "коммунисттик тарбия", "коммунизмди куруучулардын моралдык кодекси" дегендей тарбия түрлөрүн ойлоп тапкан. "Кыргыз акындарынын таалим-тарбия берүү идеяларын баштан аяк карап көргөндө, аларда тарбиянын азыркы дүйнөлүк педагогика аныктап чыккан бардык түрлөрү бирдей каралып, алардын бири менен экинчиси сөзсүз байланыштырылгандыгын көрөбүз... Алар:

– патриоттук – адеп-ахлактык;
– экологиялык – адеп-ахлактык;
– эмгекти сүйүү – адеп-ахлактык;
– демократиялык – укуктук;
– экологиялык – эмгекти сүйүүчүлүк;
– патриоттук – экологиялык;
– дене тарбиялык – патриоттук;
– адеп-ахлактык – дене тарбиялык;
– эстетикалык – адеп-ахлактык;
– патриоттук – эстетикалык.
– экологиялык – эстетикалык жана башкалар", – деп жазат А. Т. Калдыбаева [139, 93-95-бб.]. Фольклордук чыгармаларды окуган кезде да тарбиянын мына ушундай бир топ түрлөрү биригип кетет. Мисалы, айрым

фольклордук макал-ылакаптар менен таанышып көрөлү: “Ата көргөн ок жонот, эне көргөн тон бычат”, “Жакшыга айтсаң билет, жаманга айтсаң күлөт”, “Аккан арыктан суу агат”, “Жатыны жаман жарыбайт”, “Ата сөзү – ар намыс”, “Жакшы бала – тил алчаак, жаман бала – уялчаак”, “Жакшы кыз – жакадагы кундуз, жакшы жигит – көктөгү жылдыз”, “Атаны көрүп уул өсөт, эненин көрүп кыз өсөт”, “Уста менен бир жүрсөң – нар кескенин аларсың, жаман менен бир жүрсөң – бир балээге каларсың”, “Атаң барда эл тааны, атың барда жер тааны” ж.б. Мына ушул макалдарды тарбиялык булак катары чоң ата, чоң эне, таята, таене, аксакалдар, байбичелер, колу-кошуналар эчендеген балдарга айткан. Булар таасирдүү жана колдонууга ыңгайлуу насаат сөздөр болуп муундан муунга өтө берген. Ушундай макалдардын ар биринде адеп тарбиясы менен катар эле патриоттук тарбия да, эмгекке тарбиялоо да, акыл тарбиясы да сиңдирилген. Мугалим чыгармаларды талдоо процессинде тексттин бул жери акыл тарбиясы, бул жери адеп тарбиясы, а бул жери патриоттук тарбия деп отурбайт, аларды окуучу өзү түшүнүп алат.

*Төртүнчүсү, фольклордук материалдардын негизинде окуучуларды патриоттук тарбиялоо процессин класстан тышкаркы окууларда, мектептен тышкаркы иштерде пайдалануу.* Мектептеги сабак – окуучуларга билим жана тарбия берүүнүн бир жолу, анын айланасында да дагы көптөгөн билим жана тарбия берүүнүн формалары бар, алар ошол сабакты толуктап, анда айтылган идеяларды өркүндөтүп келет. Булар класстан тышкаркы окуулар. Мисалы, VI класста “Жаңыл Мырза”, VIII класста “Жаныш-Байыш”, “Карач, Көкүл” эпостору класстан тышкаркы окуу үчүн берилет. Фольклордук чыгармалар адабий ийримдерде талкууланат, мектеп сахналарында көрсөтүлөт, фольклордук чыгармалардын негизинде тартылган көркөм жана анимациялык фильмдерди, коюлган спектаклдерди талкуулашат, мына ошол учурда да патриоттук тарбияга өзгөчө көңүл бурулат.

## 2.5. Фольклордук чыгармалар аркылуу окуучуларды патриоттуулукка тарбиялоо ишмердүүлүгүн жүргүзүүнүн методдору

Биздин изилдөө багытыбыз эки тараптуу: биринчиси, фольклордук чыгармаларды окуп-үйрөтүүгө байланышкан адабий билим берүүнүн методдору; экинчиси, патриоттук тарбия берүүгө байланыштуу педагогиканын теориясына байланыштуу методдор. “Кыргыз адабиятынын программасында” адабий чыгармаларды мектепте талдап окутуу боюнча төмөнкүдөй сунуштар айтылат: “Адабиятты окуп жатып, окуучу сөз даамын татсын, көркөм образдан рахат алсын, жазуучунун тилине тамшансын, сөз байлыгы өссүн, каармандар менен кошо толгонсун, күлсүн, ыйласын жана алар менен бирге азапка кабылсын, турмуштук татаал суроолорго жооп издесин, адабий табити тарбиялансын, эң негизгиси, руху арууланып, инсан катары өссүн, ошол өсүүдө окуган адабий чыгармасы көмөк көрсөтсүн. Бул үчүн окутуунун ийкемдүү формаларын, методдорун, каражаттарын, жаңы ыкмаларын колдонуу талап кылынат. Лекция, диспут, семинар, сабак-сахна, сабак-конференция, адабий викторина, сабак-тегерек үстөл сыяктуу жана башка салттык жана интерактивдүү формаларды, ыкма-жолдорду активдүү пайдалануу, окуучулардын өз алдынча иштешине, доклад, реферат, билдирүү, рецензия, аннотация, изложение жазышына көбүрөөк көңүл буруу жакшы натыйжаларды берет” [164]. Мына ушул жерде айтылганга караганда окутуу методдору менен тарбиялоо методдору бири-бирин толуктап турат. Фольклордук чыгармалар элдик педагогиканын каражаты болгон, ал элдик тарбиялоонун методдору тууралуу Г. Н. Волков, А. Э. Измайлов, А. Алимбеков, С. К. Рысбаев изилдөө жүргүзүп, жалпы ошол методдорду үч типке ажыратат: *биринчи методдор тобу – аң-сезимди калыптандырууга багытталат* (аксакалдардын балдарга жана жаштарга айткан насыяттары; бирөөлөрдүн башка бир адамдарды жакшы нерселерге ишендирүүсү, ошондой нерселерди түшүндүрүүсү; билген адамдардын билбегендерге көрсөтүп берүүсү; өрнөктүү адамдардын жүрүш-турушун, кеп-сөзүн башкалардын үлгү тутуусу; ар кандай ишти баштар алдынан тажрыйбалуу адамдар, тууган-урук менен кеңешүү; балдарды патриоттук сапаттарга ээ болууга жатыктыруу; көзү өтөр кезде адамдын

тууган-уруктарына, балдарына керээз айтуусу; каза болгон маркумдун айткан насаат сөздөрүн осуят деп, аны аткарууну ыйык милдет катары түшүнүү ж.б.).

Кыргыз мектептеринде "Манастын жети осуяты" деген стенддер узак жылдар илинип турду. Ал осуяттар төмөнкүлөр:

1. Эл журттун ажырагыс бүтүндүгү жана бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарган ички биримдиги.

2. Улуттар аралык ынтымак, достук жана кызматташтык.

3. Улуттук ар намыс жана жарандык ариет.

4. Арыбас мээнет, алдыңкы өнөр-билим аркылуу бакубат дөөлөткө умтулуу.

5. Гуманизм, айкөлдүк, кечиримдүүлүк.

6. Табият менен таттуу мамиледе болуу.

7. Кыргыз мамлекетин чыңдоо жана аны көздүн карегиндей сактоо.

Фольклордук чыгармадан алынган бул Манастын осуяттары азыркы жаштарды патриот болууга чакырык таштайт. Мектептерде, мектептен тышкаркы мекемелерде ушул жети осуят боюнча көптөгөн тарбиялык иш чаралар жүргүзүлгөн.

*Экинчи методдор тобу – адамдын ишмердүүлүгүн жана жүрүм-турумун өзгөртүп, бара-бара жакшы сапаттарды кылык-жорукка айландыруучу методдору.* Булар: бата берүү; ант берүү; ишеним берүү; талап кылуу; үйрөтүү, өтүнүү; буйруу; кайра үйрөтүү; убада; тыюу; белги берүү (жаңсоо, кол шилтөө, көз кысуу) ж.б.

*Үчүнчү методдор тобу – адамдын ишмердүүлүгүн жана жүрүм-турумун колдоо (стимулдоо) методдору.* Булар: мактоо; алдоо; жазалоо; шылдыңдоо; алкоо; зекүү; сөгүү; каргоо; тилдөө; келтектөө; айып тагуу; коркутуу ж.б.

Тарбиялоонун бул методдору кыргыз элинде кылымдар бою колдонулуп келди жана алардын педагогикалык мүмкүнчүлүгүн азыр да ачып көрсөтүү зарыл. Мисалы, чоң тарбиялык булак болгон керээздердин башкы идеясы да артында калган урпактарына эли-жерин тапшырып кетүү, өзү бүтүрө албай калгандарды балдарына табыштоо, "Манаста" Көкөтөй кан өзүн кандай көмүү

жана аш берүү жөнүндө керээзин айтып кеткен, ал жөнөкөй эле тиричиликтик сөз эмес, анда коомдук-социалдык, тарыхый-этнографиялык жана дипломатиялык маселелерден тартып, эл-жер тагдыры тууралуу айтылат. Журт атасы болуп калган Көкөтөй жалгыз уулу Бокмурундун “акылга пас”, “өзү жаш”, “дөөлөт мас” болгону үчүн артында калган “атпай кыргыз калкынын башчысыз калгандыгына” тынчсызданат да, керээзинде “Өлгөнүм, тирилигим билинбесин, өз журтум бүлүнбөсүн” дейт. Көкөтөй керээзинде көптөгөн элдерди, ошол элдердин башчыларын чакырууну айтуу менен алардын ынтымагын көргөн, өзүнүн тапкан дүйнөсү ар кыл урууларды бириктирүүгө кызмат кылсын деген. Манастын керээзи да өзгөчө тарбиялык таасирде айтылган. Кичи казатта Алмамбет, Чубак, Сыргак каза болуп, Манас бул дүйнөдөн кетерде асыл жары Каныкейге “душманым көп эле сөөгүмдөн өчүн албасын, бейлебес жерге жашыргын” деп, Семетейди алып атаң качып кет, балаң он экиге чыкканда “ичинен ок өтпөс тонду кийгизгин, ошондо эне-ата жайын билгизгин” деген керээзин айтат.

Фольклордук чыгармаларды окутуу процессинде окуучулардын патриоттук сезимдерин жогорулатууда *аңгемелешүү, суроо-жооп, дискуссия методдору* өзгөчө эффективдүү. Алсак, “Эр Табылды” эпосундагы Кардыгачтын образы да кыргыз кыздарынын патриоттук сезимдерине таасир этүүчү образ. Кардыгачтын мүнөзүндөгү, образындагы патриоттук белгилерди окуучуларга ачып берүү үчүн Ош шаарынан мугалим Тайыр кызы Нургүл сабактын төмөнкүдөй жүрүшүн иштеп чыккан [277].

**2.8-таблица. – Кыргыз адабият. 7-класс. I чейрек, 7-сабак. Тема: Кардыгач менен Арчатору**

| Сабактын максаты: | Күтүлүүчү натыйжалар |
|---|---|
| **Когнитивдик:** окуучулар Кардыгач менен Арчаторунун эпостогу орду тууралуу маалыматтарды алышат. | – эпосту адабий талдоого салып талдашат;<br>– чыгарманы башка чыгармаларга салыштырат. |

| | |
|---|---|
| **Социо-маданий:** жаныбарларга, адамдарга жакшы маанайда мамиле курууга тарбияланышат. | – табият менен таттуу мамиледе болууга аракеттенишет;<br>– алтын эрежени сактап бири-биринин пикирин сыйлоого тарбияланышат. |
| **Кептик:** чыгармадагы ар бир окуяга өз көз караштарын айтышат. | – ар бир окуучу өз пикирин башкаларга таңуулабай айтууга үйрөнөт. |

***Лингвистикалык минимундар:*** оорук, дорбо, чоюн баш, чопкут, торко, жазайыл, чарайна, туулга, доолбас.

***Сабактын тиби:*** өтүлгөн материалды анализдөө.

***Колдонулуучу методдор:*** аңгемелешүү, суроо-жооп, дискуссия.

***Окуу иш-аракетин уюштуруунун формалары:*** жекече, жуптар менен иштөө.

***Сабактын жабдылышы:*** проектор, экран.

***Дидактикалык материалдар:*** слайд, окуу китеби, таркатмалар.

**2.9-таблица. – Сабактын жүрүшү**

| Сабактын баскычтары | Мугалимдин ишмердиги<br>Окуучунун ишмердиги |
|---|---|
| **1. Уюштуруу (5 мүнөт)** | **Оорук** – согушта жүргөндөр үчүн алардын арт жагы; тыл, **дорбо** - а ттын жем баштыгы, **чоюн баш** – уруп жыгуу үчүн уютулуп жасалган курал, **чопкут –** найза өткүс кийим, **торко** – кездеменин түрү, **жазайыл** – майда октуу замбирек, оор мылтык, **чарайна -** темир кийим, **туулга** – жоокердин баш кийими, **доолбас** – тегерек кылып ийилген тактайча алкактын бир бетине, көбүнчө төө териси капталып, согушта, аңчылыкта колдонуучу барабан, **алма баш –** Эр Табылдынын мылтыгынын аты, **аш берүү** – өлгөн адамды эскерүү, **туйгун** – тынч жаткан деген мааниде, **багалчак** – согончок менен кызыл ашыктын үстүңкү бөлүгү, кишинин органы, **соот** – найза кирбес, ок өтпөс үчүн майда темир төңгөлөктөрдөн илиништирип жасалган жоо кийим, **ашманчы күң** – тамак-аш бышыруучу, ашпозчу аял. |

| | |
|---|---|
| **2. Үй тапшыр-масын суроо (5 мүнөт)** | “Эр Табылды” эпосундагы жер-суу аттары.<br>Үч-Нура, Нарын, Кичи-Нарын, Кашкар, Калмак-Ашуу, Балгарт, Боз-Дөбө, Кара Кыр, Кара-Каман, Кара-Таш, Кара-Суу, Кара-Тоо, Ак-Терек. |

**3. Жаңы тема (10 мүнөт)**

Эртең менен Элдияр, Эрмек келип Табылдынын ойготуп Чалкалмактын кабарын айтып жаткан кезде он төрт жаштагы Табылдынын карындашы Кардыгач жылаңаяк, жылаңбаш, карбаластап өзүнчө капаланып, бөлүнүп торкодон кылган көйнөгүн кийинип Арчаторуну агасына алып келмекке, кырк жигит дүрбөп жатканда жоонун артынан кууп жөнөптүр. Опур-топурда кыз менен эч ким ишалбай качан кеткенин да билген жан болбоптур. Кыз болсо атка жалбарып сен жылкынын эстүүсү эмес белең, өз үйүрүңө кайтып кел, колумдан мейизден жасалган жемиңди жесеңчи, эгер жоонун артынан кууп барсам, калмакка качып кетиптир деп хан агама сөз тийбесин, эгер барсам душмандар **ашманчы күң** кылбасын деп **Боз-Дөбөдө** буркурап ыйлайт. Бир маалда алыстан бир топ аттардын дүбүртү угулуп, карааны көрүнөт. Кардыгач болсо бир болсо Чалкалмак мени көрүп жоону баштап келе жатат окшойт деп шыраалжындардын арасына бекинип калат. Бирок, ал караан Чалкалмак эмес эле, адам сымал эстүү Арчатору кырк бууданды ээрчитип, жеген жемин, сагынып айылына келе жаткан кербези экен. Арчатору Кардыгач бекинген Боз-Дөбөгө келип туруп калат, ошондо Кардыгач ордунан туруп мо-молоп Арчаторунун башына **ноктосун** салып, оң көзү менен сол көзүнөн өөп жемин берип эми жөнөйүн деп жатса, аттарды кууган калмактар жоо экен деп токтошуп калат.

Аны көргөн Кардыгач жалгыздыгым билинип калбасын деп, **торкодон** кылган көйнөгүн чечип бүктөп ат үстүнө салып, ат баштыкты колуна алып кырк бууданды кыруу-кыруу деп чакырып агасынын алдын тосууга жөнөйт.

Ошол мезгилде Эр Табылды да кырк жигитин ээрчитип, койчулар минип жүргөн **Көкчолокко** бутун салаңдатып минип, калган кырк жигитин жөө-жалаң ээрчитип **Кара Кырды** бет алып келе жатса эле, алыстан уюган калың чаң чыгат. Бу Чалкалмак эптеп бизди айылдан чыгарып, ар жерге жоолап, кармап алып кетейин деп кароол коюп жаткан го-деп, дүрбүсүн сала берип караса ат көрүнөт, караан жок, мал көрүнөт киши жок, бирок алдыңкысы эрбеңдейт, алдыда Арчатору ат көрүнөт, Кардыгач экен мингени, кызда болсо медерим, билдиңер беле жигиттер кыздын жоону жеңгенин, билдиңер беле кырк туйгун, кыздан жардам келерин деп Табылды эки көзүнө жаш алып, аны көргөн кырк жигит ыйлап, ал аңгыча,көйнөгү жок жылаңач, топусу жок жылаңбаш, көкүлү учуп эрбеңдеп, кырк аке деп сербеңдеп, таноолору дердендеп Кардыгач да жете келет. Ал-абалды сурашып, аттарды алып кайра

| | |
|---|---|
| артка кайтышат. | |
| **4. Окуучулар менен иштөө (12 мүнөт)** | "Галерея" боюнча тур. Окуучулар чыгарманын мазмунун уккандан кийин чыгарма жөнүндөгү омоктуу ойлорду, кагаздарга жазып, сүрөттөрдү тартып окуучулар колунан келген ишин дубалга илишет. Баары илип бүткөн соң. Окуучулар кыдырып көрүшүп өз бааларын беришет. |
| **5. Бышыктоо (5 мүнөт)** | Эмне үчүн чыгарманын аты "Эр Табылды"?<br>Эпосто кайсыл мезгилдеги тарыхый окуялар сүрөттөлөт.<br>Чалкалмакты кыргыз элине каршы тукурууда Кудайназардын максаты?<br>Ж. Бөкөнбаевдин "Чептен эрден күчү бек" чыгармасы менен эпосту салыштырып көргүлө?<br>Адамзаттын тарыхында тынч жаткан элге согуш ачкан адилетсиз согуштар жөнүндө билесиңерби? |
| **6. Рефлексия (2 мүнөт)** | Эмнелерди билдиңер?<br>Дагы кандай маалыматтарды билгиңер келет? |
| **7. Үйгө тапшырма (3 мүнөт)** | "Кыргыз тарыхындагы кыраан кыздар" деген темада чакан эссе жазып келүү |
| **8. Баалоо (3 мүнөт)** | *Окуучулардын аракетине жараша.*<br>*"5", "4", "3", "2"* |

Жогорудагы сабакта мугалим кыргыз кыздарынын эркектерден кем калбаган баатырдыгын гана эмес, алардын эркектерге үлгү боло турган өрнөктүү сапаттарын да көрсөтүп берет, алар: бир тууганына жан аябай болушушу; атка мамилеси (Арчатору менен "адамча сүйлөшөт", аны кармаганы барганда "айланайын" деп кайрылышы, жылкынын оң көзүнөн да, сол көзүнөн да өбүшү, макмал дорбо менен жемге мейиз бериши ж.б.).

***Сабак-сот методу.***

***Сабактын темасы:*** Тейитбекти соттоо ("Курманбек" эпосу боюнча)

***Сабактын максаты:***

1. "Курманбек" эпосундагы Тейитбектин антипатриотттук образын анын кылмышынын мотиви аркылуу ачып көрсөтүү.

2. Окуучуларды патриот болууга үндөө.

3. Окуучуларда эркин ой жүгүртүүгө, сөз байлыгын өстүрүүгө, эли-жерин сүйүүгө, өз пикирин сабакта талашып-тартышуу менен далилдөөгө тарбиялоо.

***Сабактын жабдылышы:*** сезимдер дарагы, буклеттер, "Курманбек" спектаклинен үзүндү, "Сот", "Актоочу", "Кылмышкер", "Каралоочу", "Сот катчысы", "Сот кеңешчиси", "Күбө", "Айтуучу", "Адабиятчы" деген жазуулар (андай жазуулар окуучуларга берилет).

***Сабактын жүрүшү:*** 1. Уюштуруу. Класс эмеректери сот залындагыдай жайгаштырылат, жалпы класс сот залында отургандай отурат.

***Сот катчысы:*** Ордуңардан тургула, сот келе жатат! *(Баары ордуларынан турат. Окуучу-сот келет жана өз ордуна отурат).*

***Сот:*** Урматтуу сот жараянынын катышуучулары, бүгүнкү сот Тейитбектин кылмыш ишин кароого арналат. Соттолуучу Тейитбек мырза, ордуңуздан туруңуз! Тейитбекке суроолор барбы?

***Каралоочу:*** Уруксат этиңиз, урматтуу сот төрагасы?

***Сот:*** Айтыңыз?

***Каралоочу:*** Курманбек өз уулуңузбу?

***Тейитбек:*** Ооба.

***Каралоочу:*** Андай болсо эмне үчүн ага атын бербей койдуңуз!?

***Тейитбек:*** Ал согушка бараткан, согушта кимдир бирөөлөрдү өлтүрмөк, балдар жетим, аялдар жесир калмак.

***Каралоочу:*** Сиздин мурда-кийин өз уулуңузга таарынычыңыз жок беле?

***Тейитбек:*** Бар эле. Увазири Зайырбектен "Курманбек кыргыз, кыпчактан тандап туруп кыз алсын" деп айттырып ийсем болбоду, атанын сөзүн эки кылды. "Оогандын ханы Бакбурхан, Бакбурхандын анты бар: "Мени сайып ким жыкса, күмүштөн аппак Канышайды берем" деген деп, кайын атасын сайып, кызына үйлөнүп алды.

***Каралоочу:*** Сиздин негизги капачылыгыңыз ушунда элеби?

***Тейитбек:*** Ал эле эмес, мени менен кеңешпей калмакка согуш ачат. Канышай бетпакка үйлөнүп, өзүнчө ордо куруп алды.

***Каралоочу:*** Сиз Курманбектин Канышайды алганына каршысызбы?

***Тейитбек:*** Каршымын. Мен жактырган кыз Бакбурхандын кызы эмес эле. Оогандын Бакбурханы – биздин сөөк өчтү душман.

***Актоочу:*** Ушулар сизге Телтору атты бербей койгонго негиз болдубу?

***Тейитбек:*** Булар эмне азбы? Катын аларда, ордо саларда, калмакка уруш ачарда керегим тийбесе, ат керек болгондо керегим болобу? Айда урушуп койбойт, алым алып тойбойт, атанын насаат кебине кулак төшөп койбойт, кан төгүштү эрмек кылып, калкка тынчтык бербейт, Кара шаар Камбылды какшатып, арабалап алтындан салык алып, олжосу ак сарайга сыйбайт. Ушунун баарын менсиз бүтүрөт. Ушундай баланын кимге кереги бар? Ат сурап өзү келген жок, бирөөлөрдү жиберип туруп алды...

***Актоочу:*** Урматтуу төрага, Тейитбек өз баласын бала катары көрбөйт, теке жоомарт Телтору атты уулуна сурап баргандардын сөзүн кайрып, душман колунан өлсүн деп атайын максатта бербейт.

***Сот:*** Бул боюнча күбөлөрдөн сурап көрөлү. Күбөлөр, кырк жигит, силер айткылача, Силер ат сурап барганда Тейитбек эмне деп айтты?

***Кырк жигит:*** “Мурун ээ кылбай атымды алып берүүчү энеси деги өлгөн. Эми мен ат бере албайм” деп, “Атымды бербейм, кырк жигит, аңылдап үргөн катар ит!. кара ниет канкорго кандай акмак ат берет, ата безер немеден, атасы кантип күн көрөт, бейли кара уулума бере албаймын атымды, менден жакын асырайт, кан төгүшкөн жагымды, менин тилимди албастан, өзүнчө алса катынды, атасы Тейитбек мен болсом, айтканыма көнбөсө, ар убакта сындырып, душманынча көрбөсө, мындай бала курусун, көңүлүм тынбайт өлбөсө!” деп бизди кууп жиберди.

***Актоочу:*** Урматтуу төрага, күбөлөргө суроо берсем болобу?

***Сот:*** Бериңиз?

***Актоочу:*** Кырк жигит айтсын, атасы андан ары уулу тууралуу эмне деди?

***Кырк жигит:*** Атышып жүрүп Курманбек калмактан өлсө арман жок. Телторумду Курманбек ай байласам арытты, ар убак минип карытты..., Курманбектин тилегин кара таандай калмактар катырсын, көөдөнүн найза аралап, көкүрөгүн жаралап, көмөлөтсүн калмактар, көк жалыңды камалап,

көөдөнүнөн кара кан көп куюлсун салаалап, көп калмактар ханыңды, көк бөрү тартсын талаалап, жүрөгүн найза аралап, жүлүнүн кошо жаралап, жүрөгүнөн кара кан, көбүктөсүн салаалап деп, Телтору атты Курманбекке бергенче кул, күңүмө тапшырам деди. Анан бизди да жай кууратан чырпыктай кыламын, башыңарды чымчыктай үзөмүн деди. Биз бир өлүмдөн калдык деп мунун алдынан жылып-жылып чыгып кеттик.

***Актоочу:*** Атасы Курманбекке ат бербей койгондо Сейитбек чоң атасы тууралуу эмне деп айтты?

***Сейитбек:*** Арманын уктум атамын, айтканын уктум апамын, көңүл ачар сөз эмес, көргөнүмө капамын, көңүлүм өспөй жаш калып, көзүмдү кимге сатамын, көтөрө албайм балапан, көркоо чалдын чатагын, көз ачык калсам мен жетим, кимге барып батамын деп өксүдүм...

***Каралоочу:*** Урматтуу сот төрагасы, Телтору атты бербей койгон соң кырк жигит көөнү бузулду, Телтору ат жок, Курманбек жаман ат минип баратат, тирүү каларын, өлөрүн ким билет, бир Курманбек деп жүрүп кыркыбыз кырылып кетпейли, өлбөсөк да кектеп Тейит хан өлтүрөт, андан көрө Курманбекти жөнөтүп, Тейит ханга өтүп алып, жан сактайлы дешти. Туурабы, кырк жигит. Демек, кырк жигит саткын!

***Кырк жигит:*** Биз эки оттун ортосунда калдык. Курманбек менен барсак – өлүм күтүп турган, а Тейитбек тарапка өтсөк – жаныбыз аман калмак.

***Курманбектин үнү:*** Мына, чыккынчылык! Мен силерди кечире албайм! Үйүмдөн баскан душманга, эмне бирге барбадың?. Атымдын жайы жогунан ак найза түшсө колуман, кылычым түшсө жаныман, калканым түшсө далыман, кырк жигит сенден башка жок кылчаңдабай не кылам!

***Канышай:*** Ошондо Курманбек мага келди да, баланы колго алды, анан “Алып келчи Канышай, жалгызымды кучактап, боорума басып сүйөйүн, кара таандай калмакка ылаачындай тиейин” деп тулпары жок жоого аттанып кете берди.

***Дөлөн хан:*** Курманбектин Телтору аты жок экенин байкадым, анын алдындагы аты чарчаганын көрдүм. Ошондо жанына жакын барып кыйкырдым:

“Жоого минчү Телтору ат жоорудубу, Курманбек, ажал-өлүм башыңды торудубу, Курманбек, алдыңдагы жаман ат, соолудубу, Курманбек, атаң карик киши эле бербедиби Курманбек, ажал басып маңдайың тердедиби Курманбек, аталашың жок эле, атасы башка кырк жигит келбедиби, Курманбек?...”.

***Аккан:*** Мен Курманбек досумдун жарадар болуп жатканын көрдүм. Адегенде тааныбадым. Тааныган соң не болгонун сурасам, “Атам какбаш ат бербей, калдым кара талаага, менден салам айта бар, каралдым жалгыз балага” деп, кызыл жорго тайымды, мине турган алы жогун, кызыл кымкап шайымды киерге бүтүн далы жогун, кызыл памил чайымды иче турган чагы жок экенин айтып, мен ушул жерде өлөмүн, сен өлгөн соң мени ак кепиндеп көмөрсүң деди.

***Сот:*** *(Тейитбекке)* Аккан аяш уулуң Курманбектин эмне болгонун айтып келгенде сен эмне дедиң?

***Тейитбек:*** Мен “Телтору атымдын жаны тынган экен, “Теңирим” жакшы кылган экен Курманбек кулаган экен, душманым сулаган экен, тилегим кабыл келген экен” деп сүйүндүм. Акканды көрүп, “Менин уулумду угузганы келбей эле, мени өлтүргөнү келген экен го, сени кошо жайлайын” деп кылыч алып жүгүрдүм.

***Айтуучу:*** Аккан Телтору атты акырдан чечип алдырып, ат бербеген как баштын бутуна кишен салдырып, бутундагы кишенден, өз баласын унутуп, бир жылкыга ишенген, куйругуна байлады, ою жаман оройду, ой менен тоого айдады... Оройлугун билген соң, ошентип Аккан жайлады... [156]

***Сот:*** Анда сот төмөнкүдөй чечим чыгарат: биринчи – өз баласынын өлүмүндө Тейитбек толук күнөөлүү деп табылсын; экинчиси – мындан кийин кыргыз аттуу барда эч ким баласына Тейитбек деген ысымды койбосун!. . *(Аягы)*

Сот сабагы окуучулардын активдүүлүгүн жогорулатуу менен гана чектелбей укуктук коомдо жашоого да үйрөтөт. Мындай сабак-соттор биздин методика боюнча эксперименталдык класстарда “Коңурбайды соттоо”, “Абыке,

Көбөштү соттоо" ("Манас" эпосунун негизинде), "Чалкалмакты соттоо" ("Эр Табылды" эпосунун негизинде) деген темаларда да жүргүзүлдү.

***Каармандарды салыштырып талдоо методу.*** Бул методго ылайык эпикалык мурастардагы Каныкейдин ("Манас") жана Канышайдын ("Курманбек") образдарындагы патриоттук сезимдери салыштырыла талданды (2.10-таблица).

**2.10-таблица. – Баатырлардын аялдарынын сапаттары**

| № | Каныкей ("Манас" эпосу) | Канышай ("Курманбек" эпосу) |
|---|---|---|
| 1. | Сулуу, акылдуу, сезгич | Сулуу, акылдуу, сезгич |
| 2. | Баатыр, керек убакта согуша билет | |
| 3. | Уз, Кошойго кандагай шым тигип берет, кырк жигитке Чоң казат алдынан кийим камдайт | |
| 4. | | Кайраттуу, токтоо |
| 5. | Душманга барууда жубайынын жолун тоспойт | Душманга барууда жубайынын жолун тоспойт, колдойт |
| 6. | Баатырдан калган туякты багып өстүрүп, атасынын кегин алууга тарбиялайт | Баатырдан калган туякты багып өстүрүп, досу Акканга тарбиялоого берет |
| 7. | Кыргыз элинин патриот келини | Кыргыз элинин патриот келини |

Мындай салыштыруу методу башка бир топ каармандардын айланасында жүргүзүлөт (Алмамбет – Чубак; Эр Табылды – Курманбек; Каныкей – Зулайка ж.б.).

***Класстер түзүү методу.*** Бул методдо окуучулар төрт топко бөлүндү. Ар бир топко өз-өзүнчө карточкалар таратылды, анда каармандардын патриоттук сезимдерин ачып берүү тууралуу тапшырмалар жазылган. Окуучулар өз-өз тобунда талкуу жүргүздү да, класстер жасашты.

***1-топко суроо:*** Курманбектин сапаттары (патриот; баатыр; чечкиндүү; коркпос...).

***2-топко суроо:*** Аккандын сапаттары (адамгерчиликтүү; достукка бекем; чечкиндүү; коркпос...).

***3-топко суроо:*** Канышайдын сапаттары (кайраттуу; токтоо; патриот; сүйүүгө бекем...).

***4-топко суроо:*** Тейитбектин сапаттары (чыккынчы; таш боор; кара өзгөй; байлыкты жакшы көрөт...).




**2.5-сүрөт. Эр Курманбек боюнча окуучулар түзгөн кластер**

Эпикалык баатырлардын образы боюнча жогорудагыдай кластерлерди түзүү төмөкүлөрдү көрсөтөт:

1. Элдик баатырлардын эң негизги сапаттык белгиси – патриоттуулугу экендиги, калган сапаттык белгилер ошол патриоттуулуктун тегерегинде топтолорун.

2. Элдик баатырларды бири-бири менен салыштырып алардын окшоштугун.

3. Окуучулардын чыгарманын тексттине кайра-кайра кайрылып кластер түзүүгө аракет кылышын.

Фольклордук чыгармалардын негизинде окуучуларды патриоттук тарбиялоо үчүн кеңири колдонгон метод – ***драма методу.*** Бул методду бардык эле эпикалык чыгармаларда колдонууга болот, өзгөчө драмалык тектеги чыгармаларды үйрөтүүдө сөзсүз колдонулат. Кыргыз жазма адабиятынын драмалык тегинин пайда болушунда, калыптанышында элдик фольклордун ролу чоң болгон. Улуу Ата кекендик согуш жылдарында советтик жоокерлердин патриоттук духун көтөрүү коммунисттик партиянын биринчи милдети болгон. Бул милдетти ишке ашырууда элдик чыгармалардын негизинде жазылган драмалар өзгөчө орунда турган. К. Жантөшевдин

“Курманбек”, К. Маликов менен А. Куттубаевдин “Жаңыл Мырза”, Т. Сыдыкбековдун “Кан Шырдак”, Т. Сыдыкбеков менен К. Рахматуллиндин “Манас менен Алмамбет”, А. Токомбаев менен К. Маликовдун “Манас”, К. Маликовдун “Сейтек” драмалары жана либераттолору согуш жылдарында жазылып, дароо эле майданга кетип жаткан жоокерлерге коюп берилген. Мындай фольклорго кайрылуу кыргыз драматургиясы үчүн кийин да улантылып К. Эшмамбетовдун “Саринжи”, Ж. Садыковдун “Манастын уулу Семетей”, “Айкөл Манас”, “Сейтек” ж.б. драмалары оозеки чыгармалардын негизинде жазылды жана элдин патриоттук сезимин көтөрүүгө кызмат кылды.

Драмалык чыгармаларды окутуу боюнча С. Т. Батаканова “Республикабыздын жалпы билим берүүчү орто мектептеринин IX-X-класстарында кыргыз жазуучуларынын драмалык чыгармаларын окутуунун методикасын өркүндөтүү” деген темада кандидаттык диссертациясын [63] коргоп, анын негизинде “Драмалык чыгармаларды окутуунун технологиясы” аттуу темада монографиясын чыгарды [62]. Ж. Т. Уразованын “Элдик оозеки чыгармалардын сюжеттеринин негизинде жазылган драмаларды окутуунун илимий методикалык негиздери” [288] жана Ж. А. Турпанованын “Жогорку класстарда драмалык чыгармаларды окутуунун методикасы” [285] аттуу темаларда диссертациялары жакталган.

Драма методун адабияттагы драмалык тек (түр) менен чаташтырбоо керек. Прозалык жана поэтикалык чыгармаларды дале драма методу менен окутууга болот. Бул методдун өзгөчөлүгү сахна аркылуу, ролдор аркылуу чыгарманы окуучулардын кабыл алуусуна жетишүү. Драма ыкмасында каармандар өз образдарын диалогдордо өздөрү аныктап берет. Мында монологдорду түшүнүү да маанилүү. Ж. Садыковдун “Манастын уулу Семетей” драмасын 7-класста окутууда интернеттен Каныкейдин монологу (Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген артисти Калича Сейдалиева https://www. facebook. com/watch/?v=2066559820304293) уктурулуп, талдоого алынат. Ал окуучулардын патриоттук сезимин көтөрүүгө абдан эффективдүү ыкма болуп эсептелет. Дагы бир ыкмалар “Манастын уулу Семетей”

спектаклинен фотосүрөттөр, аудио жана видеожазуулар, мүмкүнчүлүк болсо кыргыз драма театрынан “Манастын уулу Семетей” спектаклин, же анын “Төлгөө” деген жаңы вариантын көрүү керек.

## Экинчи бап боюнча тыянак

Бул бапта берилген диссертациялык изилдөөнүн негизги материалдары катары орто мектептердин кыргыз адабияты сабактарында, класстан тышкаркы окутууда, тарбиялык сабактарда үйрөнүлүүчү фольклордук чыгармалар эсептелет. Ошол элдик оозеки мурастардагы, анын ичинде баатырдык эпостордогу, макал-ылакаптардагы, санат-насыят ырларындагы элди сүйүү, элдик салттарды урматтоо, Ата мекенди коргоо, эне тилин барктоо сыяктуу муундардан муундарга өтүп келе жаткан идеялар азыркы окуучулардын патриоттук сезимдерин жогорулатууга, алардын патриот инсан болуп тарбияланышына таасир этет. Кыргыз фольклорун жыйноочулар жана изилдөөчүлөр бул багытта бизге абдан бай материалдарын калтырды жана алар азыркы мектепте патриоттук тарбиялоонун мазмунун байытат.

Диссертациялык изилдөөдө колдонулган методдор, анын ичинде фольклордук материалдарды анализдөө методу (контент-анализ; структуралык-семиотикалык анализ), герменевтикалык метод фольклордук тесттердин идея-темасын, проблематикасын туура түшүнүүгө жана каармандардын иш-аракеттеринин динамикасын интерпретациялоого мүмкүнчүлүк түзүп берди. Чыгармалардагы ыймандык-патриоттук идеялар жогорудагыдай анализ жүргүзгөндөн кийин бир кыйла терең ачылып, азыркы балдар өздөштүрүүгө тийиш болгон баалуулуктары аныкталды. Билим берүү процессиндеги патриоттук тарбиянын жүрүшү, анын тажрыйбалары мугалимдердин иш-аракеттерин жана мектеп документтерин үйрөнүү методу аркылуу тастыкталды.

Бүгүнкү мектеп окуучуларын фольклордук чыгармалар аркылуу патриоттуукка тарбиялоо процессинин мазмуну көз караштык дөөлөттүк,

когнитивдик (таанымдык), жүрүм-турумдук компоненттер жана алардын системалуу байланыштары аркылуу гана оптималдуу ишке ашырылат.

Кыргыз элдик оозеки чыгармаларында патриоттуулукка тарбиялоо идеялары жана тажрыйбалары көптөгөн кылымдарды басып өткөн татаал процесс, тарбиялоонун бул түрү тарбиянын башка түрлөрү (адептик, акыл-эс, дене-бой, эстетикалык ж.б.) менен тыгыз байланышат. Көркөм адабиятка таянып патриоттук тарбиялоонун мазмундук жана процессуалдык маселелери төмөнкүдөй принциптерди жетекчиликке алганда өзүнүн оптималдуулугун көрсөтөрү айкындалды: системдүү-иш-аракеттик мамиле; адабий каармандардын мекенчилдик үлгүсүнө таянуу; патриоттуулукка тарбиялоо ишин бүгүнкү коом турумушунун практикасы, бала жашаган социумдун өзгөчөлүктөрүнө шайкеш уюштуруу; инсан таламдуу мамиле кылуу; фольклордук мурастардын патриоттук дөөлөттөрүн өздөштүрүүдөгү аң-сезимдүүлүк жана активдүүлүк принциби. Бул максаттарды ишке ашыруу үчүн педагогикалык бир нече шарттардын болушу көрсөтүлдү, алар: биринчиси, мугалимдердин жана тарбиячылардын улуттук фольклор, фольклордун табияты, фольклордун тектери, түрлөрү жана жанрлары, фольклордун профессионалдык жазма адабияттан айырмаланып турган спецификасы тууралуу адабий-теориялык компетенттүүлүккө ээ болушу; экинчиси, мугалимдердин жана тарбиячылардын улуттук фольклордогу патриоттук идеяларды “көрө билиши” жана аны окуучуларга “көрсөтө билиши”; үчүнчүсү, мектепте фольклордук чыгармалар окутулган предметтерде, биринчи кезекте, кыргыз адабиятында, билим берүү менен тарбиялоону биримдикте алып баруу шарты; төртүнчүсү, фольклордук материалдардын негизинде окуучуларды патриоттук тарбиялоо процессин класстан тышкаркы окууларда, мектептен тышкаркы иштерде үзгүлтүксүз пайдалануу.

Улуттук фольклордун негизинде окуучулардын патриоттук тарбия алышынын критерийлери төмөнкүлөр менен байланышат: патриоттук идеясы күчтүү чыгармаларды окууга көбүрөөк кызыгуусу; “патриот”, “патриоттук сезим” жана “патриоттук тарбия” түшүнүктөрүнө толук баа берүүсү; Ата

Журттун, туулган жерин, улуттук салттарын, эне тилин сактоо жана өркүндөтүү үчүн зарыл болгон компетенттүүлүктөрүнүн өзүндө калыптангандыгы ж.б.

Окуучуларды элдик оозеки чыгармалар аркылуу патриоттук тарбиялоонун эффективдүү методдору катары бул методдор көрсөтүлдү: текстти адабий-теориялык, лингвистикалык талдоо; каармандардын салыштырып талдоо; аңгемелешүү; драма; дил баян жазуу; кластер түзүү; дискуссия; сабак-сот; сабак-сахна ж.б.

# III БАП. ФОЛЬКЛОРДУК МУРАСТАР АРКЫЛУУ МЕКТЕП ОКУУЧУЛАРЫН ПАТРИОТТУК ТАРБИЯЛОО БОЮНЧА ЭКСПЕРИМЕНТТИН УЮШТУРУЛУШУ ЖАНА ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ

## 3.1. Эксперименталдык иштердин уюштурулушу

Кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгындагы идеялар аркылуу азыркы окуучуларды патриоттуулукка тарбиялоо боюнча биздин теориялык ойлор, сунуштар, моделдер педагогикалык практикада эксперименталдык текшерүүдөн өткөрүү талабын койду.

Изилдөөнүн эксперименталдык базалары катары төмөнкү билим берүү уюмдары алынды: Ош облусунун Кара-Суу шаарындагы В. И. Ленин атындагы №66 орто мектеби, Ош облусунун Кара-Суу шаарындагы Балдар чыгармачылык борбору, Ош шаарындагы “Жетиген” мектеп-лицейи, Бишкек шаарындагы №93 жалпы орто билим берүү мектеби, Бишкек шаарындагы №40 жалпы орто билим берүү мектеби, Бишкек шаарындагы Балдар чыгармачылык борбору. Аталган уюмдарынын эксперименталдык база катары тандалышынын критерийлери (чен-өлчөмдөрү):

– мугалимдердин билим деңгээлинин жана компетенттүүлүктөрүнүн эксперимент өткөрүүгө ылайыктуулугу;

– билим берүү уюмдарынын биз үчүн ыңгайлуулугу;

– окуучулардын санынын жетиштүүлүгү;

– ал жердеги билим берүү уюмдарынын заманбап технологиялар менен жабдылышы (мектептик басмакана; видеокамера; концерт залы; көбөйтүүчү аппараттар; интернет; интерактивдүү доска ж.б.)

Педагогикалык теорияны сынактан өткөрүү боюнча педагогикалык эксперименттин табияты тууралуу М. Н. Скаткин, И. Ф. Харламов, И. П. Подласый, Ю. З. Кушнер ж.б. айткан ойлорго негизденип, С. И. Архангельский, Ю. К. Бабанский, В. И. Загвязинский, Н. И. Загузов, В. И. Журавлев, Н. К. Дюшеева, В. В. Краевский, А. М. Новиков, В. И. Михеева, Э. Мамбетакунов ж.б. дидиктардын эмгектери пайдаланылды.

**3.1-таблица. – Педагогикалык эксперименттин этаптары, максаттары, милдеттери жана методдору**

| I этап (2018-2019-жж.) | | |
|---|---|---|
| **Максаттары** | **Милдеттери** | **Методдору** |
| **Аныктоочу (констата-циялоочу) этап** | – мектептерде кыргыз фольклорун окутуунун жалпы абалын аныктоо;<br>– окуу программаларында, билим берүүнүн мамлекеттик стандарттарында, окуу китептеринде патриоттуулукка тарбиялоочу фольклордук чыгармалардын сунуштарылышын талдоо;<br>– фолькордук чыгармалар аркылуу патриоттук тарбия берүү боюнча алдыңкы тажрыйбаларды үйрөнүү;<br>– окуучулардын фольклордук чыгармалардыгы патриоттук идеяларды өздөштүрүүсүнүн абалын деңгээлдер боюнча аныктоо;<br>– окуучулардын фольклордук чыгармалардыгы патриоттук идеяларды өздөштүрүүсүнүн кемчилдиктеринин себебин билүү;<br>– иштин эксперименталдык негизин даярдоо;<br>– эксперименталдык базаларды аныктоо;<br>– эксперименталдык иштин максатын жана милдеттерин тактоо;<br>– фолькордук чыгармалар аркылуу патриоттук тарбия берүү берүүнүн деңгээлин баалоо, чен-өлчөмдөрүн жана көрсөткүчтөрүн иштеп чыгуу;<br>– фолькордук чыгармалар аркылуу патриоттук тарбия берүүнүн эксперименталдык моделин иштеп чыгуу;<br>– окуучулардын фольклордук чыгармалардыгы патриоттук идеяларды өздөштүрүүсүнүн | – нормативдик документтерге анализ;<br>– окуу пландарын, окуу программаларын. окуу китептерин анализдөө;<br>– сурамжылоо;<br>– тест алуу;<br>– аңгемелешүү;<br>– байкоо;<br>– рейтинг;<br>– анализ;<br>– синтез;<br>– долбоорлоо;<br>– интервью;<br>– салыштыруу;<br>– жазуу иштери (дил баян, эссе, макала ж.б.);<br>– өзүн-өзү баалоо;<br>– математикалык жана статистикалык эсептөөлөр. |

| | | |
|---|---|---|
| | педагогикалык-психологиялык шарттарын аныктоо;<br>– окуучулардын фольклордук чыгармалардыгы патриоттук идеяларды өздөштүрүүсүнүн деңгээлин аныктоонун диагностикалык методдорун аныктоо жана сынактан өткөрүү;<br>– эксперименттин жыйынтыгын сандык жана сапаттык жактан баалоонун жолун табуу. | |
| **II этап (2020-2021-жж.)** | | |
| **Максаттары** | **Милдеттери** | **Методдору** |
| **Калыптанды руучу эксперимент** | – окуучулардын фольклордук чыгармалардыгы патриоттук идеяларды кабыл алуу боюнча иштелип чыккан моделдин оптималдуулугун текшерүү;<br>– фольклордук чыгармалардын негизинде окуучуларды патриоттук тарбиялоонун заманбап жолдорун, ыкмаларын, каражаттарын иштеп чыгуу;<br>– иштелип чыккан жыйынтыктарды илимий жактан негиздөө;<br>– калыптандыруучу эксперименттин жыйынтыгы менен алынган деңгээлдерди аныктоо жана аларды илимий жактан мүнөздөө;<br>– окуучуларды контролдук жана эксперименталдык топторго бөлүштүрүү жана ошол бөлүштүрүүнүн критерийлерин, себептерин көрсөтүү. | – анализ;<br>– синтез;<br>– долбоорлоо;<br>– байкоо;<br>– жазуу иштери (дил баян, эссе, макала ж.б.);<br>– ыраатка салуу; жекелештирүү;<br>– жалпылаштыруу;<br>– салыштыруу;<br>– инструкциялоо;<br>– түзөтүү;<br>– калыптандыруучу эксперимент;<br>– тестирлөө;<br>– математикалык-статистикалык эсептөө;<br>– моделдештирүү |
| **III этап (2022-2023-жж.)** | | |
| **Максаттары** | **Милдеттери** | **Методдору** |
| **Текшерүүчү этап (экспери-менталдык** | – эксперименттин соңку жыйынтыктарын анализдөө;<br>– фольклордук чыгармалардын негизинде окуучуларды патриоттук | – анализ жана синтез;<br>– жалпылоо жана системалаштыруу;<br>– салыштыруу; |

| | | |
|---|---|---|
| **материал-дарды жалпылоо жана жыйынтык-тоо)** | тарбиялоо<br>– боюнча илимий-методикалык сунуштарды иштеп чыгуу;<br>– фольклордук чыгармалардын негизинде окуучуларды патриоттук тарбиялоонун моделинин натыйжалуулугун текшерүү;<br>– изилдөөнүн негизги илимий жыйынтыктарын диссертация формасына келтирип, коргоого даярдоо. | – байкоо;<br>– баарлашуу;<br>– анкета;<br>– тестирлөө;<br>– рейтинг;<br>– жазуу иштери (дил баян, эссе, макала);<br>– өзүн-өзү баалоо;<br>– математикалык жана статистикалык эсептөөлөр. |

*Биринчи аныктоочу этапта* жогорудагы аталган билим берүү уюмдарынын 5-8-класстарындагы 455 окуучу, 36 мугалим-тарбиячы менен иш жүргүздүк.

Аныктоочу эксперименттин логикасына ылайык бул этапта окуучулардын фольклордук чыгармалардагы патриоттук идеяларды кабыл алуу, өздөштүрүү жана турмушунда пайдалана алуу компетенттүүлүктөрү текшерилди.

**3.2-таблица. – Фольклордук чыгармалардагы патриоттук идеяларды өздөштүрүүнүн деңгээлин аныктоо боюнча сурамжылоого катышкан мектептер, класстар, окуучулар (мында класстар текшерүү жана эксперименталдык болуп бөлүнө элек)**

| № | Мектептердин аталыштары | Класстар (окуучулардын саны) | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | V-VI | VII | VIII | Бардыгы |
| 1. | Кара-Суу шаарындагы В. И. Ленин атындагы №66 орто мектеби | 36 | 28 | 16 | 80 |
| 2. | Кара-Суу шаарындагы Балдар чыгармачылык борбору | 24 | 21 | 18 | 63 |
| 3. | Бишкек шаарындагы №93 жалпы орто билим берүү мектеби | 32 | 34 | 28 | 94 |
| 4. | Бишкек шаарындагы №40 жалпы орто билим берүү | 22 | 26 | 27 | 75 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | мектеби | | | | |
| 5. | Бишкек шаарындагы Балдар чыгармачылык борбору | 22 | 24 | 19 | 65 |
| 6. | Ош шаарындагы “Жетиген” мектеп-лицейи | 26 | 28 | 24 | 78 |
| **Бардыгы: 4 мектеп, 2 БЧБ** | | **162** | **161** | **132** | **455** |

Аныктоочу этапта алынган бул маалыматтар ар түрдүү аймактардагы ар түрдүү билим берүү уюмдарындагы окуучулардын фольклордук чыгармалардагы патриоттук идеяларды кабыл алуу, өздөштүрүү жана турмушунда пайдалана алуу компетенттүүлүктөрүн текшерүү үчүн жүргүзүлдү. Ал мезгилде окуучулар контролдук жана эксперименталдык класстарга (топторго) бөлүнө элек болчу.

**Сурамжылоого V-VI класстардан 162 окуучу, VII класстардан 161 окуучу, VIII класстардан 132 окуучу, жалпысы 455 окуучу катышты. IX-XI класстардын кыргыз адабияты программасына улуттук фольклордун чыгармалары киргизилбегендиктен ал класстарды сурамжылоого жана кийинки** экскреманттерге катыштырган жокпуз. Бул сурамжылоо менен экспериментке жана биздин изилдөөгө зарыл болгон төмөнкүдөй милдеттерди аныктап алуу максаты көздөлдү:

– окуучулардын фольклордук чыгармалардын табиятын түшүнүү деңгээли;

– балдардын патриоттуулук тууралуу түшүнүктөрү;

– окуучулардын каармандардын патриоттук сапаттарын түшүндүрө алышы;

– окуучулардын фольклордук мурастардагы патриоттук идеяны түшүнө жана түшүндүрө алуу компетенттүүлүгү;

– окуучулардын турмуштагы, айлана-чөйрөдөгү патриоттуулук тууралуу көз караштарынын деңгээли ж.б.

Ушундай эле максатта жогорудагы билим берүү уюмдарынын мугалимдеринен жана тарбиячыларынан да сурамжылоо алдык.

**3.3-таблица. – Фольклордук чыгармалардагы патриоттук идеяларды өздөштүрүүнүн деңгээлин аныктоо боюнча сурамжылоого катышкан мектептер, мугалимдер жана тарбиячылар**

| № | Мектептер | Мугалимдер, тарбиячылар (саны) |
|---|---|---|
| 1. | Кара-Суу шаарындагы В. И. Ленин атындагы №66 орто мектеби | 8 |
| 2. | Кара-Суу шаарындагы Балдар чыгармачылык борбору | 4 |
| 3. | Бишкек шаарындагы №93 жалпы орто билим берүү мектеби | 8 |
| 4. | Бишкек шаарындагы №40 жалпы орто билим берүү мектеби | 6 |
| 5. | Бишкек шаарындагы Балдар чыгармачылык борбору | 4 |
| 6. | Ош шаарындагы “Жетиген” мектеп-лицейи | 6 |
| **Бардыгы** | | **36** |

Аныктоочу этапта 36 тарбиячы жана мугалим менен жүргүзүлгөн иштерде (анкета, аңгемелешүү, тест, сурамжылоо ж.б.) теманы изилдөөгө байланыштуу төмөнкүлөр аныкталды:

– окуу программаларында, окуу китептеринде патриотттук рухтагы фольклордук чыгармалардын сунушталышы боюнча сын пикирлери, ойлору;

– фольклордук мурастарды үйрөтүү процессинде окуучуларды патриоттукка тарбиялоо ишмердүүлүгүнө терс таасирин тийгизип жаткан көрүнүштөр;

– мугалимдердин “патриоттуулук”, “фольклордук чыгармалар аркылуу патриоттукка тарбиялоо” деген түшүнүктөрдү аңдап билүүсү жана аларды интерпретациялоосу;

– фольклордук чыгармалардын тексттерин мугалимдердин өздөрүнүн өздөштүрүүсү;

– фольклордук чыгармалар аркылуу окуучуларды патриоттук тарбиялоого тарбиячылардын жана мугалимдердин өздөрүнүн компетенттүүлүктөрү.

Эксперименталдык иштердин аныктоочу этабында мугалимдер менен сурамжылоо жүргүзүп фольклордук чыгармалардын негизинде окуучулардын патриоттук тарбияга жетишпей жатышынын негизги себептер аныкталды. Алар төмөнкү 3.4-таблицада көрсөтүлдү.

**3.4-таблица. – Мугалимдердин пикири боюнча (138 мугалим) фольклордук чыгармалардын негизинде окуучулардын патриоттук тарбияга жетишпей жатышынын негизги себептери (% менен)**

| № | Себептер | Мугалимдердин пайызы |
|---|---|---|
| 1. | Окуучулардын фольклордук чыгармаларды аз окугандыгы | 24 |
| 2. | Балдардын элдик оозеки чыгармалардын тил байлыктарын терең түшүнө албашы | 19 |
| 3. | Фольклордук чыгармалардын негизинде тартылган фильмдердин, мультфилмдердин аздыгы | 17 |
| 4. | Ыр түрүндөгү чыгармалар менен окуучулардын таанышуусундагы кыйынчылыктар | 14 |
| 5. | Телевидениеден, интернеттен фольклордук мурастар менен таанышууларынын пассивдүүлүгү | 10 |
| 6. | Ата-энелердин кыргыз фольклору менен балдарын тааныштыруу иштеринин пассивдүүлүгү | 7 |
| 7. | Окуу китептеринде, методикалык адабияттарда окуучуларды фольклордук чыгармалардын негизинде патриоттук тарбиялоо боюнча сунуштардын аздыгы, мугалимдердин тажрыйбасынын кеңири таратылбагандыгы | 5 |
| 8. | Дагы башка факторлор | 4 |

Таблицадан көрүнүп тургандай, фольклордук чыгармалардын негизинде окуучулардын патриоттук тарбияга жетишпей жатышынын негизги себептери катары 24% мугалим окуучулардын фольклордук чыгармаларды аз окугандыгы

деп түшүндүрсө, балдардын элдик оозеки чыгармалардын тил байлыктарын терең түшүнө албашын 19% мугалим эсептейт ж.б.

Мына ушул көрсөткүчтөр биздин ишти кайсыл багытта өркүндөтүү зарылдыгын көрсөттү.

Тажрыйба жүргүзүү үчүн топторго бөлүп алдык. Биринчи топ – байкоо тобу (БТ), экинчи топ – эксперименттик топ (ЭТ). Эки топко окуучуларды бирдей санда тандадык. БТ – 240 окуучу, ЭТ – 240 окуучу. Муну менен педагогикалык эксперименттин экинчи калыптандыруучу (формирующего) этабы башталды. БТ тобун мурдагы эле мугалимдери, тарбиячылары окутуп, тарбия берип жатты, ал эми экинчи топко (ЭТ) эксперментатор мугалимдер менен бирге иштеп чыккан методикалык ыкмаларды, жолдорду жана каражаттарды сунуштадык. Алар:

– фольклордук чыгармаларды жаңы интерактивдүү технологиялар менен окутууну өркүндөтүү;

– фольклордук чыгармалардын тексттин сөзсүз бир нече жолудан окуу;

– тарыхый сөздөрдү, архаизмдерди түшүндүрүү боюнча сөздүк жумуштарын көп жүргүзүү;

– балдардын чыгармачылык менен иштөөсүнө мүмкүнчүлүк жаратуу;

– эксперименттатор мугалимдерге фольклордун теориясы жана тарыхы боюнча эмгектерди сунуштоо;

– айтыш сыяктуу фольклордук мурастар менен кеңири таанышып турууга шарт түзүү;

– балдарга патриоттук тарбия берүүчү иш чараларды тез-тез жүргүзүп туруу;

– окуу программасына, окуу китептерине айрым бир өзгөртүүлөрдү киргизип алуу;

– класстан тышкаркы окууга фольклордук материалдарды кошумча сунуш кылуу;

– патриоттуулукка үндөөчү каармандар тууралуу дил баян, доклад, долбоор жазуу;

– фолькордук мурастарды окуучуларга тереңирээк жеткирүү үчүн заманбап технологияларды (слайд, кино, телевидение, анимация, мультимедия, роликтер, интерактивдүү оюндар ж.б.) кеңири колдонуу.

Экинчи – калыптандыруучу экспериментте төмөнкүдөй *милдеттерди аныктоо* зарылдыгы келип чыкты:

– байкоо жана эксперименталдык топтордун биздин темага ылайык билим деңгээлин аныктоо;

– байкоо жана эксперименталдык топтордун биздин тема боюнча ийгилик-кемчилдиктеринин себебин билүү;

– фольклордук чыгармалардын негизинде окуучуларды патриотттук тарбиялоонун моделин ишке киргизүү;

– калыптандыруучу эксперименттин жыйынтыгы боюнча топтордогу окуучулардын деңгээлдерди аныктоо жана аларды мүнөздөө.

Мындай максаттарды ишке ашыруу үчүн төмөнкүдөй *чыгармачылык жана уюштуруу жумуштарын* жүргүздүк:

– фольклордук чыгармалардын негизинде окуучуларды патриотттук тарбиялоонун максатын, компоненттерин, чен-өлчөмдөрүнүн көрсөткүчтөрүн тактадык;

– фольклордук чыгармалардын негизинде окуучуларды патриотттук тарбиялоонун максаттуу, үзгүлтүксүз жүргүзүлүүчү, ырааттуу уюштурулган педагогикалык процесс экендигин белгиледик;

– фольклордук чыгармалардын негизинде окуучуларды патриотттук тарбиялоо мугалим борборунда турган чыгармачылык ишмердүүлүк экендигине ынандык.

Көздөгөн милдеттерге, максатка жетүү үчүн фольклордук чыгармаларды окуучуларга жеткирүүнүн оптималдуу методдорун жана каражаттарын тандап алдык. Алар:

– фольклордук текстти тарыхый окуялар менен байланышта интерпретациялоо;

– тексттин негизинде патриот каармандардын бейнесин иллюстрациялоо, сүрөт тартуу;

– тексттин негизинде кыргыз элинин патриоттук тарбиялоосу жөнүндө аңгемелешүү;

– тексттин негизинде кыргыз элинин патриоттук тарбиялоосу жөнүндө талкуулар, диспут уюштуруу;

– тексттин негизинде дил баян, эссе, макала, доклад ж.б. жазуу ишмердүүлүктөрүн жүргүзүү;

– балдар билген патриот инсандар тууралуу аңгемелешүү;

– тексттерди көркөм окуу, комментарийлеп окуу, артисттердин окуусун угуу;

– акындардын аткаруусундагы фольклордук чыгармаларды угуу;

– фольклордун негизинде даярдалган спектаклдерди, фильмдерди көрүү;

– этикалык аңгемелешүү;

– рефлекция методдору;

– концептуалдык карта түзүү;

– класттер түзүү;

– драма методу;

– долбоорлоо;

– сабак-сот методу ж.б.

Окуучулардын патриоттук көз караштарын калыптоодо, алардын мекен сүйөрлүк сапаттарын өстүрүүдө *интеграцияланган окутуунун* мүмкүнчүлүгү чоң экендигин биз практикадан байкадык жана бул багытта эксперментатор мугалимдер менен бир катар сабактарды жүргүздүк.

5-класстардын кыргыз адабияты сабагында кыргыз элинин эмгек ырлары (“Оп майда”, “Бекбекей”, “Шырылдаң”) 2 саат менен окутулат. Бул фольклордук чыгармалар кыргыз элинин турмушу менен тыгыз байланыштуу, анда эмгек процесси чагылдырылуу менен жигиттик сапаттар, дыйканчылык жана мал чарбачылыгы менен элди баккан азаматтардын эмгеги көрсөтүлөт. Ушул эле темалар музыка сабагында да окутулат. Окуучуларга адабияттан

ырлардын сөзүнө маани берилсе, музыкада обондуулукка, сөз менен үндүн айкашына өзгөчө көңүл бурулат.

*Эмгек ырлары* – кыргыз фольклорунун байыркы темаларынын жана жанрларынын бири. "Эмгек кылбай өнмөк жок", "Иштебеген – тиштебейт", "Адам эмгеги менен даңктуу", "Жаз – жарыш, күз – күрөш", "Азамат көркү – эмгекте" ж.б. макал-ылакаптарды айтып, окуучулардын эмгекке болгон сүйүүсүн, эмгек аркылуу Ата журтту өзгөртүүгө болорун көрсөтөбүз. Эл эмгек ырларын эмгектин жүрүшүнө жараша жана уюштурулушун жеңилдетүү максатында чыгарган, анда адамдардын эмгекке карата мамилелери айкын жана образдуу берилген. Мындай ырлар кыргыз элинин турмуш-тиричилигинин мүнөзүнө жана климаттык-географиялык өзгөчөлүгүнө байланыштуу мал чарбачылыкка, дыйканчылыкка, кол өнөрчүлүккө, аңчылыкка ж.б. карата ырдалган.

Ырдын ыргак-ритми эмгектин жүрүшүнө жана күүсүнө шайкеш келет да, кыскалыгы, уйкаштыктарынын тактыгы менен өзгөчөлөнөт. "Оп майда", "Бекбекей", "Шырылдаң", "Тон чык" ж.б. эмгек ырларынын эл ичинде обондору да болгон.

Мына ошол ыргактуулукту, музыкалуулукту таамай байкап, композиторлор А. Малдыбаев, В. Власов, В. Фере "Алтын кыз", "Ажал ордуна" деген музыкалуу драмаларында, А. Аманбаев, С. Германов "Айдар менен Айша" операсында "Бекбекей", "Шырылдаң", "Селкинчек" аттуу жана башка ырларды көп пайдаланышкан.

Музыка жана кыргыз адабияты сабагы интеграцияланган учурда бир ырды, мисалы, "Шырылдаңды" бир окуучу адабий чыгарма катары текстин окуп тааныштырса, экинчиси, музыканын коштоосунда ырдап берет. Мындай ыкмалар аркылуу байыркы учурдан тартып эле кыргыздар түнү жылкы кайтарып, уйкусу келгенине карабай, ууру менен бөрүдөн малдарын сактап келгендигин, жылкыны көбөйтүү душманга каршы турууда негизги күч экендиги айтылат. "Жылкы тийүү" деген уруулуктун түрү болгон, мындай ишти бир эл менен экинчи эл, бир уруу менен экинчи уруу бири-биринин

материалдык абалын алсыратуу, көз каранды кылуу, согуштун күчүн азайтуу максатында пайдаланган. “Бекбекей” менен “Шырылдаӊ” айткан жылкычылар дал ошол элдин күчүн сактоого салым кошкон патриоттор болгон. Бул чыгармаларды талдоодо мына ушул максат алдыӊкы планга чыгат.

Элдик фольклордук мурастардагы комуз күүлөрү окуучулардын патриоттук сезимдерин жогорулатуунун чоӊ мүмкүнчүлүгү. Андай мүмкүнчүлүк азыркы билим берүү уюмдарында дээрлик колдонулбайт. Биз эксперимент жүргүзгөн мектептердин кыргыз адабияты, тарых, музыка, көркөм өнөр сабактарында комуз күүлөрүн кеӊири пайдаландык.

Элибиздин байыртадан берки жашоосунун, искусствосунун ажыралгыс бир бөлүгү – *комуз өнөрү, комузчулук*. Азыр мектептерде, ал гана эмес чоӊ концерттерде да кара күүлөр чертилбей калды. Музыкалык мектептерде да комуз классында окугандар аз. Мына ошондуктан биз мектептерде комуз ийримдерин ачтык, комузчулар менен жолугушууларды өткөрдүк, комуз күүлөрүн көптөгөн сабактарда уктуруп турууну практикаладык. “Камбаркан” күүсүнүн тарыхын айтып берүү, К. Орозовдун, Ы. Тумановдун, Ч. Исабаевдин, С. Токтакунова ж.б. залкар комузчулардын, комуз менен ырдаган А. Жумабаев, С. Садыкова, Р. Аманова ж.б. аткаруучулардын эл аралык конкурстардагы, концерттердеги өнөрүн көрсөткөн киновидео чыгармаларын коюп берүү – окуучуларды комуз аркылуу, күүлөр аркылуу патриоттук тарбиялоонун бир булагы болду. Кыргыз географиясы, мекен таануу сабактарында мугалимдин сөзү “Ала-Тоо”, “Ысык-Көл”, “Керме-Тоо”, “Келгин жаз” деген күүлөр менен коштолсо, Ата журттун көркү, улуулугу, жаратылыштын сулуулугу окуучуларга кыйла таасирдүү жетет. Кыргыз адабиятынын ар түрдүү темаларды өтүүдө “Карагул ботом”, “Кожожаш”, “Манастын өлүмү”, “Курманбек”, “Эр Табылды”, “Жаӊыл Мырза”, “Култегин”, “Шырдакбектин Боз жорго”, “Айхан” (“Кетбука”), “Саринжи Бөкөй”, “Ак Мактым”, “Ак Мөөр”, “Бекарстан”, “Аксаткын менен Кулмырза”, “Үчүкө, Түлкү” ж.б. күүлөр пайдаланылып, ал метод: биринчиден, окуучулардын теманы тереӊирээк түшүнүүсүнө жардам берсе; экинчиден, эстетикалык табитин өстүрөт;

үчүнчүдөн, комуздун күү чыгарган кереметине ыраазы боло патриоттук сезимдери жогорулайт.

Кыргыз адабиятында 1916-жылдагы улуттук-боштондук кыймылы – Үркүн темасы жөнүндө К. Баялиновдун “Ажар”, М. Элебаевдин “Узак жол”, А. Токомбаевдин “Таң алдында”, Ж. Турусбековдун “Ажал ордуна” ж.б. чыгармалары окутулат, мына ошол трагедиялуу учурду сүрөттөгөн текесттерди үйрөнүү процессинде кайгылуу күүлөрдү “Көкөй кести”, “Сынган Бугу”, “Кыргыз көчү”, “Нысыйкат” ж.б.) угузуу максатка ылайык келет.

Улуттук фольклордогу чыгармалар кыргыз элинин арман күүлөрүндө (“Керимбайдын арманы”, “Байгазынын арманы”, “Балбактын арманы”, “Абактын арманы”, “Бердикожо жалгызым”, “Бекташ”, “Кара тураптын арманы” ж.б.), кошок күүлөрүндө (“Артык баатыр кошогу”, “Курманжан даткага кошок”, “Баатыркандын аялдарынын кошогу”, “Чыныбайдын кыздарынын кошогу”, “Аксылык Саламаттын келининин кошогу” ж.б. чагылдырылган.

Токтогул Сатылгановдун өмүрү жана чыгармачылыгы “Токтогулдун ботоюо”, “Токтогулдун кербези”, “Миң кыял”, “Дүнүйө” ж.б. күүлөрү менен коштолот.

“Манас” эпосун окутуу, үйрөтүү процессинде “Каныкейдин Тайторуну чапканы” деген күү патриоттук духу аябай күчтүү чыгарма болуп, балдарга катуу таасир этет. Мына ошондо эле бул чыгармага байланыштуу “Чоң казат”, “Манастын кошогу”, “Каныкей күүлөр”, “Каныкейдин арманы”, “Алмамбет күүлөр”, “Алмамбет менен Чубак” (“Жол талаш”), “Алмамбеттин жомогу”, “Алманбеттин арманы”, “Семетей күү”, “Айчүрөктүн Ак шумкарды ала качканы” ж.б. күүлөрдү угузуп туруу максатка ылайык келет.

Сабакта комуз күүлөрүн пайдалануу окуучулардын адабий жана музыкалык, жалпысынын эстетикалык табитин жогорулатуу менен бирге эле тарых, адеп, мекен таануу, музыка сабагына өтүлгөн материалдар кайталанылып, элибиздин тарыхый-маданий улуу мурасы болгон комузга,

комуз күүлөрүнө, элдин руханий мурасына карата окуучулардын патриоттук шыктануусу жогорулайт.

Кыргыз профессионалдык жазма адабияты да элдик фольклорго ар дайым кайрылып, образ түзүүнүн, сүрөттөөнүн бир булагы катары оозеки чыгармачылыктын мурастарын пайдаланып келген. Биз эксперименталдык класстарда адабияттык окуу сабагында Чыңгыз Айтматовдун “Ак кеме” повестинен үзүндүсү болгон “Бугу-Эне” уламышын методист А. Муратовдун сабакта колдонгон тажрыйбаларына [214, 311-320-бб.] таянып жүргүздүк: “Бул чыгарманы талдоодогу өзгөчөлүктөр төмөнкүлөр: “Бугу-Эне” түпкүлүгүндө бул бугу уруусунун келип чыгышы жөнүндөгү санжыра-уламыш менен байланышат (уламышты Ч. Валиханов, С. М. Абрамзон, Б. Солтоноев, Ы. Абдрахманов ж.б. фольклор жазуучулар да жазып алган), жазуучу ошол элдик материалды заманбап кылып иштеп чыккан; уламыш таланттуу жазуучунун “Ак кеме” повестинин идеялык-көркөмдүк системасына сиңдирилген азыркы учурду сүрөттөгөн чыгарма менен жуурулушуп турат; “Бугу-Эне” атайын балдар үчүн ылайыкталып жазылган эмес, андагы автордун концепция жетилген, адабиятты жана турмушту тереңирээк түшүнгөн окурмандарга ылайыкталган. Демек, мугалим жогорудагыдай айрым маселелерди аттап өтпөөгө тийиш. Бирок “Ак кемедеги” жалпы проблемалар менен түйүндөштүрүп-тогоштуруу бул класс үчүн кыйын, ошондуктан өзүнчө турган, баш-аягы бүткөн адабий жомок катары гана караган оң.

“Бугу-Эне” жомогу тууралуу сабактардын эң башкы педагогикалык-дидактикалык натыйжасы – уламышта көтөрүлгөн ыймандык маселелерди сыгып алуу, ошону балдарга жеткирүү. Ар кандай жомокту, мифти, легенданы, уламыштарды окуп үйрөнүүнүн максаты: биринчиден, ошондо сүрөттөлгөн окуя-каармандар менен азыркы адамдарды салыштырууга мүмкүнчүлүк алынат; экинчиден, ошонун эле тескериси – илгеркилер менен тең-тайлаштырып көрүүгө, азыркы кишилерден жоголгон изги сапаттарды илгеркилерден издеп табууга шарт түзүлөт. Демек, ушул ниет-тилектерди ишке ашыруу керек.

Талдоого ыңгайлуу болсун үчүн текстти бир нече бөлүктөргө шарттуу түрдө бөлүп карайбыз.

***Тексттин биринчи бөлүгү.*** Адегенде “Бугу-Энедеги” окуянын мезгили, орду аныкталат. Сабак көбүнчө суроо-жооптон турат.

Окуя качан өтөт? Тексттен жооп: “Бул жомок эзелки окуя”. Атам заманда өтөт.

Окуя кайда өтөт? Тексттен жооп: Сибирь деген жерде, Энесай деген өзөндүн боюнда өтөт.

– Ал аймак бизден канча алыстыкта жайгашкан?

– “Атчан адам аерге үч жыл, үч ай жол жүрүп араң жетет”.

Демек, алыс жол. Бул алыстык окуучулардын эсинде болууга тийиш, анткени анын сыры кийин ачылмакчы.

– Ошол мезгилдин жаратылышы, табияты кандайча сүрөттөлөт?

– “Жер бетинде чөптөн токой көп, кургак жерден суу көп болуп турган кез”.

– Эсиңерге түйгүлө: “Эмне үчүн ошол токойлор азайды?” (бул суроону талкуулоо керек).

– Айткылачы, эмне үчүн “Улуу уруу кыргыз журту” деп айтылат?

– Себеби, кыргыздар көп болгон, алар баарын жеңип, эч кимге жеңилбей жашаган.

*Окуучуларга тапшырма:* Текст боюнча доордун белгилерин табуу:

– “ар уруу эл жашап турат”;

– “бирин-бири чаап алган, бири-бирин талап алган”;

– “кези келгенде аттанып казат жүрүп”;

– “касташкан уруунун үйүн өрттөп, күлүн көккө сапырып, элин кырып, жылкысына тийип, малын айдап кетчү”;

– “эр өлтүрүү эрдик саналып, кишини киши аябай, адамды адам тукум курут кылмай”;

– “адам каны суудай агып, көк кашка суу жошолонуп, ак-сары гүл манаттанып, бөрүдөй тытышкан”;

– “эгин эгип, түшүм жыйнар, мал багып, мергенчиликтен олжо таап келер эр бүлө калбай”;

– “эл тукуму сооло берет”;

– “буту менен басып, мурду менен тынгандын баары тынч эмгекти таштап салып, жоокерчилик, талоончулук менен күн көрүп калыптыр”;

– “өлтүргөндүн өчү бар, төгүлгөн кандын куну бар”;

– “өчөгүшкөн тили буруу, кырк уруу бирин бири мойсоп бүтмөйүнчө тынчый албай калган”;

– “адамдардын акыл эси канга уугуп турган”;

– “кашташканды жараштырар жан чыкпай”;

– “душманын капылеттен чаап алган, бөтөн урууну тукум курут кырып, мал-мүлкүн талап алгандар гана кеменгер атыккан”.

Тексттен замандын, доордун жалпы белгилерин көрсөткөн учурлар табылды. Эми таяныч, өтө маанилүү делген фразеологиялык сөз айкаштары, түрмөктөр мугалим тарабынан чечмеленүүгө тийиш, ансыз текст толук түшүнүктүү болбой калат. Алар: чаап алуу; талап алуу; казат жүрүү; күлүн көккө сапыруу; элин кыруу; жылкысына тийүү; малын айдап кетүү; эр өлтүрүү; тукум курут кылуу; адам каны суудай агуу; суу жошолонуу; гүл манаттануу; бөрүдөй тытышуу; эл тукуму соло берүү; өчөгүшүү; тили буруу; мойсоп бүтүү; канга уугу.

*Төмөнкү макалды чечмелөө:* “Өлтүргөндүн өчү бар, төгүлгөн кандын куну бар”.

Жогорудагылардын маанисин туура түшүндүрүү үчүн мугалим К. К. Юдахиндин сөздүктөрүн, К. Карасаевдин “Накыл сөздөр” аттуу эмгегин, кыргыз тилинин түшүндүрмө жана фразеологиялык сөздүктөрүн пайдаланганы бир кыйла максатка ылайыктуу болот, ошондой эле айрым проблемалык суроолорду коюп (М.: “Адамзаттын тарыхы – согуштардын тарыхы” дейбиз, а эмне үчүн адамдар согушат? Башка элдин малын талап, журтун чаап, кызын күң, жигитин кул кылып аткан адамдарды эмне үчүн баатыр дейбиз,

баатырлыкты сен кандай түшүнөсүң? Азыр ошол жоокерчилик заман болуп калганда сен эмне кылар элең? ж.б.) чечмелөө керек.

*Салыштыруу үчүн окуучуларга суроо:* Биздин ата-бабаларыбыз башынан өткөргөн соңку согушта (1941-1945-жылдар) колдонулган негизги куралдар кайсылар болгон жана согуш кандайча жүргөн, ал эми “Бугу-Энеде” көрсөтүлгөн замандагы согуш куралдары кайсылар жана алар кандайча согушкан?

Жогорудагы маселелерди талкуулоо менен мугалим өз аңгемесинде, суроо-жооп сукбаттарда, окуучулардын сөздөрүндө, тексттен алынган мисалдарда “Бугу-Эне” жомогунун кириш бөлүмүн – өткөн заманды, ошол замандын жалпы өзгөчөлүгүн түшүнүшөт, бул бөлүмдөгү эң сонун фразеологиялык түрмөктөрдү мугалим да, окуучу да колдоно алууга, речтеринде пайдалана билүүгө жетишүүсү керек.

***Тексттин экинчи бөлүгү.*** Бул бөлүк күтүлбөгөн окуянын кабары. Жогорудагыдай заманда, кыйын кезен күндөрдө чер токойдо бир куш пайда болот.

*Куштун белгилери:* сыйкырдуу куш, адамча сүйлөйт, бирде ыйлайт, бирде ырдайт.

*Куштун сөзү:* “Алаамат болор!” “Алаамат болор!”

Окуучулар үчүн бул куш табышмактуу куш, ал мифологиялык белгини алып жүрөт (сүйлөйт, ырдайт, жамандыктын кабарын берет). Демек жазуучу мында жомоктук ыкманы колдонот, текстте бурулуш окуянын кабары келет.

*Таяныч сөздөр:* алаамат болуу, кара түн түшүү.

***Тексттин үчүнчү бөлүгү.***

– Ошол күн кандай күн эле?

– Кыргыз уруусу аза күтүп Күлчө баатырдын сөөгүн жерге бергени жаткан.

*Күлчөнүн эпитеттери:* “Эл атасы”, “Журт эгеси”, “Сан колдун башчысы”, “Баатыр”, “Карт баатыр”.

*Күлчө баатырдын иш-аракети:* кол баштап нечен казат жүргөн, нечен айыгышкан чабыштан жеңиш менен чыккан.

*Күлчө баатырдын азасы:* “кыздар кызыл кийинип, катындар кара кийинип”, “ак асаба найзалар кара түпөк байлашты”.

*Күлчө баатырды көмүү ырасымы:* “Сөөгүн жабыла көтөрүп”, “Эне-Сайды бойлотуп өткөрмөк”, “Чымын жаны көккө учуп кетер алдында эне болгон өзөнменен коштошуп алсын, ата болгон мекен менен коштошуп алсын” дешти, “Көрү бийик дөбөнүн чокусуна коюлмак”, “Үстүнө чулу корум таштан Таш-Баба орнотулмак”, “Кыз-келиндер чурулдап кошок кошуп, уландар жер дүңгүрөтө өкүрүп коштошмок”.

*Күлчө баатырдын эпикалык образы:* Аны көмүүгө алып жөнөгөндө “кадимки жоого кирген салтындай кернейлер озоңдоп, добулбастар дүңкүлдөп, жер жарылар үн чыкмак. Тайга-токой чайпалып, канаттуунун баарысы күндүн бетин көрсөтпөй үркүп учмак, жолборстору күркүрөп, камандары коркулдап, туңгуюк черге жите качмак, тоо жаңырып, жер көчмөк, өзөн толкуп, алай-дүлөй бороон сокмок”.

Мындагы окуучуларга жеткирүүчү негизги нерселер – Күлчө баатырдын зоболосунун бийиктиги, анын өлүмү улуу кыргыз журтун баш коштурушу, байыркы кыргыздардын өлүк көмүү салты.

*Тексттин ушул бөлүмүн ачып берүүдөгү методикалык кээ бир ыкмалар:*

1. Улуттук каада-салтка байланыштырып айрым түшүнүктөрдүн маанисин чечмелөө. М.: кыздардын кызыл кийиниши, катындардын кара кийиниши (кара, кызыл кийимдердин символдук маанилери); сөөктү бийикке коюу; Таш-Баба орнотуу; кыркаар тартып үй тигүү; ак асаба найзаларга кара түпөк байлап түндүктөн чыгарып коюу; сөөктү алып өтүп баратканда асаба-тууну баатырга баш ийдирүү; кыз-келиндер кошок кошуу, уландар өкүрүү; дөбөнүн чокусуна жеткенге чейин ар бир үйдүн оропарасында баатыр менен коштошмок; түпөктүү найзалардын сөөк чыгар ооздо эки бет катар тизилиши; баатырдын жоо жарактарынын алып чыгылышы; баатырдын аргымагынын белен турушу; аргымакка кара жабуунун жабылышы; сөөктү алып чыкканда

жоого кирген салтындай кернейлердин озоңдоп, добулбастардын дүңкүлдөшү; кошокчулардын чачтарын жазышы; чоролордун табытка ийин тосуп, сыңар тизелей укуюп отурушу; кара ашына чалынар төрт түлүк малды тогуздап байланып турушу.

Жогорудагы салттык көрүнүштөрдүн чоо-жайын, тарыхын чечмелөө мугалим үчүн да оңойго турбайт, ошондуктан ал археология, тарых багытындагы илимий эмгектер менен (С. М. Абрамзон, Ю. Н. Худяков ж.б.) тааныш болгону оң.

2. Окуучуларды Күлчө баатырдын доорундагы сөөк көмүү ырысымы менен азыркы салтты салыштырып оозеки сүйлөтүү керек.

3. Төмөнкүдөй суроолорду талкуулоого болот:

а) Күлчө баатырдын өлүмү эмне үчүн айыл-айыл болуп олтурган урук-урук кыргыз журтун бириктирди?

б) Эл эмне үчүн Күлчө баатырдын сөөгүн урмат менен көмүүгө топтолду?

в) Күлчө баатырдын ордун ким басат деп ойлойсуңар?

г) Кыргыз тарыхында, оозеки чыгармачылыгында Күлчө баатырга окшогон кимдерди билесиңер? ж.б.

4. Фразеологиялык сөздөрдүн маанисин, колдонулуш максатын ачуу.

5. Таланттуу окуучулар үчүн тапшырма:

а) Күлчө баатырды жоктоп кошок жазуу;

б) Күлчө баатырдын керээзин жазуу;

в) Ушул эпизоддун негизинде сүрөт тартуу.

Тексттин үчүнчү бөлүмүндө али боло элек, жакында ишке ашмакчы окуя сүрөттөлөт. Ал али болобу, болбойбу, табышмак, экинчи бөлүмүндө сыйкырдуу куш алааматтын кабарын айтып өткөн” [137, 31-35-бб.].

Демек текст-легенда кыргыз элинин тарыхый басып өткөн жолу менен, жалпы элдин адеп-ыйманы менен байланышат. Андыктан да интеграциялык мамилени күтөт...

“Бугу-Эне” уламышын өтүү менен кыргыздардын Эне-Сайдан Ала-Тоого көчүп келүүсүн жомоктук сюжетте көрүү менен бирге байыркы кыргыздардын

Эне-Сай доору, алардын ошол жердеги коомдук турмушу, тиричилиги, ички-тышкы душмандар менен күрөшүүсү сыяктуу маалыматтарды алат. Булар тууралуу түшүнүк 6-класста Т. Сыдыкбековдун “Көк асаба” романынан алынган “Таш күмбөздөр сүйлөшөт” деген үзүндүсүндө предметтин ички интеграцияланышы менен андан ары бекемделет.

Ошентип, “Бугу-Эне” уламышын тарых предмети менен интеграциялап окутуу менен окуучулар төмөнкүдөй патриоттук сезимдерге жана түшүнүктөргө ээ болушат:

– тарыхый маалыматтары тереңдейт;

– бугу уруусунун келип чыгышын түшүнөт;

– адамдар бири-бирин согуштан кырып алганын жана алардын ошол абалынан жаныбарлар (марал) куткарып калганын аңдап билет;

– жаныбарларга карата гумандуу сезими калыптанат, экологиялык патриоттук сезимдери жогорулайт.

### 3.2. Эксперименталдык иштердин жыйынтыктары

Эксперимент иштеринин үчүнчү этабында педагогикалык тажрыйбанын жыйынтыгын чыгардык. Эксперименталдык топтордо жүргүзүлгөн айрым чыгармачылык иштер төмөнкүлөр болду:

1. Кыргыз элдик оозеки чыгармачылыктагы патриоттук идеядагы макалдарды табуу. Бул тапшырманы аткаруу үчүн окуучуларга ошол багыттагы макалдарды жазып келүү тапшырмасы берилген.

2. “Манас” эпосундагы каармандардын баатырдык сапаттарын аныктоо.

3. Кенже баатырдык эпостордогу (“Курманбек”, “Эр Табылды”) башкы каармандардын мүнөзүн, аракеттерин талдоо.

4. Тексттерден патриотизмди чагылдырган саптарды табуу.

5. Фольклордук тексттердеги патриоттуулук идеялар менен азыркы турмушту салыштыруу ж.б.

Бул тапшырмалардын жыйынтыгы бир нече критерийлер менен текшерилди.

**3.5-таблица. – Окуучулардын кыргыз фольклорундагы патриоттук идеяларды өздөштүрүү боюнча билим деңгээлинин көрсөткүчтөрү, компетенттүүлүктөрү жана алардын критерийлери (10 баллдык баалоо системасы аркылуу)**

| № | Деңгээлдер | Чен-өлчөмдөрү (критерийлери) |
|---|---|---|
| **1.** | **Жогорку (7-10 балл)** | Окуучулардын окулган чыгармалардагы патриоттук идеялар боюнча түшүнүктөрүнүн толук болушу; чыгармалардын ичиндеги патриоттук ойдогу айрым саптарды, куплеттерди жатка толук айта алышы; оозеки жана сүйлөө кебинде окулган чыгармалардагы патриоттук идеяларды колдоно алышы ж.б. |
| **2.** | **Ортоңку (4-7 балл)** | Окуучулардын окулган чыгармалардагы патриоттук идеялар боюнча түшүнүктөрүнүн анчалык толук болбошу; чыгармалардын ичиндеги патриоттук ойдогу айрым саптарды, куплеттерди жатка толук айта албай калышы; оозеки жана сүйлөө кебинде окулган чыгармалардагы патриоттук идеяларды толук колдоно албашы ж.б. |
| **3.** | **Төмөнкү (4 баллдан төмөн)** | Окуучулардын окулган чыгармалардагы патриоттук идеялар боюнча түшүнүктөрүнүн жоктугу; чыгармалардын ичиндеги патриоттук ойдогу айрым саптарды, куплеттерди жатка айта албашы; оозеки жана сүйлөө кебинде окулган чыгармалардагы патриоттук идеяларды колдоно албашы ж.б. |

Ошондо калыптандыруучу эксперимент учурунда кыргыз элдик оозеки чыгармачылыктагы патриоттук идеяларды өздөштүрүү боюнча көрсөткүчү төмөнкүдөй болду (3.6-таблица).

**3.6-таблица. – Текшерүүчү (жыйынтыктоочу) экспериментте окуучулардын элдик оозеки чыгармачылыктагы патриоттук идеяларды табуу боюнча билимдеринин жана компетенттүүлүктөрүнүн көрсөткүчтөрү (% менен)**

| Байкоо тобу (БТ) | Эксперименттик топ (ЭТ) |
|---|---|

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Төмөнкү | Ортоңку | Жогорку | Төмөнкү | Ортоңку | Жогорку |
| 30% | 51% | 19% | 24% | 49% | 27% |

Бул калыптандыруучу этапта (эксперименттин экинчи этабы) материалдарды анализдөө жана синтездөө, салыштыруу, системалаштыруу, өзүн-өзү баалоо, ирettөө, билим деңгээлдеринин пайыздык катыштарын тактоо, такталган маалыматты математикалык-статистикалык жол менен иштеп чыгуу ишмердүүлүктөрү жүргүзүлдү.

Эксперименттин үчүнчү – текшерүүчү, же жыйынтыктоочу этабында кыргыз элдик оозеки чыгармачылыктагы патриоттук идеялар аркылуу окуучуларды патриоттук тарбиялоону ишке ашыруу боюнча биз түзгөн моделдин практикага жарактуулугу текшерилип, далилденип, синтез-анализ, салыштыруу, баалоо, тактоо жана такталган маалыматты дагы бир жолу математикалык-статистикалык жол менен аныктоо методдору колдонулду.

*Мында деңгээлдерди аныктоонун критерийлери (чен-өлчөмдөрү):*

– фольклордук текстти түшүнүү маданияты;

– окулган чыгарманын идеясын, темасын, мазмунун түшүнүүсү;

– каармандын патриоттук сапаттарын мүнөздөй алышы;

– патриоттук чакырыктарды талдай алышы;

– чыгармадагы патриоттук маанидеги көркөм сөз каражаттарын түшүнүүсү жана талдоосу;

– фольклордук чыгарманы жанрларга (жомок, дастан, табышмак, поэма ж.б.) ажыратуу;

– фольклордук чыгарманы кеңири жана кыскартылган пикир айта билүүсү;

– окулган чыгарманы башка чыгармалар менен салыштыруу;

– окуган чыгарма боюнча ар кандай деңгээлде жөнөкөй жана татаал план түзүү алуусу;

– патриоттук идеядагы чыгарманын негизинде макала, эссе, баяндама, доклад, дил баян жазуу;

– патриоттук идеядагы чыгарманын чакан үзүндүсүн жатка айтып берүү ж.б.

Окуучулардын кыргыз фольклордук чыгармаларынын негизинде *патриоттук тарбия алгандыгын бир топ критерийлер* менен текшердик (албетте, бул кыйын жана салыштырмалуу диагостикалоо болду):

– окуучулар менен аңгемелешип, алардын ой жүгүртүүлөрү анализге алынды;

– окуучулардын жазуу жумуштарын жана оозеки жоопторун анализдедик;

– бул же тигил окуучу тууралуу мугалимдердин, ата-энелердин, коомчулуктун пикирлерин эске алдык;

– окуучулардын коомдук турмушка катышуусуна баа бердик ж.б.

**3.7-таблица. – Окуучулардын патриоттук тарбия алышынын диагностикалык программасы**

| Тарбия алгандыктын көрсөткүчү | Калыптанган сапаттар жана деңгээлдер (3-деңгээлден нөлдүк деңгээлге чейин) |
|---|---|
| **Коомго карата мамиле** | |
| **1. Патриоттуулук** | |
| 1. Туулуп-өскөн жеринин (айлынын, шаарынын) жаратылышына мамиле | 3 – өз жеринин табиятын сүйөт жана коргойт, башкаларды да ошондой кылууга чакырат;<br>2 – өз жеринин табиятын сүйөт жана коргойт;<br>1 – мугалимдин, башкалардын жардамы менен өз жеринин табиятын коргоо ишине катышат;<br>0 – өз жеринин табиятын баалабайт жана коргобойт. |
| 2. Өлкөсүнүн өткөнүнө сыймыктануусу | 3 – өз өлкөсүнүн тарыхый өткөн турмушуна кызыгат жана аны менен сыймыктанат, ал тууралуу башкаларга мактаныч менен ар дайым айтып берет;<br>2 – өз өлкөсүнүн тарыхый өткөн турмушуна кызыгат;<br>1 – улуулардын үгүтү менен гана өз өлкөсүнүн тарыхый өткөн турмушу менен таанышат;<br>0 – өз өлкөсүнүн тарыхый өткөн турмушка кызыгуусу такыр эле жок. |
| 3. Кичи мекенине кызмат кылуу (айлына, | 3 – кичи мекенине кызмат кылууну өз милдети катары эсептейт жана кызмат кылат, башка |

| | |
|---|---|
| шаарынына, көчөсүнө ж.б.) | адамдарды да ошондой болууга үндөйт;<br>2 – кичи мекенине кызмат кылат;<br>1 – мугалимдердин же дагы башкалардын жардамы менен гана кичи мекенине кызмат кылууга катышат;<br>0 – кичи мекени үчүн кызмат кылууга аракеттенбейт. |
| 4. Окуган мектебине кам көрүүсү, жардам берүүсү | 3 – мектептин, класстын алдыда болушу үчүн ар кандай иштерине катышат жана башкаларды да катышууга үгүттөйт;<br>2 – мектептин, класстын иштерине катышып жүрөт;<br>1 – мектептин, класстын иштерине башкаралардын чакыруусу менен гана катышат;<br>0 – мектептин, класстын иштерине такыр эле катышпайт. |

Бул таблицадан окуучулардын патриоттук тарбиясын 4 түрдүү мамиледен, 4 критерий (3, 2, 1, 0 балл) менен өлчөдүк. Анын көрсөткүчүн төмөнкү 3.8-таблицада чагылдырдык.

**3.8-таблица. – Окуучулардын фольклордук чыгармалардагы патриоттук идеяларды өз турмушунда колдонуу деңгээлинин болжолдуу көрсөткүчү (% менен)**

| Деңгээл | Байкоо тобу (БТ) | | Эксперименттик топ (ЭТ) | |
|---|---|---|---|---|
| | Эксп. чейин (1-этап) | Эксп. кийин (3-этап) | Эксп. чейин (1-этап) | Эксп.кийин (3-этап) |
| Жогорку | 11,2 | 12,3 | 10,6 | 18,5 |
| Ортонку | 50,2 | 56,1 | 53,7 | 52,0 |
| Төмөнкү | 38,6 | 31,6 | 35,7 | 29,5 |

Бул таблицадан көрүнүп тургандай – окуучулардын фольклордук чыгармалардын негизинде патриоттук тарбия алгандыгынын деңгээли байкоо тобунда жогорку деңгээл экспериментке чейин 11,2 пайыз болсо, эксперименттен кийин 12,3 пайыз болуп, өсүш 1,1 пайызды түзсө, эксперименттик топто 10,6 пайыздан 18,5 пайызга чейин өсүп, жогорулоо 7,9

пайызды түзгөн. Төмөнкү деңгээл болсо эксперименттик топто (мунун тескерисинче экспериментке чейинки 35,7 пайыз, эксперименттен кийин 29,5 пайыз болуп, 6,2 пайызга түшкөн. Бул көрсөткүч биздин эксперименттер сунуш кылган ыкмаларыбыз, каражаттарыбыз жана жолдорубуз орточо 6-8 пайызга эффективдүү экендигин далилдеди.

## Үчүнчү бап боюнча тыянак

Кыргыз фольклорунун негизинде азыркы окуучуларды патриоттук тарбиялоо боюнча илимий изилдөөнүн соңку үчүнчү бапы теориялык жоболорду, сунуштарды мектеп практикасында эксперименталдык тажрыйба аркылуу текшерип көрүү ишмердүүлүгүнө арналды. Эксперименттен жүрүшү жана анын жыйынтыктары төмөнкүлөрдү көрсөттү:

*Биринчиси,* кылымдар бою элдик тарбиянын баалуу булагы болгон фольклордук мурастар азыркы жаштардын кызыгуусун анчалык жарата албай келет, анын себептери: массалык маданияттын таасири; фольклордук чыгармаларды окуп-үйрөтүү процессинин эффективдүү жолдорунун, ыкмаларынын жана каражаттарынын мектептерде кеңири колдонулбай жатышы; балдардын эне тилин өздөштүрүү деңгээлинин жылдан жылга төмөндөп баратышы; окуу программасындагы, окуу китептериндеги кенемтелер ж.б. Бул бапта мына ушул көрүнүштөр боюнча мектептердеги жалпы абал текшерилип, алардын жыйынтыгы көрсөтүлдү.

*Экинчиси,* элдик фольклордук мурастар жаш муундарды патриоттук тарбиялоонун, алардын Ата журт алдындагы жоопкерчилигин сезүү сезимдерин өстүрүүнүн булагы жана каражаты катары азыркы ааламдашуу доорунда өзгөчө актуалдуу күчкө ээ болуп жатат, демек, мына ошол байлыктарды толук ачып берүү окуу-тарбия процессин жүргүзүп жаткан бардык тиешелүү адистердин, ата-энелердин, коомчулуктун биргелешкен аракетинин натыйжасы болуп эсептелет.

*Үчүнчүсү,* фольклор аркылуу патриоттук тарбиялоо бир катары тарбия системаларынын (атуулдук-патриоттук; аскердик-патриоттук; социалдык-

патриоттук; баатырдык-патриоттук, адеп-ахлактык-патриоттук; экологиялык-патриоттук, тарыхый-маданий-патриоттук) биримдигинен турат, ошондуктан бул ишмердүүлүктү оптималдуу жүргүзүү үчүн алардын гармониясын эске алып тарбия жүргүзүү зарылдыгын эксперименттер тастыктады.

*Төртүнчүсү,* патриот инсанды жетилдирүү үчүн фольклордук чыгармалар аркылуу анын руханий дүйнөсүн тазалап, турмушка жана мекенге карата атуулдук сезимдерин өнүктүрүү, жүрүм-турумун оң жакка активдештирүү зарыл экендиги аныкталды.

*Бешинчиси,* биз изилдеген проблема – окуучуларды элдик оозеки чыгармалар аркылуу патриоттук тарбиялоо мугалим – ата-эне – коомчулук биримдигинин комплексин талап кылат, бул иш мектепте, класстан тышкаркы жана мектептен тышкаркы иш-чараларда, үй-бөлөдө танымсыз иш алып барууну талап кылат.

Үчүнчү бапта биздин жүргүзгөн эксперименталдык изилдөөлөр диссертациянын башында белгиленген божомолдордун (гипотезанын) тууралагын далилдеди. Эксперименттин жүрүшү биз белгилеген төмөнкүдөй педагогикалык шарттардын (мугалимдердин жана тарбиячылардын улуттук фольклор, фольклордун табияты, фольклордун тектери, түрлөрү жана жанрлары, фольклордун профессионалдык жазма адабияттан айырмаланып турган спецификасы тууралуу адабий-теориялык компетенттүүлүккө ээ болушу; мугалимдердин жана тарбиячылардын улуттук фольклордогу патриоттук идеяларды “көрө билиши” жана аны окуучуларга “көрсөтө билиши”; мектепте фольклордук чыгармалар окутулган предметтерде, биринчи кезекте, кыргыз адабиятында, билим берүү менен тарбиялоону биримдикте алып барышы; фольклордук материалдардын негизинде окуучуларды патриоттук тарбиялоо процессин класстан тышкаркы окууларда, мектептен тышкаркы иштерде үзгүлтүксүз пайдалануу оптималдуу экендигин көрсөттү.

# КОРУТУНДУ

Бул эмгек – улуттук фольклордук мурастар аркылуу азыркы окуучуларга патриоттук тарбия берүүнүн жолдорун, ыкмаларын, каражаттарын илимий-теориялык жактан негиздөөгө жана аталган ишмердүүлүктү чыгармачылык менен өркүндөтүүгө багытталган.

Изилдөөдө этнопедагогикалык, фольклористикалык эмгектердин табылгалары колдонулуу менен практикалык тажрыйбалар пайдаланылып, төмөндөгүдөй милдеттерди чечүүгө мүмкүнчүлүк түзүлдү:

*Биринчи милдет* фольклордук чыгармалардын элдик педагогикалык баалуулук экендигин, алардын азыркы ааламдашуу доорундагы таалим-тарбиялык функциясын аныктоону тереңдетүү жана теманын изилденишине, методологиялык таянычтарына обзор берүү болгондуктан, кыргыз элинин педагогикалык маданиятында оозеки көркөм чыгармачылык балдарды тарбиялоонун, анын ичинде патриоттук рухта тарбиялоонун бир булагы болуп келгендиги, элдик дастандар, жомоктор, макал-ылакаптар, санат-насыят ырлары калк турмушунун ажырагыс бир бөлүгү болуу менен кийинки муунду гармониялуу өнүктүрүүдө өзгөчө роль ойноп келгендиги белгиленүү менен мына ушул материалдык эмес байлыктар азыркы ааламдашуу доорунда да педагогикалык мүмкүнчүлүгү кеңири руханий казына болуп эсептелери айкындалды. Патриоттук тарбиялоодо улуттук фольклордун зарылдыгын жана мүмкүнчүлүгүн аныктоо болуп, мында кыргыз фольклорундагы Ата журт үчүн күрөш, эли-жерин баскынчылардан бошотуу, тууган жерге кусалык, сагыныч аркылуу патриоттук тарбиялоонун мотивдери, эпостордогу патриоттук тарбиянын салттуу көрүнүштөрү, каармандардын патриоттук сапаттары, патриоттук жактан үлгү образдар азыркы жаштарга алардын жүрүм-турумуна граждандык милдеттин жогорку өрнөктөрүнүн рефлекция жасоого стимул берүүчү мүмкүнчүлүгү бар экендиги тастыкталды.

*Экинчи милдет–* кыргыз фольклорунун чыгармалары аркылуу окуучуларды патриоттуулукка тарбиялоонун моделин жана педагогикалык шарттарын иштеп чыгуу. Элдик оозеки чыгармачылыкты окуп-үйрөнүү

процессинде окуучулар ата-бабалардын патриоттук сезимдеринин калыптанышы, турмуштагы орду сыяктуу баалуулуктар жөнүндө түшүнүккө ээ болот, мекендин, Ата журттун, туулган жердин, улуттук салттардын, жөрөлгөлөрдүн ар бир атуулдун инсан катары жетилүүсүндөгү функцияларын түшүнөт. Бул татаал ишмердүүлүктүн азыркы педагогикалык процесстеги модели инсандын көз караштык дөөлөттүк, когнитивдик (таанымдык), жүрүм-турумдук сапаттарынын биримдиги, аларды ишке ашыруунун принциптери, методдору катары аныкталды. Кыргыз фольклорунун чыгармалары аркылуу окуучуларды патриоттуулукка тарбиялоо ишмердүүлүгү мугалимдердин адабий чыгарманы талдоо методдору, окутуунун принциптери жана көркөм адабият аркылуу тарбиялоо жүргүзүү компетенттүүлүгүн биримдикте алып баруу шарты менен байланыштуу экендиги диссертацияда мисалдар менен көрсөтүлдү.

*Үчүнчү милдет* иштелип чыккан илимий натыйжаларды педагогикалык тажрыйба аркылуу текшерүү жана анын жыйынтыгынын негизинде илимий-практикалык сунуштарды иштеп чыгуу болгон. Эксперименталдык мектептерде жүргүзүлгөн сынактар кыргыз фольклорунун чыгармалары аркылуу окуучуларды патриоттук тарбиялоо ишмердүүлүгүндө көркөм текстти талдоо, интерпретация, аңгемелешүү, талкуу, диспут, рефлекция, текестти иллюстрациялоо, долбоор методу, сабак-сот, сабак-сахна, концептуалдык карта, кластер, аткаруучулардын чыгармаларын угуу жана талдоо, спектаклдерге жана кинолорго баруу ж.б. ыкмалар эффективдүү экендиги далилденди жана алар практикага сунушталды.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР:

1. Улуттук фольклордук мурастарды азыркы ааламдашуу доорунда тарбиялык булак катары окуп-үйрөтүүнү дагы тереңдетүү керек, бул жагында окуу программаларына, окуу китептерине материалдарды кеңири киргизүү зарыл.

2. Патриоттук тарбия боюнча илимий-теориялык жана методикалык багыттагы изилдөөлөрдү кеңири жүргүзүп, аларды мугалимдерге жеткирүү зарыл.

3. Кыргыз фольклорундагы патриоттук тарбия боюнча кыска сюжеттерден анимациялык жана көркөм фильмдерди, роликтерди тартуу, плакаттарды, альбомдорду чыгаруу – учур талабы.

4. Биздин изилдөөбүздө айтылган теориялык ойлорду жана сунуштарды практикада чыгармачылык менен колдонууну сунуш кылабыз.

# КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ

1. Alimbekov, A. «Manas» ve «Dede Korkut» destanlarinda ġġlenen türk halklari arasinda çocuk sahġbġ olmanin toplumsal değeri VI. Uluslararası TURKCESS Eğitim ve Sosyal Bilimler Kongresi 30 Ekim- 1 Kasım 2020/Istanbul/-s. s. 207-208

2. Абдуллаев, Х. Д. Взаимосвязи и типологические особенности узбекских и каракалпакских народных дастанов [Текст]: дис. ... д-ра филол. наук / Х. Д. Абдуллаев. –Ташкент, 1988. – 303 с.

3. Абдухамидова, Б. А. Адабий окуу [Текст]: кыргыз мектептеринин 2-классы үчүн окуу китеби / Б. А. Абдухамидова, С. К. Рысбаев, К. Ибраимова. – Бишкек, 2013. – 180 б. https://st-0. akipress. org/st_bilimlib/6/09e4dc830c6ac1ff3492794187c303295f0a1e11. pdf

4. Абдухамидова, Б. А. Адабий окуу [Текст]: кыргыз мектептеринин 2-классы үчүн окуу китеби / Б. А. Абдухамидова, С. К. Рысбаев, К. Ибраимова. – Бишкек, 2014. – 184 б. https://st-0. akipress. org/st_bilimlib/1/d310163651c1b0ad4c544e6fcbb070998122a3bb. pdf

5. Абдыкадырова Г. К. Адабият окуу курсунда эпосторду окутуунун методикасы (“Эр Төштүк”, “Эр Табылды”) [Текст]: пед. илим. канд. ... дис. автореф. / Г. К. Абдыкадырова. – Бишкек, 2015. – 19 б.

6. Абдылдаев, Э. “Манас” эпосунун историзми [Текст] / Э. Абдылдаев. – Фрунзе: Илим, 1987. – 157 б.

7. Абдылдаев, Э. “Манас” эпосунун тарыхый өнүгүшүнүн негизги этаптары [Текст] / Э. Абдылдаев. – Фрунзе: Илим, 1981. – 265 б.

8. Абдылдаев, Э. Кыргыз фольклорунун тарыхынан [Текст] / Э. Абдылдаев. – Фрунзе: Кыргызстан, 1983. – 96 б.

9. Абдымомунова, Г. А. “Манас” эпосунун негизинде жаштарды атуулдукка тарбиялоо [Текст]: пед. илим. канд. ... дисс. автореф. / Г. А. Абдымомунова. – Бишкек, 2009. – 19 б.

10. Абрамзон, С. М. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер [Текст] / С. М. Абрамзон. – Бишкек: Кыргызстан-Сорос фонду, 1999. – 895 б.

11. Адабият терминдеринин түшүндүрмө сөздүгү [Текст] / Ж. Шериев, А. Муратов. – Фрунзе: Мектеп, 1987. – 119 б.

12. Айдарова, М. Д. Башталгыч класстардын болочок мугалиминин кесиптик-инсандык сапаттарын калыптандыруунун педагогикалык негиздери [Текст]: пед. илим. канд. ... . дисс. автореф. / М. Д. Айдарова. – Бишкек, 2012. – 25 б.

13. Айтматов, Ч. Балалыгым [Текст] / Ч. Айтматов. – Стамбул, 2002. – 138 б.

14. Акматалиев, А. Манастын жети осуяты [Текст] / А. Акматалиев. – Бишкек: Шам, 1998. – 2-том. – 424 б.

15. Акматалиев, А. Баба салты, эне адеби: элдик салт [Текст] / А. Акматалиев. – Бишкек: Баласагын, 1993. – 220 б.

16. Акматалиев, А. Кыргыз адабияты: тарых жана мезгил [Текст]/ А. Акматалиев. – Бишкек, 2010. – 940 б.

17. Алимбеков, А. “Манас” – тарыхый географиялык билимдердин булагы [Текст] / А. Алимбеков // Манастаануу-фольклор таануу. – 2017. – № 3 – 116-128-бб.

18. Алимбеков, А. “Манас” салттуу педагогикалык терминдерди жана түшүнүктөрдү изилдөөнүн булагы катары [Текст] / А. Алимбеков // ОшМУнун Жарчысы. – 2014. – №3. – 2-чыг. – 5-10-бб.

